**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*

**УДК: 94:94 (5): 94 (575.2)**

**Кубанычбек уулу Нурсултан**

# КОЛОНИАЛДЫК ДООРДОГУ “АСКЕРДИК-ЭЛДИК БАШКАРУУ” СИСТЕМАСЫ, АНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**(Фергана облусунун материалдарынын негизинде; XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы)**

**07.00.02 – Ата мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчиси:**

тарых илимдеринин доктору,

профессор Ж.Б.Алымбаев

Бишкек – 2024

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ........................................................................................................ 3

**I БАП. КОЛОНИАЛДЫК ДООРДОГУ “АСКЕРДИК-ЭЛДИК” БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНЫН ТАРЫХНААМАСЫ**

§ 1.1. Совет дооруна чейинки тарыхнаамасы ........................................................ 8

§ 1.2. Советтик мезгилдин тарыхнаамасы .......................................................... 15

§ 1.3. Постсоветтик доордун тарыхнаамасы ....................................................... 21

**II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

§ 2.1. Изилдөөнүн булактык базасы .................................................................. 32

§ 2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары ............................................ 46

**III БАП. ФЕРГАНА ОБЛУСУНДА “АСКЕРДИК-ЭЛДИК БАШКАРУУ” СИСТЕМАСЫНЫН УЮШТУРУЛУШУ, ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

§ 3.1. “Аскердик-элдик башкаруу” системасынын өзгөчөлүктөрү ...................... 56

§ 3.2. Фергана облусунун административдик-аймактык түзүлүшү .................... 66

§ 3.3. Фергана облусундагы кыргыздардын административдик бөлүнүшү ........ 77

**IV БАП. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЭЛДИК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ**

§ 4.1. Болуштук башкаруу .................................................................................. 94

§ 4.2. Айылдык башкаруу ................................................................................ 112

§ 4.3. Элдик сот түзүмү .................................................................................... 124

§ 4.4. Шайлоо системасы .................................................................................. 137

**КОРУТУНДУ** ................................................................................................... 152

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР ЖАНА БУЛАКТАР** ........................ 156

## КИРИШҮҮ

XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы кыргыз элинин тарыхында саясий, социалдык-экономикалык, маданий чөйрөсү ири өзгөрүүлөргө дуушар болгон мезгил. Кыргызстандын Россия империясына каратылышы менен кыргыз коому ири трансформациялык процесстерге учурап, өзгөчө империялык бийликтин жаңы административдик башкаруу системасынын киргизилиши менен салттуу башкаруу чөйрөсү ири өзгөрүүлөргө учураган. 1865-жылы Түркстан облусу, 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү менен колониалдык бийликтин жаңы башкаруу структурасы орносо, ал эми 1876-жылы Фергана облусунун түзүлүшү менен "аскердик элдик башкаруу" системасы бекемделип, өрчүгөн. Колониалдык бийлик тарабынан киргизилген "аскердик элдик башкаруу" системасы салттуу башкаруу тартибин бузуп, жергиликтүү башкаруу органдарын түзгөндүгүнө карабастан саясий маанидеги чечимдер бийлик өкүлдөрү тарабынан кабыл алынган. Учурда өткөн тарыхыбызга жаңы тарыхый көз караштан баа берүү, советтик доордогу айрым концепцияларды кайра карап чыгуу зарылдыгы коомдук талап болуп, муктаждык жаралып жаткан мезгилде Фергана өрөөнүнүн мисалында Россия империясы тарабынан киргизилген "аскердик-элдик башкаруу" системасынын түзүлүшүнө, анын маңызына, жергиликтүү башкаруу органдарынын функцияларына, шайлоо процессинин натыйжаларына жаңы позициядан баа берүү актуалдуу маселелердин бири.

2024-жылы 2-февралда президентибиз С.Жапаров тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу тарых илимин өнүктүрүү боюнча Комиссияны уюштуруу жана Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын "Мурас" Фондун түзүү жөнүндөгү жарлыгында (толукталган): "Кыргыз Республикасынын тарыхы боюнча фундаменталдык илимий эмгектерди, окуу китептерин жана жаңы муундагы окуу куралдарын даярдоо жана басып чыгаруу" талабы көрсөтүлүп, комиссиянын алдына бир катар милдеттер жүктөлүшү элибиздин тарыхын тереңдетип изилдөө, учурдун талабы экендигинин күбөсү болуп саналат. Ушул өңүттөн алып караганда, Кыргызстандын Россия империясынын курамы мезгилиндеги административдик

башкаруу системасын тереңдетип изилдөө, тарыхый процесстерге илимий баа берүү Кыргызстандын постсоветтик доордогу тарыхнаамасында актуалдуу илимий маселелердин бири болуп саналат.

Постсоветтик доордогу Кыргызстандын тарыхнаамасында “аскердик-элдик башкаруу” системасына, анын өзгөчөлүктөрүнө, өзгөчө Фергана облусунун мисалында өз алдынча изилдөө жүргүзүлбөгөндүгү, аталган илимий маселенин коомдук да, илимий да талабы жогору экендигин айгинелеп турат.

**Изилдөөнүн максаты:** Фергана облусунун материалдарынын негизинде “асердик-элдик башкаруу” системасынын уюштурулушуна, жергиликтүү башкаруунун түзүлүшүнө, анын натыйжаларына анализ берүү

Изилдөөнүн алдына коюлган максатты ишке ашырууга төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

- “Аскердик-элдик башкаруу” системасынын изилдениш абалына тарыхнаамалык баа берүү;
- Изилдөөнүн булакнаамалык базасына жана колдонулган методдорго анализ жасоо;
- Фергана облусунун административдик-аймактык түзүлүшүнө талдоо жүргүзүү;
- Фергана өрөөнүндөгү кыргыздар жашаган аймактардын административдик-аймактык бөлүнүшүн жана калкын изилдөө;
- Болуштук башкаруунун өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүү;
- Айылдык башкаруунун өзгөчөлүктөрүн иликтөө;
- Элдик сот системасына анализ жүргүзүү;
- Жергиликтүү башкаруу органдарына жүргүзүлгөн шайлоо процессине талдоо жүргүзүү
- “Аскердик-элдик башкаруу” системасынын натыйжаларына баа берүү.

**Изилдөөнүн мезгилдик алкагы:** Диссертациялык иликтөөнүн хронологиялык алкагы XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башы. Анткени, ушул мезгилде падышачылык Россиянын каратып алуусу менен жаңы административдик башкаруу системасы киргизилген.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи** жана **изилденүү деңгээли** иштин I жана II баптарында өз алдынча кеңири кароого алынат.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси:** Диссертациялык иштин материалдары, андагы илимий жоболор, көз караштар жана жыйынтыктар Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда, окуу-усулдук куралын жазууда, жогорку окуу жайдын тарых, юриспруденция багытында окуган студенттери дипломдук жана магистрлик иштерди жазууда колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- Кыргызстандын тарых илиминде алгачкылардан болуп колониалдык доордогу "аскердик-элдик башкаруу" системасы изилдөөнүн оъектиси катары каралып, жаңы тарыхый булактар илимий айлампага киргизилди;

- Фергана облусунун уезддеринде, болуштуктарында жашаган кыргыздардын саны, ошол мезгилдеги болуштуктардын административдик бөлүштүрүүсү, алардын бүгүнкү административдик-аймактык чектери такталды.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:**

- Революцияга чейинки тарыхый булактарды пайдалануу менен Фергана облусунун уезддеринде, болуштуктарында жашаган кыргыздар, отуруктшкан калктар жана административдик бөлүнүштөрү боюнча маалыматтар топтоштурулуп, анын негизинде №3.1., №3.2., №3.3., №3.4., №3.5., №3.6. диаграммалар, №2.1., №2.2., №2.3. жана №3.1., №3.2., №3.3., №3.4., №3.5. таблицалар түзүлдү.

- Жергиликтүү башкаруу структурасына кирген болуштук башкаруу, айылдык башкаруу органдарынын, элдик сот системасынын структуралары боюнча №4.1., №4.2, №4.3. схемалар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы:** Диссертациялык изилдөөнүн кээ бир жыйынтыктары, маанилүү сунуштары Эл аралык жана Республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды. Эмгектин мазмуну боюнча жергиликтүү жана чет элдик журналдарга илимий макалалар жарыяланды.

**Коргоого коюлган жоболор:**

1. Россия империясынын Түркстанга киргизилген “аскердик-элдик башкаруу” системасы алгач каратып алуу жана орус бийлигин бекемдөө процессинде мүмкүн болгон каршылыктарга, кооптуулукка туруштук берүүгө ылайыктуу башкаруу системасы болуп, кийин оторлоштурууну андан ары толук ишке ашыруу үчүн да зарылдык катары сакталган.

2. “Аскердик-элдик башкаруу” системасынын “элдик” деп аталган жергиликтүү башкаруу бөлүгү аталган системанын ажырагыс жана “керектүү” бөлүгү болуп эсептелген. Жергиликтүү башкаруу өз кезегинде болуштук жана айылдык баскычта уюшулуп, башкарууда колониалдык бийликтин күчөө жана жергиликтүү (туземдик) бийликтин төмөндөө шартында жүргөн.

3. Фергана өрөөнүндөгү көпчүлүк кыргыздардын арасында болуштук башкаруучуларды “миң башы”, айыл старчындарын “амин” деп аташкан. Бул Кокон хандыгынын саясий-башкаруучулук түзүлүшү кыргыздардын турмушунан терең орун алгандыгын, колониалдык доордо айрымдары калк арасында расмий эмес түрдө сакталып калгандыгын түшүндүрөт.

4. Фергана өрөөнүндөгү кыргыздарда элдик соттордун эки тиби: тоолуу аймактарда бий соту, отурукташкан аймактарда казы соту өкүм сүргөн. Кокон хандыгы мезгилинде хандыктагы соттук түзүмдүн жана өрөөндөгү башка калктар менен болгон социалдык, маданий тыгыз алакалардын натыйжасында өрөөнүндөгү кыргыздар да казы сотторуна өтүшкөн.

5. Фергана облусун башкарууда отурукташкан жана көчмөн калкка өзүнчө, ошол эле учурда жалпылыкка ээ башкаруу эрежелери болгон. Мындагы кыргыздар алгач көчмөн калк катары эсептелгендигине карабастан, улам барган сайын отурукташкан кыргыз айылдары, болуштуктары көбөйүп турган. Отурукташкан делген кыргыздар чындыгында жарым отурукташкан мүнөзгө ээ болгон.

6. “Аскердик-элдик башкаруунун” негизинде жергиликтүү башкаруунун уюшулушу жергиликтүү калк үчүн да, орус бийлиги үчүн да ийгиликтүү боло берген эмес. Өзгөчө, жергиликтүү элдин үстүнөн эки жактуу эзүүгө алып келген бул башкаруу системасы карапайым калк арасында терс маанайды жараткан.

Ошондой болсо да орус бийлигине “жардамчы” жергиликтүү башкаруу органдары орус бийлигинин көзөмөлү астында совет бийлигине чейин иштеген.

7. Жергиликтүү башкаруу органдарына шайлоо системасынын киргизилиши кыргыз коомчулугунда жаңылык болгон. Артта калган уруулук-патриархалдык түзүлүштөр акырындап бузула баштаган. Бирок, шайлоолор көпчүлүк учурда формалдуу болуп, тигил же бул кызмат оруну уездик жана облустук башкаруучулардын чечиминен көз каранды болгон. Анткени, шайлоо өнөктүгүндө орус бийлик өкүлдөрүнүн, жергиликтүү башкаруучулардын, шайлоочу өкүлдөрдүн (элүү башы, он башы) арасында коррупциялык схемалар ж.б. мыйзамсыз иш аракеттер кенен жайылып, шайлоонун негизги принциптеринен четтеп кетишкен.

8. Россия империясынын “аскердик-элдик башкаруу” системасы кыргыз коомчулугу үчүн эки жактуу натыйжаларга алып келген. Кыргыздар уруулук мүнөздөгү саясий түзүлүштөн борборлоштурулган мамлекеттүүлүктүн жана мыйзамдуулуктун (орус мамлекетинин) шартында жашоого адаптацияланышкан. Аймактык принцип менен бөлүштүрүү жана башкаруу кыргыз урууларынын ортосундагы өз ара чабышууларды, барымталарды ж.б. трайбалисттик көрүнүштөрдү оздуктаган. Экинчи жагынан алганда, колониалдык доордогу “аскердик-элдик башкаруу” системасы кыргыз коомчулугунун ар кайсы аспектисинде улуттук өз алдынчалуулуктун өнүгүшүн токтоткон. Башкаруу системасынын “элдик” бөлүгү иш жүзүндө орус “аскердик” бийлик өкүлдөрүнүн жардамчылары болуп калышкан. Аларга өткөрүлгөн шайлоолордо анын негизги принциптерин бузган жапайы аракеттер, мурда болуп көрбөгөн паракорчулук иштер жайылган. Натыйжада жергиликтүү башкаруу органдарына акчалуулардын келишине жол ачылып, көпчүлүк учурда татыксыз башкаруучулар ээлешкен.

**Эмгектин түзүмү жана көлөмү:** Диссертациялык иш киришүү бөлүмүнөн, 4 баптан, 12 параграфтан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат жана 170 бетти түзөт.

# I БАП. КОЛОНИАЛДЫК ДООРДОГУ “АСКЕРДИК-ЭЛДИК” БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНЫН ТАРЫХНААМАСЫ

XIX к. аягы – XX к. башындагы колониалдык доордогу “аскердик-элдик башкаруу” системасы, анын натыйжалары аттуу илимий маселенин изилдениш деңгээлине тарыхнаамалык анализ берип жатып, илимий маселенин айрым өзгөчөлүктөрүнө токтолуп кетүү зарыл. Россия империясы XIX к. 60-80 жж. аралыгында азыркы Борбордук Азия мамлекеттеринин аймагын каратып алып, аймакты башкаруу үчүн жаңы административдик башкаруу системасын киргизгендиги белгилүү. Россия империясынын Борбордук Азияга карата жасаган басып алуучулук саясатынын негизги стратегиясы, административдик башкаруу системасынын түпкү принциптери аталган аймак үчүн бирдей болгон. Түркстан крайынын 5 облусу үчүн жалпы бир колониалдык мүнөздөгү саясат жүргүзүлгөн. Ал эми колониалдык саясатты изилдөө XIX к. аягынан тарта эле башталып ушул күнгө чейин уланып келүүдө. Жогорудагы өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен маселенин тарыхнаамасын революцияга чейинки, советтик жана постсоветтик доордогу изилдөөлөргө бөлүп кароо тарыхый логикага толук жооп берет деп эсептейбиз.

## 1.1. Совет дооруна чейинки тарыхнаамасы

Совет дооруна чейинки доордогу эмгектерге тарыхнаамалык анализ берип жатып, аталган мезгилде “Кыргызтаануу” маселесине карата орус тарыхнаамасынын өкүлдөрү тарабынан булакнаамалык жана тарыхнаамалык мүнөздөгү эмгектер жарык көргөндүгү белгилүү. Ал доордогу эмгектерди Ж.Алымбаевдин пикири боюнча бир канча топко бөлүп кароого болот. Автор белгилегендей, кыргызтаануу маселелерин изилдеген Россия тарыхнаамасынын XIX - XX к. башындагы өкүлдөрүн алардын эмгектеринин социалдык багыты, мазмуну, авторлордун көз карашы боюнча төмөнкү топторго бөлүүгө болот: *чыгыштаануучу-изилдөөчүлөр, аскер-чыгыштаануучулар, орус саякатчылары, колониалдык администрациянын чиновниктери* [89, 47-53]. Колониалдык доордогу “аскердик-элдик башкаруу” системасы аскер-чыгыштаануучулар,

колониалдык администрациядагы чиновниктердин өкүлдөрү тарабынан макаладан тарта публицистикалык мүнөздөгү эмгектер, көлөмдүү өз алдынча жүргүзүлгөн изилдөөлөр жарык көргөн. Аталган автордук топтун өкүлдөрүнүн эмгектерине тарыхнаамалык анализ берүүгө аракет жасап өтөлү.

*Аскердик-чыгыш таануучулардын эмгектерине:* М.А. Терентьев, К. Абаза, А.И. Макшеев, Л.Ф. Костенко, А.Г. Серебренников, М.И. Венюков ж.б. аскер адамдарынын эмгектери кирет [140, 80, 121, 112, 134, 41]. Аталган авторлордун эмгектери негизинен согуш темасына арналып, аймактардын топографиясын, картографиялык түзүлүшүн, согуштук процесстердин жүрүшүн, хронологиясын, материалдык-техникалык базасын чагылдырышкан. Расмий (официалдуу) көз караштагы пикирлерди чагылдырганына карабастан, алардын эмгектеринде, отчетторунда, макалаларында баалуу тарыхый фактылар сүрөттөлөт.

Тарыхый кырдаалга байланыштуу аскер-чыгыш таанучулар аскердик иш менен илимпоздук, чыгармачылык ишти бирдей алып барышкан. Россия империясынын Түркстанга карата жасаган саясатын актоо максатында авторлор түрдүү пикирлерди сунуштаган. Алсак, А.И. Макшеев, М. Грулев, А.Е. Снесарев Россиянын Орто-Азияга карата жүрүшүн «этнографиялык», «табигый-географиялык» факторлордон улам жаралган зарылдык катары баалашып, Россия империясынын каратып алуу саясатынын себептерин тарыхый мыйзам ченемдүү көрүнүш катары караган. б) М.А. Терентьев, Ю.А. Гагамейстер, П.И. Неболосин, А.М.Горчаковдор болсо расмий көз карашты колдошуп, “тарыхый зарылдык” себептери менен катар, соода-экономикалык себептер негизгилердин бири болгондугун белгилешкен. в) А. Вамбери, Ф.Ф. Мартенстин пикири боюнча Россия Орто Азияда «цивилизатордук» миссияны аткаруу үчүн аскердик экспанция жасоого туура келди деген пикирди сунушташкан. Мындай пикирди А.М. Горчаков, Л.Ф. Костенко, Н. Маев ж.б. колдошкон. г) М.И Венюков [40], Д.И. Романовский [129] болсо “табигый чектерди коргоо” деген көз карашты сунуштап, көчмөндөрдүн тынымсыз чабуулунан улам падыша өкмөтү өзүнүн табигый чек арасын коргоо үчүн Отро Азияга карай умтулууга аргасыз болду

деген пикирди белгилешкен. Демек, революцияга чейинки авторлордун эмгектеринде Россия империясынын басып алуучулук саясаты туура жүргүзүлгөн тышкы саясат болгондугун расмий тарыхнаамада бекемдөө, аны пропагандалоо максатында жогорудагы “тарыхый зарылдыктар” гипотезаларын сунушташкан.

*Колониалдык администрациянын чиновниктеринин эмгектерине* К.П. Кауфман, Н. Южаков, А.Н. Гродеков, Г. Загряжсий, А.Г. Гейнс, К. Пален, Ф. Гирс, А.Н. Куропаткин, А.И. Брянов ж.б. эмгектерин кошууга болот. 1867-ж. Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлгөндөн кийин аймакка кызмат өтөө үчүн бир топ аскер адамдары жиберилген. Алардын баары аскердик билими бар, бирок баары эле согуштук иштерге катышкан эмес. Алар аймакта түздөн-түз колониалдык бийликти жүргүзгөн падышынын өкүлдөрү болушкан [88]. Аталган администрация чиновниктери, кызмат адамдары, белгилүү аскердик чини бар, ошол эле учурда колониалдык саясаттын жүрүшү, кемчиликтери, кабыл алынган укуктук-нормативдик документтер, саясаттын түпкү стратегиялык максаты боюнча эмгектердин авторлору болуп саналат. Белгилеп кетчү жагдай, аталган авторлор жалгыз эле Фергана өрөөнүндөгү аскердик-элдик башкаруу системасына эмес, Түркстан крайындагы жалпы башкаруу системасынын абалын, жүрүшүн, түпкү максатын сүрөттөшкөн.

Колониалдык доордогу тарыхый эмгектердин ичинен расмий-монархиялык багытта жазылган М.А. Терентевдин “История завоевания Средней Азии” [140] аттуу эмгегинде Түркстандык чиновниктердин кемчиликтерин сынга алып жазган материалдарды кездештирүүгө болот. Автор, генерал-губернатор К.П. Кауфмандан тартып уездик начальниктерге чейин өкүм сүрүп келген орус администрациясындагы бюрократиялык көрүнүштөрдүн орун алгандыгын белгилеп кеткен.

Россия империясынын Түркстан крайында жүргүзүп жаткан башкаруу системасынын 27 жылдыгына карата өз баасын берген авторлордун бири Н. Южаков болуп саналат. Автор аталган эмгегинде жергиликтүү калктын салттуу башкаруусуна токтолуп, ал башкаруу “анархиялык мүнөзгө” ээ болгондугун

белгилеп өтөт. Ал эми 1867-жылдыгы "Жободо" кабыл алынган жергиликтүү башкаруу тутумдары болгон болуштук, айылдык жана сот системасынын салттуу башкарууга караганда оң натыйжа берип жаткандыгына токтолуп кетет [79, с. 12]. Түркстан крайындагы 27 жылдык башкаруунун жыйынтыктарына баа берген автор, "биздин крайдагы башкаруунун эки өзгөчөлүгү бар: 1) айкөлдүк, жумшактык, жергиликтүү элге карата болгон камкордук, 2) жергиликтүү элдин ички турмушуна толук кийлигишпөө, тагыраак айтканда алардын үй-бүлөлүк жана диний ишенимдерине, же болбосо алардын ички турмушун толук эркиндикте коюу" [79, с. 83] - деген баа берген. Бирок автор, ошол эле эмгегинде Түркстанды колонизациялоонун түпкү максаты: "толук колонизациялабай туруп аларды ассимиляциялаштыруу, аларды толук кошуу, орусташтыруу мүмкүн эмес, бул болсо биздин түпкү максатыбыз" [79, с. 75] - деп белгилейт. Ошондуктан, автор крайды толук колонизациялоо зарыл экендигин белгилеп кеткен.

Жергиликтүү башкаруу органдарына өз баасын берген авторлордун бири Ф. Гирс болуп саналат. Өз учурунда Түркстан крайын текшерип (ревизия), колониалдык бийликтин жүргүзүп жаткан башкаруу системасына баа берген автор, текшерүүнүн натыйжасында кызыктуу фактыларды келтирип кеткен. Ф.Гирс өз отчетунда мындай фактыларды келтирет: "үч жылдын ичинде начальниктердин көрсөтмөсү менен облустагы 98 болуштук башкаруучудан өзүнүн милдетин так аткарбагандыгы, башкара билбегендиги, мыйзамга каршы жасаган аракеттери үчүн 45 болуштук башкаруучу кызматтан кеткен, же болбосо бул жалпы курамдын 45%ын түзгөн" [44, с. 66] - деп белгилеген. Автордун бул маалыматы Фергана облусундагы болуштук башкаруучулардын ишмердигине берилген мүнөздөмө болгон.

Ал эми Н.И. Крафт, Н. Вощинин, Н. Фиолетов, К. Пален, Ф. Гирс, Г. Загряжский [113, 42, 146, 63, 44, 49] ж.б. эмгектеринде болсо жергиликтүү башкаруу органдары болгон болуштук, айылдык жана салттуу сот тутумунун уюштурулушу, шайлоо процессинин жүрүшү, андагы кемчиликтерге анализ берүүгө чоң аракет жасашкан. Алсак, Түркстан крайындагы сот тармагынын

реформаланышы, кабыл алынган Жоболордогу сот системасындагы өзгөрүүлөр И.И.Крафтын эмгегинде баяндалат [113]. Анын көлөмдүү эмгеги Түркстан крайынын талаа облустарындагы (негизинен казактардын мисалында) сот тутумунун тарыхына кайрылуу менен 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлгөндөн кийин башталган реформаларга кеңири токтолуп кеткен. Автордун эмгегинен 1867, 1886-жылдардагы кабыл алынган Жоболордогу айырмачылыктар, жергиликтүү эл үчүн каралган жоопкерчиликтин түрлөрүнүн кеңейиши изилденет. И.И. Крафтын эмгегиндеги негизги маселелердин бири 1898-жылкы Жободо киргизилген элдик соттун ишмердиги, анын укуктарына анализ берүүгө жасалган аракети болуп саналат. Элдик соттун ишмердигине токтолгон автор, "орус сотун күч менен орнотуудан чочулаган эл, салттуу үрп-адаттарга таянган элдик сотко карата болгон ишеним сакталып келгендигин баса көрсөтүп кеткен" [113, с. 70]. И.И. Крафтын эмгегинде кыргыздарга тиешелүү конкреттүү фактылар келтирилбегендигине карабастан, Россия империясынын Түркстан крайындагы сот реформасынын жүрүшүн талдоого алган.

Революцияга чейинки авторлордун ичинен административдик кызматты аркалап, кыргыздардын салттуу соту, колониалдык бийлик мезгилиндеги элдик соттордун ишмердигин чагылдарган авторлордун бири Г.С.Загряжский болуп саналат. Автордун калемине кыргыздар боюнча кызыктуу макалалар таандык [51, 49, 50]. Г.С.Загряжскийдин эмгегинен кыргыздардагы салттуу сот бийлиги, андагы бийлердин ролу, адат укуктары, айып төлөө, кылмыш иштеринин түрлөрү, жаза ж.б. соттук иштерге байланышкан материалдарды кездештирүүгө болот. Салттуу сот бийлигине мүнөздөмө берүүдө, автор белгилегендей, кээде бийлердин чечими эмес, уруу башчыларынын, аксакалдардын чечими басымдуу болгондугуна токтолуп кеткен. Бул тууарасында автор: "кандайдыр бир иштин чечилиши укуктан көз каранды эмес, бардыгы окуяга, мамилелерге жараша болот. Бийлер сотунун мүнөзү ушундай, ал эч кандай адилеттүүлүккө кепилдик бербейт, керектүү учурда таасирдүү уруу башчылардын, аксакалдардын, уруунун, уруктун кийлигишүүлөрү боло берет" - деп жазат [50, с. 362-371].

Автор кыргыздардын арасында дагы эле болсо урук-уруулук аң-сезимдин күчтүү сакталып калгандыгын белгилөө менен бирге сот системасын реформалоону сунуштаган.

Кыргыздардагы урук-уруулук салттын бекем сакталып калгандыгын колониалдык администрациянын чиновниктеринин бири Н.И. Гродеков өз эмгегинде баса белгилеп кеткен. Н.И. Гродеков 1867-ж. кабыл алган «Жободон» кийин деле кыргыздардын арасында уруулук түзүлүш бекем сакталып, тескерисинче айрым болуштуктар бир эле уруунун эсебинен түзүлүп калгандыгына токтолгон [45, с. 15]. Аймактык принциптин негизинде болуштуктарды бөлүштүрүүдө, айрым чоң уруулар, бир болуштукту түзүшүп, иш жүзүндө ал болуштукта мурдагыдай эле өз манабына баш ийип келген учурлар көп эле болгон.

Фергана облусундагы элдик соттордун ишмердигене мүнөздөмө Давлетшиндин эмгегинде сүрөттөлөт. Күндөлүк формасында жазылган эскерүүдө автор көчмөн кыргыздардагы салттуу сот тутуму тууралсында кызыктуу материалдарды келтирет. Автор, Ош уездине караштуу кыргыздар жашаган болуштуктардагы элдик соттордун иши, алардын өкүлдөрү менен таанышкандыгын жазат. Ошол эле учурда автор, Ош уездинин аймагындагы кыргыздар мурун бийлер тарабынан соттолуп келишсе, эми өздөрүнө казыларды дайындашып, шарият боюнча сот иштери жүргүзүлүп жаткандыгы көрсөтүлөт [46].

Революцияга чейинки доордогу колониалдык администрациянын чиновниктерин кызыктырган темалардын бири - бул жергиликтүү органдарга карата жүргүзүлгөн шайлоо өнөктүгүн сүрөттөө болгон. Авторлордун дээрлик көпчүлүгү белгилегендей жергиликтүү калкка киргизилген эки баскычтуу шайлоо системасы элдин арасында бир топ эле наарazычылыкты жараткан. Бул тууралсында “Туркестанские ведомости” гезитине жарыяланган макалалар [36, 34, 38] күбө боло алат. Аталган макалаларга диссертациялык эмгектин булакнаамалык бөлүгүндө анализ берилмекчи.

Түркстан крайын каратып алуу процесси активдештирилип, аны башкаруу үчүн "Жоболордун" кабыл алынышы менен крайга жаңы административдик башкаруу системасынын жүрүшүн чагылдырган бир топ эмгектер жарык көрө баштаган.

Ал эми Н.И. Краф, Н. Вощининдин эмгектеринен болсо, жалпы Түркстан крайындагы сот, финансы системалары, жаңы административдик мекемелердин түзүлүшү жөнүндө кеңири маалыматтарды алууга болот. Революцияга чейинки орус тарыхнаамасынын өкүлдөрү болгон аскер адамдары, колониалдык бийликтин өкүлдөрү, айрым чыгыш таануучулар административдик саясат маселелерин атайлап изилдөөгө албаса да, тигил же бул меселени сүрөттөгөндө чагылдырып кетишкен. Бул доордун авторлору расмий тарыхнааманын өкүлдөрү катары, падышачылыктын саясатын колдоо менен, ал саясаттын прогрессивдүү жагдайларын гана чагылдырышкан. Россия империясы артта калган Түркстан элдерине "цивилизатордук миссияны" аткарып, бул аймакка "маданиятты" орнотуп жатат деген көз караш үстөмдүк кылып келген. Бул доордун авторлорунун көпчүлүгү профессионалдык даярдыгы жок болгондуктан, алардын эмгектеринде илимий изилдөө ыкмалары жок, окуяларды сүрөттөөдө илимий принциптерге таянышкан эмес.

Демек, революцияга чейинки доордогу эмгектерге анализ берип жатып төмөнкүдөй жыйынтыктарга келүүгө болот:

- *Аскер-чыгыштаануучулар эмгектерине*. М.А. Терентьев, К. Абаза, А.И. Макшеев, Л.Ф. Костенко, А.Г. Серебренников, М.И. Венюков ж.б. эмгектеринде Россия империясынын Түркстанга жасаган басып алуучулук саясатын, административтик саясатынын жалпы максатын, принциптерин, анын мүнөзүн жалпы коомчулуктун алдында туура жүргүзүлүп жаткан саясат болгондугун актоо, пропагандалоо үчүн расмий көз караштры чагылдырып, басып алуунун мотивдерин мыйзамченемдүү көрүнүш, тарыхый зарылдыктан улам жаралган тышкы саясат катары сүрөттөшкөн.

- *Колониалдык администрациянын чиновниктеринин эмгектери, крайды ревизия жасаган* К.П. Кауфман, Н. Южаков, А.Н. Гродеков, Г. Загряжский, А.Г.

Гейнс, К. Пален, Ф. Гирс, Н.И. Краф, Н. Вощинин ж.б. эмгектеринде болсо “аскердик-элдик башкаруу” системасынын тутумундагы жергиликтүү башкаруу органдары болуштук, айылдык, элдик сот системасы тууpасында кызыктуу материалдарды сүрөттөшкөн. Өзгөчө шайлоо системасындагы эки тараптын ортосундагы атаандаштыктын күчөгөндүгү, добуштарды сатып алуу өнөктүгүнүн башталгандыгы, акырындап салттуу сот бийлигин орустун мыйзамдарына баш ийдирүү саясаты жүргүзүлө баштагандыгын белгилеп өтүшкөн. Бирок, Фергана өрөөнүндөгү “аскердик-элдик башкаруу” маселеси өз алдынча атайын эмгекте катары каралган эмес.

### 1.2. Советтик мезгилдин тарыхнаамасы

Россия империясынын Орто Азиядагы административдик саясатынын жүрүшү, анын натыйжаларына карата советтик окумуштуулар тарабынан тарыхый булактарга негизделген илимий эмгектер жарыяланган. Жалпы эле советтик тарыхнаамада доордун саясий конъюнктурасына жараша тарых илимине карата жүргүзүлгөн идеологиялык көрсөтмөлөрдүн таасири астында Орто Азиянын Россияга каратылышы “кошулуу”, “ыктыярдуу кошулуу” аттуу илимий концепцияларга негизделинип, империянын административдик саясатына карата берген илимий баада бир бүтүн көз караш өкүм сүргөн эмес. Советтик тарыхнамамадагы жогорудагы өзгөчөлүктү эске алуу менен каралып жаткан маселени эки этапка бөлүп кароо зарылдыгы бар.

XIX к. Россия империясынын тышкы саясатын чагылдырган авторлордун катарына совет мезгилинин тарыхчы-марксисти, коомдук жана мамлекеттик ишмери М.Н. Покровскийди атоого болот. Окумуштуунун “Дипломатия и войны царской России в XIX столетии: сборник статей” аттуу эмгегинде Россия империясынын Орто Азиядагы саясатын ар тараптуу изилдеп, падышачылыктын “жергиликтүү элди ырайымсыз жазалоо”, “талап-тоноо” фактыларын арбын келтирген [128, с. 392]. Албетте, М.Н. Покровскийдин көз карашы жаңы гана калыптанып келе жаткан марксисттик идеологияны толугу менен колдогон эмес.

Ошого карабастан М.Н. Покровскийдин эмгегинен кийин, анын көз карашын колдогон бир катар эмгектер жаралган. Алардын катарына Г. Сафаров,

В. Лаврентьев, П.Г. Галузо, С. Муравейскийдин [133, 119, 93, 125] ж.б. эмгектерин кошууга болот. Аталган авторлордун изилдөөлөрүндө каратып алуу процессинин жүрүшү, улуттук-боштондук кыймылдар, колониалдык саясаттын айрым кесепеттери, соода капитализми тууралуу маселелер каралган. Аталган авторлордун айрымдары колониалдык мезгилдеги кандуу жазалоолор, кагылышуулар өкүм сүргөнүн сүрөттөп, "элдердин түрмөсүнө" айланган падышачылыктын саясатын сындап жазышкан.

П.Г. Галузонун "Туркестан колония" аттуу эмгеги Түркстан крайындагы мамлекеттик аппаратка мүнөздөмө берген эмгектердин бири болуп саналат. Түркстан крайындагы башкаруу аппаратын "Аппарат туземной власти" жана "Русский военно-чиновничий аппарат" - деп экиге бөлүп, Ф.К. Гирстин, К.К. Палендин ревизиялык отчетторундагы тарыхый фактыларга таянуу аркылуу тыянактарды чыгарган. "Аппарат туземной власти" аттуу бөлүгүндө болуш катары шайлануу үчүн добушту сатып алуу, түтүн башын искусстволук түрдө көбөйтүүнү белгилеп, "айрым жерлерде тартипсиздик уюштурулган, болушту шайлоо үчүн гонорар 7000 рубльга чейин жеткен" - деп жазат [93, с. 31]. Ал эми орус аскердик-чиновниктик аппараты да андан калышкан эмес. Болуштукту шайлоодо орус чиновнигин "майлоо" адатка айланган, анткени, шайлоонун жыйынтыгын уездик начальник чечкен [93, с. 35]. Орус чиновниги тарабынан ар кандай жолдор аркылуу пара алуу акчалай, натуралдык түрдө архи-деңгээлге жеткен [93, с. 35], деп белгилеген. Крайдагы башкаруу аппаратын мүнөздөп жатып, автор: "бул орнотулган "коомдук тартип" эл чарбасын өнүктүрүүнүн тескери жолуна, көчмөн-дыйкан чарбалардын өндүрүмүн жырткычтык жол менен соруп алуу жолуна түшкөн" [93, с. 37] - деген бүтүм чыгарган. Пара алуу кеңири жайылып, ал талап-тоноочулука кеңири жол ачкан. "Жергиликтүү аппарат менен жогорку чиновниктик аппарат бири-бирин гармония кылып турган, бул чындыгында бир эле жарым-феодалдык бийликтин учугу болгон" [93, с. 50] - деп орус чиновниктер, болуштук башкаруучулар тарабынан жүргүзүлгөн элди талап-тоноочулук мүнөзүнө баа берген. Белгилей кетсек, падышачылык бийликке берилген мындай мүнөздөмө 20-30-жж. тарыхый

эмгектерге мүнөздүү болгон. Чындыгында Ф. Гирстин, К.К. Палендин отчетторунда Түркстан крайында чарбалык маселелердин өнүгүшү үчүн укуктук базанын начар өнүккөндүгүн белгилешкен. Ревизиянын жыйынтыктары боюнча көптөгөн кемчиликтер көрсөтүлүп, өз учурунда башкаруу боюнча жаңы Жобону кабыл алуу сунушу берилген.

Ал эми Сафаровдун эмгегинде болсо Россия империясы үчүн “Түркстанды колониалдык объект” катары бааланып, өзүнүн өнөр-жай өндүрүшүнүн сырьесун сатуу үчүн аракет жасаса, бир жагынан империянын басып алуучулук саясаты крайды “ашыкча” жери менен колонизациялоо болгондугун белгилейт [133, с. 42]. Автордун пикири боюнча колонизациялоо көчүрүп келүү саясатын жүргүзүү зарылдыгын жараткан. Белгилей кетсек Г. Сафаров, В. Лаврентьев, П.Г. Галузонун эмгектери Россия империясынын Түркстан крайындагы саясатынын максаты колонизациялоо, талап-тоноочулук мүнөздө болгондугун баса белгилешкен.

20-30-жылдардагы эмгектер негизинен Россия империясын Түркстан крайын каратып алуу маселесине токтолушуп, империянын жүргүзгөн саясатын «каратып алуу» багытта жүргүзүлүп, «колониалдык» эзүүчүлүк мүнөздө болгондугун баалашкан. Көптөгөн илимий талкуулардан кийин советтик тарыхнаамада төмөнкүдөй пикир жаралган: орус эмес элдердин падышачылык Россияга кошулушу - бул «абсолюттук жамандык» (наибольшее зло) болгон. Советтик тарыхнаамада «абсолюттук жамандык» формуласы 30-жылдардын орто ченине чейинки жарык көргөн эмгектерде үстөмдүк кылып келген. Ошого карабастан колониалдык административдик саясаттын жүрүшүнө, анын мүнөзүнө баа берген эмгектер саналуу гана болгон.

Ал эми 30-жылдардын экинчи жарымынан тарта, совет мамлекетинде “буйрукчул административдик” башкаруу күчөп, тарыхый изилдөөлөргө карата болгон идеологиялык көзөмөл күчөй баштаган. 40-50-жылдары Россия империясынын Кыргызстандагы саясатынын айрым жагдайларына карата Б.Ж. Жамгерчиновдун, А.Г. Зиманын [96, 100] ж.б. макалалары жарык көргөн. Бирок бул эмгектерде падышачылыктын экономикалык, саясий, маданий

натыйжаларына боюнча так көз караштар болгон эмес. Маселен, А.Г. Зима Түркстанды колонизациялоонун аскердик-саясий маанисин баса белгилеген, анткени, Россия империясына кошулган аймактардан келип түшкөн пайдага караганда, мамлекет тарабынан жумшалган чыгымдар көптүк кылаарын баса белгилеген [101, с. 25]. Аталган эмгектерде империянын административдик саясаты, жергиликтүү башкаруу органдары сүрөттөлгөн эмес.

Советтик тарыхнаамадагы 50-80-жылдарда советтик окумуштуулар тарабынан Орто Азиянын Россияга каратылышы боюнча көлөмдүү монографиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, илимий сессияларда талкууланган. Советтик тарыхнаамада изилдөөчүлөр тарабынан “интернационализм”, “улуу орус эли”, “түбөлүк достук” түшүнүктөрүн колдонуу тенденциялары күчөп, каратып алуу саясатынын прогрессивдүү жактарын гана пропагандалоо, ошол доордун саясий конъюнктурасына туура келген.

Советтик-кыргыз окумуштуулары Б.Ж. Жамгерчинов, А. Хасанов, С. Ильясов, К. Үсөнбаев, А.А. Сапелкиндин, В.М. Плоских [95, 97, 147, 102, 143, 142, 132, 127] эмгектеринде Кыргызстандын Россияга каратылышы, жер маселеси, экономикалык саясат, кыргыздардын коомдук-экономикалык мамилелери, элдик-боштондук кыймылдар, кыргыз-орус байланыштары ж.б. кыргыз элинин XIX к. аягы - XX к. башындагы коомдук-саясий турмушун кеңири архивдик тарыхый булактардын негизинде изилдөөгө алышкан.

Түркстан крайындагы “аскердик-элдик башкаруу” системасынын натыйжасында азыркы Кыргызстандын аймагынын уездерге, болуштуктарга, айылдарга бөлүнүүсү К. Үсөнбаевдин [142] изилдөөсүндө чагылдырылган. “Территориально-административное устройства, населения” аттуу бөлүгүндө революцияга чейинки доордо Кыргызстандын аймагы 10 уездге, 4 облуска бөлүнгөн, ал эми Фергана облусунун Ош уездинде кыргыздар 42%, Андижанда 27%, Наманганда 19%, Маргалан 14%, Кокон уездинде 4% түзгөндүгүн көрсөтөт. “Кыргызстандын майда бөлүктөргө бөлүнүшү, деп жазат,- К.Үсөнбаев: падышачылыктын саясатынын колониалдык мүнөздө экендигинин далили, кыргыз элин өзүнүн социалдык, улуттук эркиндиги үчүн күрөшүүгө

бириктирүүгө жол бербөө болгон” [142, с. 44-45]. Албетте падышачылык бийлик “бөлүп жарып башкаруу” принцибин жүргүзгөндүгүн революцияга чейинки тарыхый булактар тастыктап турат. Ошол эле учурда автор тарабынан жергиликтүү башкаруу органдарынын функциясы, иштөө принциптерине кайрылбастан кыргыздардын коомдук-экономикалык мамилелерине терең анализ жүргүзгөн.

Колониалдык доордогу Россия империясынын Кыргызстандагы административтик түзүлүшү жана финансылык башкаруу масселесинин айрым гана жагдайлары А.А. Сапелкиндин “Аграрные отношения в Киргизии в начале XX века (1900-1917 гг.)” [132] аттуу эмгегинде айтылат. Административдик түзүлүшкө токтолгон автор, анын түпкү маңызын сүрөттөп жатып, мындай деп белгилейт: “Россия империясынын курамына кирген Кыргызстандын саясий жана мамлекеттик башкаруусунун негизинде “аскердик-элдик башкаруу” принциби жаткан, анын түпкү маңызы болсо жергиликтүү элди саясий мүнөздөгү эмес, бардык иштери боюнча башкаруу эл тарабынан шайланган (казы, бий, манап жана аксакалдарга) өкүлдөрүнө, жергиликтуу салтты сактоо менен башкаруу укугун берүү, ал эми башкаруунун негизги рычагы аскердик администрациянын колунда болгон [132, с. 27]. Автордун аталган мүнөздөмөсү тарыхнаамада белгилүү болгон колониалдык саясаттын түпкү маңызына берилген баа болуп саналат.

Жогорудагы авторлор XIX к. саясий тарыхы боюнча ири классикалык мүнөздөгү эмгектерди жаратышкан окумуштуулар. Бирок, Россия империясынын доорундагы жергиликтүү башкаруу органдарын изилдөөнү максат кылып коюшкан эмес, административдик саясаттын жүргүзүлүшүнүн айрым гана жактарын сүрөттөп кетишкен. Өзгөчө “аскердик-элдик башкаруу” маселеси өз алдынча изилдөөгө алынган эмес.

Россия империясынын Түркстандагы административдик саясаты өзбек тарыхчысы Х.Д. Садыков тарабынан изилденген [160]. Түркстан генерал-губернаторлугунун структурасы болгон: крайлык, облустук, уезддик, шаардык, айылдык, элдик сот башкаруу органдарынын түзүлүшү, функциялары, штаттык

курамы, жазалоочу органдары изилденет. Советтик тарыхнаамада Түркстандын каратылышы "прогрессивдүү" мааниге ээ деген үстөмдүк кылуучу көз карашка карабастан, Х.Д. Садыков: "Колониалдык администрациянын жергиликтүү элге болгон мамилеси падышачылыктын орус эмес элдерге карата алардын арасындагы мамлекеттүүлүктүн пайдубалын жок кылуу, маданиятын талкалоо, тилин жерүү, аларды караңгылыкта кармоо, акыры шартка жараша орусташтыруу болгон" [160, с. 21] - деген жыйынтыкка келген. Автордун мындай пикирине кошулууга болот.

"Аскердик-элдик башкаруу" системасындагы кыргыздардын салттуу сот системасынын тарыхы С.К. Кожоналиев [110] эмгектеринде сүрөттөлгөн. Алсак, автордун "Суд и уголовное обычное право киргизов до Октябрской революции" аттуу эмгегинде Кыргызстандын Россия империясына каратылганга чейинки жана каратылгандан кийинки доордогу адатка негизделген бийлердин тарабынан жүргүзүлгөн кылмыш, анын түрлөрү, жаза колдонуу анын түрлөрү, бийлер сотунун өндүрүш иштери чагылдырылган. Автор, сот функциясын аткарып келишкен бий институнун ишмердигине токтолуп, империянын курамына киргенге чейин ар бир уруунун, уруктун өз алдынча бийи болгондугун баса белгилеген. Бий институтуна сын көз караш менен карап, алардын ишмердиктерин сынга алган окумуштуу: "Кыргызстан Россия империясынын курамына каратылар алдында формалдуу жана иш жүзүндө мыйзам алдында ар кайсыл таптардын теңсиздиги өкүм сүргөн, феодалдык укук системасы орногон феодалдык мамлекет болгон" [110, с. 41] – деп белгилеген. Бийлер институту Россияга каратылгандан кийин падышачылыктын, орус буржуазиясынын жана помещиктердин куралы катары кызмат кылган" [111, с. 10] – деп баалаган. Ошол эле учурда Россиянын курамына каратылгандан кийин салттуу сот тутумун реформалоо иштери жүргүзүлүп, 1867-жылдагы Жобо боюнча элдик соттор: айылдык, болуштук жана бийлердин чукул чакырылган съездинен тургандыгын баса белгилеп өтөт [110, с. 22]. С.К. Кожоналиевдин аталган эмгектери советтик тарыхнааманын позициясында жазылгандыгына карабастан кыргыздардын салттуу коомундагы адат уктары, кылмыш, жаза иштерине терең талдоо

жүргүзгөн изилдөө катары баалоого болот. Демек, советтик доордогу тарых илимине карата жүргүзулүп келген идеологиялык көрсөтмөлөрдүн таасири астында колониалдык саясатка карата болгон тарыхый көз караштар төмөнкүдөй эки багытта жүргөндүгүн байкоого болот.

– 20-30-жж. тарыхнаамасында Россия империясынын Түркстандагы саясаты басып алуучулук, талап-тоноочулук мүнөздө болгондугун белгилешет, М.Н. Покровский, Г. Сафаров, В. Лаврентьев, П.Г. Галузо ж.б.

– 50-80-жж. аралыгында болсо Түркстандын (анын ичинде Кыргызстандын) Россия империясына каратылышы прогессивдүү мааниге ээ болгондугун белгилешип, “аскердик-элдик башкаруу” системасынын тутумундагы жергиликтүү башкаруу органдарынын ишмердиктерине терең анализ жүргүзүлгөн эмес.

**1.3. Постсоветтик доордун тарыхнаамасы**

90- жылдардын башынын тарта Борбордук Азия мамлекеттеринин эгемендик алышы менен “ата мекендин тарыхын” жаңы тарыхый позициядан кароо тенденциялары башталып, жаңы көз караштагы изилдөөлөр жаралып, илимий диссертациялык эмгектер жазылып, биргелешкен конференциялар болуп өттү. Акыркы 30-жылдан ашык убакыттан бери Борбордук Азиялык окумуштуулар жалпы эле Орто Азиянын Россия империясына каратылышы, колониалдык доордогу империянын жүргүзгөн аскердик-элдик башкаруу маселесин Фергана өрөөнүнүн мисалында караган изилдөөлөр жаралды. Каралып жаткан илимий маселе жалпы азыркы Борбордук Азия мамлекеттерине тиешелүү болгондуктан, тарыхнаамалык анализ берүүдө борбордук азиялык окумуштуулардын, россиялык окумуштуулардын эмгектерине токтолуп кетүү зарыл.

Кыргызстандын постсоветтик доордогу тарыхнаамасында Кыргызстандын Россия империясына каратылышын, империянын административдик саясатын, жергиликтүү башкаруу органдары туурасында тарыхчылар Т. Кененсариев, Ж. Жакыпбеков, А.Ж. Джуманалиев, А. Салиев, Ж. Алымбаев [106, 107, 105, 100, 99, 98, 130, 89], юрист-окумуштуулар С.К. Кожоналиев, Б.И. Бөрүбашев [109,

151] ж.б. окумуштуулар тарабынан изилдөө жүргүзүлүп, илимий эмгектер жарык көрдү. Аталган окумуштуулар “аскердик-элдик башкаруу” маселесин өз алдынча изилдөөнү максат кылып коюшкан эмес. Бирок, белгилүү окумуштуу Т. Кененсариев өзүнүн акыркы көлөмдүү эмгегинде гана “аскердик-элдик башкаруу” темасына кайрылып, айрым кызыктуу пикирлерди сунуштоого жетишкен. Ал эми автордун акыркы жарык көргөн “Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917)” аттуу 6 бөлүмдөн турган көлөмдүү эмгеги оторчулук саясатынын маңызы, Кыргызстандагы административдик, экономикалык саясат, оторчулук доордогу элдик конуштар жана социалдык турмуш, Кыргызстандын көп улуттуу мекенге айланышы, Кыргызстан чоң оюндун чордонунда деген аталыштагы илимий маселелерди карап, оторчулук доордун тарыхын жалпылап изилдөөнү максат кылган. Автор оторчулук бийликтин “орусташтыруу” стратегиясынын алкагында империянын административдик, экономикалык, социалдык саясатынын маңызын, анын жүрүшүн тереңдетип изилдеген. Т. Кененсариев аталган эмгегинде Россия империясынын Кыргызстандагы административдик саясатына токтолуп, анын мүнөздүү белгилерин атап, кесепеттерин белгилеп кеткен. Россия империясы колониалдык ээликтер үчүн “бөлүп сал да бийлей бер” (разделяй и властвуй) ыкмасын кеңири колдонгон [105, с. 131]. Ал эми “аскерий-элдик башкаруунун” төмөнкү баскычын жергиликтүү элдик башкаруу түзүп, “камчы жана токоч” (кнут и пряник) тактикасынын “камчы” бөлүгүн өнүктүрүү жаатында аракеттер башталып, “аскерий-элдик башкаруунун” элдик деп аталган бөлүгүнүн ишин жана милдеттерин колониализмдин нагыз керектөөлөрүнө карата кайрадан уюштурууга багыт алган” - деген жыйынтыка келген. Ошол эле учурда орус чиновниктери “эл жакшылары” [105, с. 174] менен тилектеш болуу саясатын жүргүзүп келгендигин автор белгилеп кетет. Т. Кененсариев эмгегинде Фергана өрөөнүндөгү “аскердик-элдик башкаруу” системасынын жүрүшү боюнча конкреттүү тарыхый фактыларды келтирбегендигине карабастан, Кыргызстандагы жалпы административдик саясаттын мүнөздүү белгилерин

атап, натыйжаларын көрсөтүүгө чоң аракет жасаган изилдөө катары кароого болот.

Ал эми Т. Кененсариевдин калган эки чоң монографиялык [106, 107] изилдөөсүндө болсо Кыргызстандын Россия империясына каратылышы, империянын экономикалык саясатын изилдөөгө алат. Белгилей кетсек, Т. Кененсариев постсоветтик доордо алгачкылардан болуп Кыргызстандын Россияга каратылышын "каратып алуу" мүнөздө жүргөндүгүн сунуштап, Кыргызстандын түндүк жана түштүк аймактарын каратуу процесстеринин жүрүшүн комплекстүү изилдөө жүргүзүп, аталган процесс үч чоң мезгилге: 1855, 1863-1867, 1876-жж. бөлүп кароону сунуштаган. Окумуштуу Кыргызстандын Россияга каратылышына жаңыча баа берип, экономикалык саясатынын түпкү максаттарын тарыхый фактылар аркылуу тастыктап, «каратуу» түшүнүгүнүн тарыхый чындыкка жакын келерин далилдөөгө чоң салым кошкон.

Окмуштуу Ж. Жакыпбековдун изилдөөлөрү "аскердик-элдик башкаруу" маселесине токтолбогондугу менен XIX к. аягы – XX к. башындагы кыргыздардын социалдык-экономикалык, саясий абалынын советтик тарыхнаамада чагылдырышына кеңири анализ жүргүзгөн баалуу эмгектердин бири болуп саналат.

XIX к. аягы - XX к. башындагы кыргыздардын коомдук-саясий турмушунун революцияга чейинки доордогу орус тарыхнаамасында изилдениши Ж. Алымбаевдин изилдөөсүндө каралат. Революцияга чейинки доордогу эмгектерге анализ берген автор, ал эмгектердин булакнаамалык, тарыхнаамалык маанисине басым жасап, аталган мезгилдеги кыргыз таануу маселесинин жаралышын, өнүгүү этаптарына мүнөздөмө берүүгө аракет жасаган [89, с. 54-55]. Автор революцияга чейинки доордогу тарыхый булактарды классификациялоо [88, с. 39-44] менен орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүн бир канча топторго бөлүп кароону сунуштаган. Ошол эле учурда автор, административдик башкаруу системасын изилдешкен К.П. Кауфман, К.К. Пален, Н.Д. Южаков, Н.И. Гродеков, Ф.К. Гирс сыяктуу авторлордун эмгектерин анализдеп, алардын көз караштарына баа берүүгө аракет жасаган [89, с. 223-235].

Ж.Б. Алымбаевдин эмгеги тарыхнаамалык таризде жазылгандыктан, башкаруу системасынын орношу, жергиликтүү башкаруу органдарынын тарыхына көңүл бурган эмес.

Постсоветтик доордун тарыхнаамасында колониалдык мезгилдеги көчмөн калктардагы салттуу сот системасына жана анын реформаланышын изилдөөгө алган авторлордун бири А.Л. Салиев болуп саналат. А. Салиевдин калемине каралып жаткан доордогу салттуу адат укугу, элдик сот системасынын өнүгүшүнө арналган көптөгөн илимий эмгектер таандык. Автордун "Очерки истории судебной политики царизма в кочевых регионах Туркестана (по архивным, правовым и иным материалам)" аттуу көлөмдүү эмгегинде Россия империясынын Түркстандын көчмөндөр жашаган аймакта салттуу сот системасына карата жүргүзгөн падышачылыктын саясатынын маңызын ачып берүүгө чоң аракет жасаган. Автор бийлердин ишмердиги, алардын укуктарынын бара-бара орус мыйзамдарынын негизинде чектелиши, жогорку административдик бийликтин тийгизген таасирин изилдеген. Түркстандагы сот системасына анализ берген автор: "Түркстандагы жергиликтүү башкаруу системасында элдик соттор маанилүү звенолордун бири болгон. Бирок, алардын орус бийлигине болгон көз карандылыгы аныктоочу, маанилүү болгондугуна караганда, көбүнчө формалдуу мүнөздө болгон. Ошол эле учурда, элдик сот өкүлдөрү жергиликтүү администрацияга шайланган салттуу уруулук башкаруучу көчмөн аристократтардын таасиринде болгон. Анткени, алардын колунда жерди, жайыттарды, кыштоолорду бөлүштүрүү боюнча таасирдүү күч болгон. Элдик соттун өкүлдөрү көчмөн элитанын колдоосу аркылуу гана шайланууга мүмкүнчүлүк алышкан" - деген жыйынтыка келген [130, с. 395-396]. Белгилей кетсек, көчмөн кыргыздардын саясий турмушунда негизги ролду манаптар ойногондугу белгилүү. Туугандык-уруулук аң-сезимдин күчтүү сакталып келген кыргыздардын арасында болуштукка, сотко шайлоо манаптардын чечимине жараша болгон учурлар болбой койгон эмес.

Түркстан крайындагы жергиликтүү башкаруу органдары туурасында Д. Сапаралиев, Ж.Б. Алымбаевдин илимий макалаларында чагылдырылган [131, 87,

85, 90]. Алсак, Д. Сапаралиев өз макаласында 1855-1917- жж. Россия империясынын курамындагы кыргыздардын башкаруу системасынын калыптанышы, анын Кыргызстандагы өзгөчөлүктөрүнө токтолот. Административдик саясатты мүнөздөп жатып: «Орус падышачылыгы Кыргызстандагы реформаны жүргүзүүдө алдына төмөнкүдөй эки максатты койгон: биринчиден, жергиликтүү манаптардын, бийлердин эл арасындагы таасирин басаңдатуу, экинчиден, «бөлүп жарып башкаруу» прицибине таянып ири уруулук топторду майдалап-бөлүп, салык чогултууга ыңгайлаштырган системаны түзүү болгон» [131, с.46] - деп белгилейт. Ал эми Ж. Алымбаев болсо революцияга чейинки доордогу тарыхый эмгектерге таянуу аркылуу колониалдык доордогу жергиликтүү башкаруу органдарынын киргизилиши менен кыргыздардын коомдук-саясий турмушунда өзгөрүүлөр болуп өткөндүгүн белгилейт. “Кыргыздардагы ич ара уруу-уруулук согуштар, барымталар токтолгон. Бирок, жергиликтүү эл үчүн шайлоо системасынын киргизилиши, көчмөн кыргыздын коомдук-саясий турмушунда мурда болуп көрбөгөн жаңы терс көрүнүштөр жаралган. Добуш сатып алуу, уездик начальниктер тарабынан жүргүзүлгөн коррупциялык иштер башталгандыгын баса көрсөтөт. «Элдик шайлоо» принциптери иш жүзүндө формалдуу жүргүзүлгөн” [85, с. 63-66] - деп жазат.

Россия империясынын Кыргызстандагы административдик саясаты А. Маматованын, көчүрүп келүү саясаты С. Ташболотова, сот бийлигинин ишмердиги С.М. Слесаревдун диссертациялык эмгектеринде изилденет [154, 162, 158]. Алсак, А. Маматованын изилдөөсү түздөн-түз Фергана өрөөнүндөгү “аскердик-элдик башкаруу” маселесин кароо максат кылган эмес. Изилдөөчү кыргыздардын салттуу башкаруусун, жергиликтүү башкаруу системасынын калыптанышы, падышачылыктын административдик саясатынын натыйжаларына токтолуп кеткен. Ал эми кыргыздардын XIX к. салттуу адат укугуна негизделген сот системасынын тарыхын С.М. Слесаревдун диссертациялык эмгегинде чагылдырылган. Окумуштуу 1865-1930-жылдар аралыгындагы элдик сот системасынын калыптанышы, өнүгүшү, элдик

соттордун ишмердүүлүгү тууралуу кызыктуу материалдарды изилдеген. Колониалдык бийликтин элдик сотко карата жүргүзгөн таасирине токтолуп: “XIX - XX кк. аралыгында элдик сотторду жоюуга байланышкан пикирлер, жалпы орус мыйзамдарына баш ийдирүү сунуштары жаралган” [158, с. 22] деген жыйынтыка келген. Автордун аталган пикирине кошулууга болот, анткени, 1867-1917-жылдар аралыгында кабыл алынган Жоболордон салттуу элдик соттун нормаларын орус мыйзамдарына баш ийдирүү аракеттерин ачык эле байкоого болот.

Колониалдык доордогу аскердик-элдик башкаруу тутумунда түзүлгөн элдик башкаруудагы салттуу сот тутуму, анын колониалык доордогу реформаланышы С. Кожоналиев, Б.И. Бөрүбашевдун эмгектеринде изилденет [109, 151]. Кыргыздардын салттуу сот тутумунун Россияга каратылганга чейинки жана каратылгандан кийинки өзгөрүү процесстери С. Кожоналиевдин эмгегинде сүрөттөлөт. Салттуу сот систтемасынын, тагыраак айтканда бий сотунун кылмыш жана граждандык укуктарынын өзгөрүүсүн, жазалоонун түрлөрү, анын өзгөрүшү ж.б. укуктук маселелеринин изилденүүсү кызыгууну жаратат. Автор колониалдык доордогу болуштук, айылдык бийлердин укуктары, болуштук съезддин чечимдери, бийлердин чукул чакырылган съезди сыяктуу “элдик сот” [109, с. 59] системасынын тутумундарына кеңири талдоо жүргүзгөн. Россия империясынын мезгилиндеги сот тутумуна баа берген автор: “орус бийлигинин жана орус мыйзамдарынын таасирин диалектикалык мүнөздө карап, жалпы эле Россия империясынын чет жак аймактарга тийгизген таасири катары кароо зарыл” [109, с. 242] деген пикирге келген. С. Кожоналиевдин эмгеги салттуу кыргыздардын адатка негизделген укуктарын, анын өзгөрүшүн изилдеген кызыктуу изилдөөлөрдүн бири болуп саналат. Автордун эмгеги аркылуу “элдик сот” тутуму тууралуу кызыктуу тарыхый фактыларды алууга болот.

Ал эми Б.И. Бөрүбашевдин эмгеги Россия империясынын Кыргызстанды каратып алуудагы административдик-укуктук, ченемдик-укуктук жана кыргыздардын сот системасынын тарыхый-укуктук аспекте изилдөөгө алган

актуалдуу эмгектердин бири болуп саналат. Б.И.Бөрүбашев аталган изилдөөсүндө Россия империясынын мезгилиндеги элдик сот системасынын түзүлүшү, айылдык, болуштук, бийлердин чукул съезди, жарандык жана кылмыш иштери боюнча соттук процесстеринин жүрүшүн изилдеген. Россия империясынын жаңы административдик башкаруу системасы кыргыздардын салттуу коомуна бир топ өзгөрүүлөрдү алып келгендигин белгилеген автор айылдык жана болуштук башкарууга шайлоо укугунун киргизилиши "манаптардын, бийлердин бийлигинин мураска калуучулук институтун бузду. Башкаруу чөйрөсүндөгү шайлоонун жыйынтыктары бара-бара калктын кылымдардан бери келе жаткан уруулук салтын, мамилесин бузууга, алардын уруу башчыларына болгон көз карандысыздыгын жоюуга, негизинен кыргыз коомундагы башкарууну өркүндөтүүгө алып келген" [151, с. 242] деген жыйынтыка келген. Албетте, кыргыздардын коомдук-саясий турмушунда өзгөрүүлөрдүн жүргөндүгүн тануугa болбойт. Ал эми жергиликтүү органдын өкүлдөрү болушкан болуштук, айылдык старчындарды, сот өкүлдөрүн шайлоодо орус бийлигинин кийлигишүүсү, орус бийлигине ыктаган инсандардын шайлангандыгын жергиликтүү элдин наарaзычылыгын күчөткөндүгүн да эстен чыгарбоо керек.

Кыргызстандык окумуштуулардан сырткары Россия империясынын административдик саясатынын Түркстан крайында калыптанышы, анын эволюцияланышы, бекемделиши өзбек тарыхчылары [149, 150, 82, 104, 157, 159, 163, 165, 153], казак тарыхчылары [157, 115] жана россиялык [167, 152, 161, 148, 94] изилдөөчүлөр тарабынан диссертациялык эмгектер корголуп, көлөмдүү монографиялар жазылган. Алардын катарына өзбек тарыхчылары Н. Абдурахимова, Ф. Исхаков, Г.К. Рустамова, Х.Д. Садыков, Д.Ж. Ураков, С.Б. Тиллебаев, Н.С. Зайнабидинов, казак тарыхчылары К. Кусайынулы, Д.А. Рахимкуловдордун эмгектерин атоого болот. Аталган эмгектерде Түркстан крайынын коомдук-саясий жана маданий турмушундагы маселелерди кеңири масштабда чагылдырышкан. Тагыраак айтканда, каратып алуу, көчүрүп келүү саясаты сыяктуу бир топ социалдык-экономикалык маселелер улуттук-

боштондук көтөрүлүштөрдүн чыгышынын социалдык базасы болгондугун белгилешкен.

Өзбек тарыхчысы Н. Абдукаримованын докторлук эмгеги жана Г. Рустамова менен биргеликте жазган монографиясы колониалдык режимдин калыптанышы, анын эволюцияланышына анализ жүргүзгөн кызыктуу изилдөөлөрдүн бири болуп саналат. Биргелешкен эмгекте авторлор Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына кирген облустук, уездик, болуштук, айылдык башкаруу структурасынын жаралышы, эволюцияланышына кеңири мүнөздөмө беришкен. Авторлор, XIX к. 60-80-жж. Түркстан аймагында колониалдык бийликтин аскердик-административдик, «руссификатордук», полициялык жана жазалоочу режими орноп, жергиликтүү элди улуттук мамлекетин түзүүгө болгон мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, жалпы цивилизациялык процесстерге өз алдынча катышууга терс таасирин тийгизди, - деген жыйынтыка келишет [82, с. 145]. Н. Абдукаримова Г. Рустамованын аталган изилдөөсү колониалдык бийликтин маңызын терең талдоого алган изилдөө болуп саналат.

Ал эми казак окумуштуусу К. Кусайынулы эмгегинде Түркстан крайына орус административдик системанын киргизилишинин себептерин чагылдырган тарыхый булактарга жана илимий эмгектерге кеңири анализ берет. Түркстандагы жаңы орус өкмөтүнүн административдик реформасы эң оболу помещиктик-крепостнойлордун каалоосун жүзөгө ашырууда болгон жана реформаны жүргүзүүдө болуштук, айылдык старшиндердин колдоосуна ээ болуу менен жергиликтүү эл масса катуу эзүүгө дуушар болгон [115, с. 105], - деп акыйкат баа берилген.

XIX к. 20- жылдарындагы казак коомчулугундагы старшина институтунун түзүлүшү, алардын функциялык, административдик-чарбалык милдеттери, көчмөн жашоодогу алардын ролу, старшиналарды шайлоо системасы Д.А. Рахимкуловдун изилдөөсүндө чагылдырылган.

Россия империясынын Түркстандагы административдик саясатын изилдеген изилдөөчүлөрдүн катарына россиялык окумуштуу М.Е. Шушкова,

Л.В. Васильев, В.В. Соколов ж.б. эмгектерин [167, 152, 161] атоого болот. Мисален, М.Е.Шушкова диссертациялык эмгегинде Түркстан генерал-губернаторлугун башкаруу органдары болгон: облустук, уездик, шаардык, айылдык, сот системасынын уюштурулушу, аппараты жана борбордук аткаруу органдары менен болгон байланышы, XX к. башындагы Түркстан крайын реформалоо маселерине арналган.

Постсоветтик доордун тарыхнаамасына анализ берип жатып төмөнкүдөй жыйынтыктарга келүүгө болот:

- Советтик тарыхнаамадан айырмаланып, постсоветтик доордогу изилдөөчүлөр жалпысынан Түркстандын Россияга кошулуу, ыктыярдуу кошулуу эмес, каратып алуу мүнөздө жүргөндүгүн белгилешип, империянын жүргүзгөн саясатын колониалдык мүнөздө болгондугуна, административдик саясаттын түпкү максаты жергиликтүү элди "орусташтыруу", салттуу башкаруу системасын жоюуга багытталган деген пикир тарыхнаамада орун алды. Мындай пикирлер Н. Абдурахимова, Т. Кененсариев, К. Кусайынулы, Ф.И. Исхаков ж.б. Борбордук Азиялык изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чагылдырылат.

- Фергана өрөөнүндөгү "аскердик-элдик башкаруу" саясатын түздөн-түз изилдөөгө алган эмгек жазылбагандыгын тарыхнаамалык талдоо далилдеп турат. "Аскердик-элдик башкаруу" системасынын жалпы принциптеринин, өзгөчөлүктөрүнүн, жүргүзүлүшүнүн айрым жагдайларын гана Т. Кененсариев эмгегинде чагылдырып кеткен.

- Элдик сот системасынын калыптанышы менен салттуу бийлердин аткарган функциялары чектеле баштап, колониалдык бийлик орустардын мыйзамдарына баш ийдирүү саясатын жүргүзө баштагандыгын С. Кожоналиев, Б. Бөрүбашев, С.М. Слесарев, А.Л. Салиев ж.б. изилдөөчүлөрдүн изилдөөлөрүндө баса белгиленет.

Колониалдык доордогу "аскердик-элдик башкаруу" системасын чагылдырган революцияга чейинки, советтик жана постсоветтик мезгилдеги эмгектерге анализ жүргүзүп жатып, төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

- Россия империясынын “аскердик-элдик башкаруу” системасы 3 мезгилдеги изилдөөлөрдө чагылдырылган, эмгектердин көпчүлүгү жалпы эле Россия империясынын Түркстандагы административдик саясатынын киргизилишин, анын мүнөзүн, өрчүп өнүгүшүн, бюрократиялык башкаруу аппаратынын калыптанышы ж.б. жагдайларын ачып берүүгө чоң аракеттерди жасашкан.

- Үч доордогу эмгектердин “аскердик-элдик башкаруу” маселесин сүрөттөөдө доордогу өкүм сүргөн коомдук-саясий түзүлүштүн, жүргүзүлүп жаткан идеологиялык багыттын таасири астында кандайдыр бир социалдык буйрукту аткаруу аракеттерин көрүшүп, тарыхнаамада бири-биринен айырмаланган төмөнкүдөй көз караштар жаралган: а) революцияга чейинки доордогу тарыхнааманын өкүлдөрү болушкан М.А. Терентьев, К.К. Абаза, А.И. Макшеев, Л.Ф. Костенко, А.Г. Серебренников, М.И. Венюков, Г. Южаков, Ф. Гирс, И. Крафт ж.б. аскер адамдары, колониалдык чиновниктер тарабынан жазылган эмгектерде, империянын басып алуучулулук саясатын, жүргүзүп жаткан административдик саясатын актоо, анын туура багытта бара жаткандыгын пропагандалоо, коомчулуктун аң-сезиминде расмий көз караштын багытын калыптандыруу максатында басып алуу саясатын мыйзамченемдүү, цивилизациялык миссияны орнотууга багытталган, ошондон улам жүргүзүлүп жаткан колониалдык доордогу административдик саясаттын багыттарын прогресивдүү көрүнүш, реформа катары сөрөттөшкөн; б) Түркстан крайын ревизиялоого катышып, өз алдынча булакнаамалык, тарыхнаамалык мүнөздөгү эмгек жаратышкан Ф.Гирс, К.Палендин эмгектеринде болсо, крайдагы административдик саясаттын жүргүзүлүп жаткандыгына жеке күбө болушкандан кийин, Түркстан крайында башкаруу системасында бюрократташтырылган башкаруу аппараты түзүлгөн, аны реформалоо зарыл деген жыйынтыкка келишкен.

- Советтик тарыхнаамада болсо, (20-30-жылдардагы изилдөөлөрдү кошпогондо) 50-80-жж. мезгилинде колониалдык саясатты өз алдынча изилдөөгө алган эмгектер саналуу гана болгон. Анткени, Россия империясынын

Түркстанды каратып алышы “кошулуу”, “ыктыярдуу кошулуу” илимий концепциянын негизинде жүргүзүлүп, кошулуу процессинин прогрессивдүү жактарына гана басым жасалып, колониалдык доордогу “аскердик-элдик башкаруу” системасынын натыйжалары туурасында илимий чөйрөдө кеңири талкуу жүрүп, илимий эмгектерде сүрөттөлгөн эмес.

- Постсоветтик доордогу тарыхнааманын революцияга чейинки, советтик мезгилдеги тарыхнаамадан айырмачылыгы коомдогу өкүм сүрүп жаткан плюралистик көз караштардын негизинде, идеологиялык өңүттөн улам бурмалаган ата-мекендик тарыхтагы “ак дактарды” жоюу тенденциялары күч алуунун шартында, империянын административдик саясатынын натыйжалары туурасында ачык талкуулар өткөрүлүп, илим чөйрөсүндө жаңы  көз краштагы изилдөөлөр жаралды. Бул багыттагы изилдөөлөрдүн катарына Н. Абдукаримова, Ф. Искаков, Т. Кененсариев, А. Салиев, Ж. Алымбаев ж.б. окумуштуулардын эмгектерин атоого болот.

## II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ ЖАНА ЫКМАЛАРЫ

### 2.1. Изилдөөнүн булактык базасы

XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы Россия империясынын Түркстандагы (анын ичинде Кыргызстандагы) "аскердик-элдик башкаруу" системасын чагылдырган тарыхый булактар арбын. Аларды орус тилдүү жана жергиликтүү булактар деп бөлүүгө болот.

Тарыхый булактардын басымдуу көпчүлүгүн орус тилдүү булактар түзөт. Окумуштуу Ж.Алымбаев орус тилдүү булактардын өзүн төмөнкүдөй бир нече топко бөлүп карайт: 1) Түркстан аймагын башкаруу жөнүндө "жоболор"; 2) колониалдык администрациянын расмий рапортторун, билдирүүлөрүн, көрсөтмөлөрүн, отчетторун, текшерүү комиссияларынын материалдарын, эскерүүлөрдү, чарбалык жана көчүрүп келүү процессин чагылдырган материалдар; 3) борбордук жана жергиликтүү мезгилдүү басылмалар. Мындан тышкары сейрек кездешүүчү тарыхый булак катары "Түркстан жыйнагы", аскер губернаторлордун "обзорлору" да кирет [89, с. ].

Биздин изилдөөбүздө негизинен Түркстан генерал-губернаторлугунун Фергана облусунун материалдары, ал эми жергиликтүү булак катары Кыргызстандын түштүк аймактарында жашап өткөн айрым акындардын, агартуучулардын каралып жаткан маселени чагылдырган чыгармалары булак катары пайдаланылды.

Орус тилиндеги жазылган булактардын көпчүлүгү өз мезгилинде басмадан даярдалып, айрымдары мезгилдүү басма сөз беттерине да жарыяланган. Алардын түп нускалары Москва, Санкт-Петербург, Ташкент шаарларынын архивдеринде, китепканаларында сакталып келет. Алардын айрымдары бүгүнкү күндө заман ыргагына жараша электрондук таризге өткөрүлүп, интернет айдыңына жайгаштырылгандыгын белгилеп кетүү керек.

*Архивдик материалдар*. Изилдөөбүздө архивдик материалдар негизги орунду ээлейт. Диссертациялык ишти жазууда Өзбекстан улуттук архивинин (Национальный архив Узбекистана) (2019-жылга чейин Өбекстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви деп аталган), Кыргыз

Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин материалдары колдонулду.

Өзбекстандын улуттук архивинде революцияга чейинки доордогу кыргыз тарыхына, өзгөчө Фергана чөлкөмүндөгү кыргыздарга байланыштуу көптөгөн баалуу материалдар сакталып келет. Анткени, 1919-жылдын 5-ноябрында Түркстан АССРинде (борбору Ташкентте) архив иштеринин башкы башкармалыгы уюшулуп (ошол эле жылы 15-ноябрында архив иштеринин борбордук башкармалыгы болуп аталган), 1917-жылга чейинки документтер 4-5 жылдын ичинде топтолуп, комплектацияланып, аталган архив башкармалыгынын фондуна өткөрүлгөн. Натыйжада Түркстан генерал-губернаторлугунун жана облустук башкармалыктардын бардык багыттагы иш кагаздары архивдештирилип, көптөгөн фонддор түзүлгөн.

Алардын арасында «Канцелярия Туркестанского генерал-губернатора» (Ф.И.-1, 1867-1918 гг.) фондунда аймактагы административдик, аскердик, соттук, экономикалык ж.б. маселелерди чагылдырган отчеттор, рапорттор, каттар ж.б. көптөгөн документтер сакталган. Аталган фонддун материалдарынан административдик системанын органдары боюнча көптөгөн материалдар кызыгууну жаратты. Алардын арасында генерал-губернатордун буйруктары, көрсөтмөлөрү, анын наамына жазылган каттарды кезиктирүүгө болот.

Өзгөчө орунда Өзбекстан улуттук архивинин «Ферганское областное управление» (Ф.И.-19, 1876-1917 гг.) – фондунун материалдары турат. Бул фонд өзүнө Фергана облусунун 1876-1917-жылдар арасындагы ар кайсы багыттагы материалдарын камтыган 40 миңге жакын делону түзөт. Облустагы административдик, аскердик, соттук, жер, салык ж.б. багыттагы ар түрдүү мүнөздөгү документтер түзөт. Арасында болуштук, айылдык, соттук башкаруу органдарын, уезддер жана участоктор, шаарлар, болуштуктар, айыл жамааттар, айылдар туурасында, аларды түзүү, жоюу, бириктирүү сыяктуу абдан көп документтер сакталган. Аталган фонддо болуш жана элдик сот кызматына өткөрүлгөн шайлоолор, шайлоонун жыйынтыгы тууралуу орус администрациясынын өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн протоколдор, добуш

берүүнүн жыйынтыгы түшүрүлгөн барактар (баллотировочный лист) тиркелген документтер жатат. Болуш жана эл соттору кызматтарына өткөрүлгөн шайлоонун жыйынтыгынын негизинде (айрым учурларда шайлоонун жыйынтыгына карабастан уезддин начальнигинин сунушу боюнча) аларды кызматка бекитүү тууралуу уезддин начальниктеринин аскер-губернаторго жазган рапорттору, сунуштары, пикирлери, кызматка бекитүү тууралуу аскер-губернатордун буйруктары сыяктуу көптөгөн документтер сакталган. Мисалы, “о переменах туземной администрации” [16] – деп аталган документте жергиликтүү (туземдик) администрациянын өкүлдөрүнө 1888-жылы өткөрүлгөн шайлоолор тууралуу протоколдор, рапорттор, буйруктар, түшүндүрмөлөр ж.б. көптөгөн жагдайдагы документтерди кезиктирүүгө болот. Белгилей кетчү нерсе мындай документтер ар бир 3 жылда өткөрүлгөн шайлоолорго байланышкан документтер өз алдынча делолорго тиркелип сакталып турат. Аларда Кыргызстандын түштүгүндөгү ар бир болуштукка жана айылга, алардын башкаруу органдарына тийиштүү баалуу маалыматтарды камтыган документтер кезигет.

Мындан тышкары бул фонддо жергиликтүү элдерден келген көптөгөн арыз-каттар ж.б. материалдар да абдан кызыгууну жаратат. Алсак, аталган фонддун 1283-делосу “Жителей Саруйской волости Наманганского уезда на неправильные выборы волостного управителя” деп аталып, мында 1884-жылы Наманган уездинин Саруу болуштугунун жашоочулары өз жамаатынын мүчөлөрү Апсалам Янгулин, Мамбет Айтибаев, Айдарали Фулатбеков жана Акыл Беймурзин шайлоодогу мыйзамсыз аракеттерге өз ойлорун ачык билдиргендиктери үчүн айыпсыз абакта кармалып тургандыктарын билдиришип, алардын иштери боюнча калыс чечим чыгарып, бошотуу үчүн облустун аскер губернаторуна кайрылышкан [2]. Жергиликтүү элдин орус бийлик өкүлдөрүнө бул сыяктуу көптөгөн арыз, кайрылуу, даттанууларын аталган фонддон жолуктурууга болот.

Ал эми «Канцелярия военного губернатора Ферганской области» (Ф.И.-276, 1877-1880 гг) – фондунда болсо, алгачкы 3 жыл аралыгындагы болуштук

түзүлүш, алардын аталышы, элдин саны, жергиликтүү калктын уезддик начальниктердин үстүнөн болгон арызданууларын чагылдырган материалдар бар.

2015-жылдын 23-декабрында чыккан Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтомунда чет өлкөлөрдө жайгашкан архивдерден, музейлерден жана китепканалардан Кыргызстандын тарыхы боюнча документтерди табуу жана анын натыйжасында өлкөнүн архивдик иштерин өнүктүрүү милдети коюлуп, анын негизинде КР Борбордук мамлекеттик архивинин кызматкерлери жана илимий консультанттар 2016-жылдын 20-январынан 19-февралына чейинки бир айлык мөөнөткө Россия Федерациясына жөнөтүлүп, натыйжада бир бир кыйла тиешелүү архивдик материалдар алынып келинген.

Алардын арасынан Россия мамлекеттик тарыхый архивинен (РГИА СПб), Россия мамлекеттик аскердик-тарыхый архивинен (РГВИА), ж.б. архивдерден алынган Кыргыздардын тарыхына байланыштуу архивдик материалдардын көчүрмөлөрүн көрүүгө болот. Материалдардын көпчүлүгү колониалдык доорго таандык. Учурда Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинде (КР БМА) “Коллекция документов по истории Кыргызстана, полученных из РГИА” (Ф.160-И), “Коллекция документтов по истории Кыргызстана, полученных из РГВИА” (Ф.163-И) ж.б.у.с. аталыштарда сакталып турат жана изилдөөбүздө аталган архивдик материалдар кеңири колдонулду.

Алсак, №160, №163 фонддордо Кыргызстандын колониалдык доордогу - административдик түзүлүшү, өзгөчө жергиликтүү башкарууга байланыштуу материалдар бар. Алардын ичинен Фергана облусунун аскер-губернаторунун айрым отчетторун, аймакты башкаруу жөнүндө “жоболорду”, элдик сотторго байланыштуу материалдарды кошууга болот.

*Түркстан аймагын башкаруу жөнүндө «жоболор»* изилдөөбүздө маанилүү тарыхый булак болуп эсептелет. Түркстан крайын башкаруу үчүн 1865-1886-жж. аралыгында бир нече жоболор иштелип чыккан. Аларга 1865-жылы «Временное положение об управлении Туркестанской областью» [43], 1867-жылы «Проект Положений об управлении в Семиреческой и Сыр-

Дарьинской области» [33], 1873-жылы «Проект Положение об управлении в областях Туркестанского генерал-губернаторство» [32], 1886-жылы «Положение об управлении Туркестанского края» [65] деп аталган жоболор кирет. Бул “жоболор” аймакты башкаруудагы “баш мыйзам” катары кызмат кылган. Ал административдик, сот, каржы, чарба ж.б. бөлүктөрдөн туруп, ар бир тармак боюнча тийиштүү беренелер каралган. Административдик башкаруунун негизги принциптери, функциялары ушул «жоболордо» каралгандыктан алар башкы жана маанилүү булак катары кызмат кылат. Аталган “жоболордун” тиешелүү бөлүмдөрү изилдөөбүздө кеңири колдонулду.

Мындан тышкары аталган жоболорго карата түшүндүрмө каттар [31] да Түркстанды башкаруунун принциптерин, максаттарын чагылдыруучу булак болуп эсептелет.

*Расмий жана ревизиялык отчеттор* тарыхый булак катары изилдөөбүздө негизги орунда турат. Алардын катарына Түркстандын эң биринчи генерал-губернатору К.П. Кауфмандын “Проект всеподданнейшего отчета генерал-адьютанта К.П. фон-Кауфмана 1-го по гражданскому управлению и устройству в областях Туркестанского генерал-гебернаторства. 7 нояб. 1867 –25 марта 1881 г.” [52] деп аталган отчету, Ф.К. Гирстин “Отчет ревизующего, по высочайшему повелению, Туркестанский край, тайного советника Гирса” [44], К.К. Палендин “Отчет по ревизии Туркестанского края, произведенный по высочайшему повелению сенатором графом К.К. Паленом. Сельское управление: русское и туземное” [63] деп аталган отчеттору кирет.

Алсак, К.П. Кауфмандын отчетунда биздин изилдөөбүзгө байланыштуу болгон аймактын административдик түзүлүшүнүн уюшулушу, айрым принциптери, өзгөчөлүктөрү тууралуу отчеттук формада маалыматтар жазылган. Мисалы, бул эмгекте 1876-жылы Фергана облусунун баштапкы уюштуруу мезгилинде коомдук жана административдик түзүлүшкө, жергиликтүү администрациянын кызмат адамдарынын укуктары жана милдеттерине карата мүмкүн болушунча жергиликтүү жалпы кырдаалды жетекчиликке алуу менен иш жүргүзүүгө облустук администрацияга уруксат

берилгендигин белгилейт [52, с. ]. Мындан тышкары отчетто Фергана облусундагы жалпысынан уюштуруу иштеринин жыйынтыгы менен анда жашаган элдин түтүндөрү такталып, болуштуктар, айылдык жамааттар түзүлгөндүгүн, 1881-жылы облуста 114 болуштук, 621 айылдык жамаатка бириктирилгендиги тууралуу статистикалык маалыматтар да жазылат [52, с. 73]. К.П. Кауфмандын бул отчету расмий органдын көз карашында жазылгандыгына карабастан аймактын алгачкы жылдардагы уюшулушун, абалын чагылдырган маанилүү булак болуп эсептелет.

Генерал-губернатор М.Г.Черняевдин өтүнүчү боюнча императордун тапшырмасы менен жашыруун кеңешчи (тайный советник) Ф.К.Гирс баштаган ревизиялык комиссия Түркстан аймагын текшерүүгө жиберилет. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча отчет даярдалып, анда аймактагы колонияldык бийлик органдарынын ишмердиктерине анализ берип, бир топ фактыларды келтирген. Падышага сунуш кылынган анын отчету Түркстандагы административдик бийликтин чыныгы абалын чагылдырып, алардын оң жана терс жактарына баа берилген маанилүү документ болуп саналат.

Ф. Гирстин отчету бир нече бөлүмдөргө бөлүнүп, анда биздин изилдөөбүзгө түздөн-түз байланыштуу болгон Фергана облусуна, башкаруу саясатына, элдик сот тармактарына анализ жүргүзүлгөн. Ф.Гирстин отчетундагы бийлик органдарына болгон анализ көптөгөн жергиликтүү материалдарга таянып ревизорлордун өздөрүнүн талдоосунун негизинде түзүлгөн. Авторго атайын бир топ укук берилген. Отчетто Түркстан аймагын башкаруу жөнүндөгү “жоболорго” анализ жасалган. Ф. Гирс аталган иликтөөсүнүн жыйынтыгында орус бийлик өкүлдөрүнүн жана жергиликтүү администрация өкүлдөрүнүн иш-аракттериндеги айрым терс көрүнүштөрдү белгилеп кеткен. Алсак, облустун аскер губернаторлору, уезд начальниктери жергиликтүү администрация өкүлдөрүнө өткөрүлгөн шайлоолордо өз укуктарын аша чаап пайдалангандыгы менен көпчүлүк учурда уездик начальниктер болуштук шайлоолордун жыйынтыктарын жокко чыгарып, колониалдык бийликке жаккан адамдарды шайлап алган фактылардын көп кездешерин белгилеп кеткен. Мындан тышкары

жергиликтүү бийлик өкүлдөрү салык жыйноодо элден чогултулган салыкты иштетип жиберишкен (растрата) учурларды белгилеген. Ф. Гирс Түркстан аймагын реформалоо зарыл деген жыйынтыкка келген.

Колониалдык доордогу Түркстандын тарыхы боюнча эң бир маанилүү тарыхый булактардын катарына К.К. Палендин ревизиялык отчетторун кошууга болот. XX кылымдын башында аймакты реформалоо зарылдыгы жаралып, ага байланыштуу Түркстанды башкаруу жөнүндө жаңы Жобону кабыл алуу тууралуу маселе коюлган. Мындан улам Николай II Түркстан крайын ревизиялоо жөнүндө 1908-жылы 8-мартта чечим кабыл алып, ошол эле жылдын 18-июнундагы указ менен ревизиянын жетекчилигине сенатор Константин Константинович Пален дайындалган [122, с. 255-256]. Ага 26 пункттан турган инструкция берилип, анын негизинде К.К. Пален кыска убакыттын ичинде өзүнө жүктөлгөн милдетти ийгиликтүү аткарып, аймактын ички турмушунун бардык аспектилери жана анын көйгөйлөрү боюнча падышага отчетун тапшырган.

К. Палендин жетекчилигиндеги ревизиялык комиссиянын материалдарынын негизинде 20 китеп отчет даярдалып, 1910-1911-жылдары Санкт-Петербург шаарынан басмадан чыгарылган [123, с. 125-150]. Биздин изилдөөбүздө автордун “сельское управление” [63], “народные суды” [62] деп аталган отчеттору кеңири пайдаланылды.

К.К. Палендин “Сельское управление” аттуу отчетунда Түркстандагы уезддердеги болуштуктар, алардын саны, жергиликтүү администрациянын укуктары, милдеттери, болуштук жыйындар, “кыргыздардын арасындагы шайлоонун жүрүшү” ж.б. туурасындагы кеңири материалдарды табууга болот. Ал өзүнүн изилдөөсүнүн натыйжасында бир топ өзүнүн пикирлерин айткан. Алсак, көчмөн аймактарда жерге ээлик кылуу таптакыр аныкталбаган укуктук негиздерге таянышарын, бир дагы айыл жамааттын чек арасы так аныкталбагандыгын белгилеп, болуштук же административдик айыл деген түшүнүктөрдү фиктивдүү деп эсептеген жана алар номиналдык түрдө гана байланышкан адамдардын тобун камтыйт деп жазат. Жыйынтыгында “кандай гана жер реформасы болбосун, биринчи кезекте азыркы административдик

бөлүнүүнү жоюп, аны башкача, турмушка жакыныраак болгон бөлүштүрүүгө алмаштыруу керек" [63, с. 143] – деген жыйынтыкка келген.

*Статистикалык обзорлор, басылмалар.* Маанилүү булактардын катарына аскер-губернаторунун жылдык отчетунун тиркемеси катары, жыл сайын жарык көрүп турган "Обзорлор" кирет. Аталган басылмалар алгач «Обзор Ферганской области» деп аталса, XX к. башынан тарта "Статистический обзор Ферганской области" деген аталышта чыгарылган. Бул басылмада облустагы болуп жаткан административдик өзгөрүүлөр, жаңы болуштуктардын түзүлүшү, алардын калкы туурасындагы материалдарды кездештирүүгө болот. Алсак, аталган отчеттордун биринде Анжиян уездиндеги көчмөн кыргыз болуштуктары тууралуу жазылып, "салык тизмеси боюнча 14163 кожолук (түтүн) саналса, чындыгында, изилдөөнүн маалыматтары боюнча 11405 гана салык төлөгөн түтүн болгон. Мындай олуттуу сандагы жасалма үй-бүлөлөрдүн пайда болушу уруулук топтордун шайлоодо көбүрөөк добушка ээ болууну каалагандыгы менен түшүндүрүлөт" – деп белгиленет [52, с. 38].

Мындан тышкары аталган комитет тарабынан атайын басылыш катары "Список населенных мест Ферганской области" [69], "Адресная справочная книга Ферганской области" [35] деген аталыштардагы статистикалык, маалыматтык китептер басылып чыккан. Мисалы, 1909-жылы басылып чыккан "Список населенных мест Ферганской области" деп аталган китепте Фергана облусундагы бардык уезддердин, алардын курамындагы болуштуктардын, айыл жамааттар жана андагы майда калктуу конуштардын ар бири аталыштары менен жазылып, алардагы түтүндүн жана калктын саны, этностук курамы, ошондой эле ар бир калктуу конуштун уезддик борбор менен болгон аралыгы жазылган баалуу маалыматтар берилет. Аталган тарыхый булак биздин изилдөөбүздө кеңири колдонулду. Ал эми "Справочная книга Ферганской области" деп аталып, 1912-жылы басылып чыккан китепте Фергана облусундагы ар бир болуштук боюнча болуштук башкаруучулардын, элдик соттордун, арык аксакалдардын аты-жөндөрү, жайгашкан дареги көрсөтүлгөн справочник жазылган. "Обзорлор"

ж.б. жыйнактар облустун статистикалык комитети тарабынан даярдалып чыгарылган.

*Мезгилдүү басма сөздөр жана атайын жыйнактар.* Колониалдык доордогу административдик-башкаруу маселелери тууралуу өз мезгилинде жергиликтүү жана борбордук гезит-журналдарга маалыматтар жарыяланып турган.

Жергиликтүү гезиттердин ичинен “Туркестанские ведомости” гезитин өзгөчө бөлүп кароого болот. Гезит Түркстан аймагына таандык болгон өкмөттүк жана административдик көрсөтмөлөрдү, буйруктарды жана аймактын тарыхы, географиясы ж.б. тууралуу ар тараптуу олуттуу макалалар жарыяланып турган. Мисалы, жаңыдан түзүлгөн Фергана облусунун административдик жана чарбалык жактан эң алгачкы бөлүнүшү тууралуу Түркстан генерал-губернатору Кауфмандын 1876-жылдын 6-мартындагы №30 буйругу гезиттин 1876-жылдын 30-мартындагы №13-санына жарыяланган. Ага ылайык жаңыдан түзүлгөн Фергана облусу алгач административдик-аймактык жактан 7 уездге, т.а. Кокон, Маргалаң, Анжиян, Ош, Чимион, Наманган, Чуст уезддерине бөлүштүрүлгөн. Аталган уезддердин так чек аралары кийинчерээк, аймакты уюштуруу иштери аяктагандан кийин аныкталары көрсөтүлүп, алгач уезддер Кокон хандыгынын мезгилиндеги бектиктердин жана серкерликтердин чектери менен аныкталган. Мындан тышкары облустагы кызматтык түзүмдөрдүн да убактылуу бекитилген штаттык бирдиктери, аларга дайындалган орус офицерлери да жазылган [65, с. 1]. Ушул сыяктуу генерал-губернатордун расмий буйруктары гезит беттерине жарыяланып турган.

Мындан тышкары, гезиттин бир багыты катары Түркстан аймагын ар тараптан изилдеген маанилүү илимий макалалар жарыяланган. Негизинен аймакты изилдеген чыгыштаануучулардын, саякатчылардын материалдары үзгүлтүксүз жарыяланып турган. Мында кыргыз таануу маселесинин ар кандай аспекттерин чагылдырган булактык маанидеги көптөгөн материалдар жарыяланган.

Алардын арасынан Г.Загряжскийдин, Алибай деген жашыруун ат менен жазган И. Андреевдин [36, 75] жергиликтүү башкарууга байланышкан кызыктуу макалаларын кошууга болот. Демек, "Туркестанские ведомости" гезити колониалдык бийликтин расмий органы болгонуна карабастан, гезит беттерине булакнаамалык мааниси жогору болгон материалдар жарык көргөн. Гезитке күнүмдүк окуялар, кызыктуу очерктер, публицистикалык материалдар тынымсыз жарыяланып, алардын көпчүлүгү тарыхый булактык мааниге ээ болгон.

Мындан тышкары, кыска убакыт басмадан чыккан "Русский Туркестан" гезитинде да жергиликтүү башкаруу органдары, аларга өткөрүлгөн шайлоолор ж.б. айрым материалдар жарыяланган. Мисалы, гезиттин 1898-жылдын 29-сентябрындагы санында кыргыздардагы шайлоонун жүрүшү боюнча жазылып, андагы добушту сатып алуу 200-300 рубль турары, жогорку чекке жеткенде 500 рублга чейин жетери жазылат [67]. Аталган гезитте мындан тышкары туземдик администрациянын милдеттери, элдик сот, болуштук катчы ж.б. сыяктуу макалалар жарыкка чыккан.

Маанилүү тарыхый булактардын катарына "*Туркестанский сборник*" жыйнагын кошсок болот. Аталган жыйнак Түркстан генерал-губернатору К.П.Кауфмандын демилгеси менен, библиограф В.И.Межов, андан соң окумуштуу-чыгыштаануучулар А.А.Диваев, Н.Ю.Бонч-Осмоловский, А.А.Семенов, И.И.Гейерлердин көп жылдык эмгектеринин натыйжасында түзүлгөн. 591 томдон турган Орто Азия тарыхы боюнча өз ичине 3000ден ашуун макалаларды, атайын эмгектерди камтыйт [86, с. 101-104]. "Түркстан жыйнагы" учурда Кыргыз-Түрк Манас университетинин веб-сайтында электрондук форматта жайгаштырылган. Аталган жыйнак Орто Азия элдеринин, анын ичинде Кыргыздардын тарыхына байланыштуу ар тармактуу кеңири маалыматтар камтылган баалуу тарыхый булак болуп саналат. "Түркстан жыйнагында" колониялдык доордогу административдик саясатка байланышкан көптөгөн макалалар, очерктер, тарыхый эмгектер жарык көргөн. Алсак, жыйнактагы Түркстандагы элдик сотторду изилдеген макалалардын биринде казы

сотторунун сапаттык жактан төмөндөшүнүн себептеринин бири катары шайлоодогу сатып алуу (подкуп) көрсөтүлүп, аларды кызматка бекитүүдө казылыкка ат салышып жаткандарды белгилүү бир участоктун казыларынын коллегиялуу курамынан шарият боюнча сынактан өткөрүү сунушу айтылат [55, с. 101].

*Жергиликтүү булактар.* Падышачылыктын Кыргызстандагы административдик саясаты, жергиликтүү башкаруу органдарды, айрыкча алардын терс көрүнүштөрү жергиликтүү булактарда да чагылдырылган. Алар негизинен ошол доордо жашап өткөн акын-заманисттердин, агартуучулардын чыгармаларында, өз мезгилинин билимдүү кишилеринин эмгектеринде айтылат.

XIX кылымдын акыркы чейреги – XX кылымдын башындагы Кыргызстандын түштүк аймактарындагы административдик саясаты, өзгөчө болуштук жана айылдык башкаруу, андагы терс көрүнүштөр тууралуу Молдо Нияз Эрназар уулунун, Токтогул Сатылгановдун, Барпы Алыкуловдун ж.б. чыгармаларында чагылдырылат.

Алсак, белгилүү жазгыч акын, өз доорунун агартуучусу Молдо Нияздын газалдарында болуштук, айылдык башкаруу органдары тууралуу бир нече жолу баяндалат. Ал өзүнүн чыгармасында ошол мезгилдеги болуштук башкаруучуну “миң башы”, ал эми айыл старчынды “амин” деп атаган. Маселен чыгармада мындай саптар бар:

Бутпарас кафир сак болуп,
Замана чапка айланды.
Миң башы менен аминдар
үч жылда бир сайланды.
Колдон мынча иш келер,
Койбоду кафир тирикти [57, с. 41].

Көрүнүп тургандай, автор колониалдык доордогу жергиликтүү башкаруучуларга канааттанбагандыгын, орус бийлиги өзүнө гана ыңгайлуу “жардамчыларды” тиешелүү башкаруу органдарына койгондугун ачык эле жазган.

Молдо Нияздын уруусу найман болуп, ал азыркы Кадам-Жай районунун аймагында жашап өткөндүгүн, бул аймакта ал учурда Найман болуштугу түзүлгөндүгүн белгилеп кетмекчибиз. Молдо Нияз орус оторчуларын, алардын жүргүзгөн саясатын өтө жек көрүү менен кабыл алган. Жергиликтүү башкаруучулардын баары орус бийлигиниин куралына айланып калгандыгын чыгармасында төмөнкүчө баяндайт:

Бутпарас каапыр орусту,

Эллик башы эргешти,

Биригип кетти миң башы,

Ойрон болду он башы [56, с. 59]. Молдо Нияз өз доорундагы көрүнүктүү акын жана агартуучу катары өзү туулуп, жашап өткөн чөлкөмдөгү бир топ тарыхый окуяларды, инсандарды, биз изилдеп жаткан колониалдык доордогу жергиликтүү башкарууну жана алардын башкаруучу өкүлдөрүн өзүнүн чыгармаларында чагылдырып кеткен. Акын ал эле эмес Кыргызстандын бүт аймактарын, Фергана өрөөнүн башка аймактарын, Кашкарды ж.б. көптөгөн жерлерди кыдырып, эл аралап жүргөн изденүүчү катары да өзүнүн чыгармаларынан бизге белгилүү. Демек, изилдеп жаткан маселени чагылдырган жергиликтүү булактардын катарында Молдо Нияздын чыгармалары маанилүү орунда турат.

Жергиликтүү булактардын катарына демократ акын аталган Токтогул Сатылгановдун эмгектерин да кошууга болот. Акындын жалпы журтка белгилүү болгон “Беш каман” деп аталып жүргөн ыры дал ушул маселеге арналган. Ал Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Рыскулбек Нарботоевдин өрөөндү башкарган балдарынын өкүмзар бийлиги, зулумдугу, жемкорлугу тууралуу ыр болуп, анда:

Жетим-жесир алсызга,

Карабадың беш каман.

Жетилсин деп жардыны,

Санабадың беш каман.

Жеп-ичкенден башканы,

Каалабадың беш каман – деген саптар жазылган [68, 22-б.]. Акындын бул чыгармасы коомчулукта эң эле белгилүү. Анын айланасында көптөгөн көз-караштагы пикирлер да тарап келет. Токтогулдун чыгармачылыгы совет өкмөтүнүн мезгилинде изилденгенин, акындын ырларынын бизге келип жеткенге чейин жыйноочулар тарабынан ырлардын текстине карата социалисттик идеологияга ыктаган кээ бир түзөтүүлөр болушу ыктымал. Анткени, Токтогулдун жалпы эле орус улутуна, алардын баскынчылык саясатына каршы маанайдагы саптарын тоталитардык режимдеги цензуралоо катуу жүргүзүлгөн учурдан таза алып чыгып кетүү мыйзамченемдүү көрүнүш болгон. Бирок, ал чыгармалардын өзөгү, түпкү маңызы жоктон бар болгон эмес. Ошол эле жагдайды андан башка да жергиликтүү жана орус булактары бышыктап турат. Акын өзүнүн көптөгөн чыгармаларында дал ошол жергиликтүү башкаруу системасын, анын өкүлдөрүнүн терс жактарын ачык чагылдырган. Акындын өзүнүн чыгармасындагы орус төбөлдөрү менен жергиликтүү башкаруучулардын жең ичинен сүйлөшүүлөрү тууралуу:

Ак падышачыл төрөгө,

Акча берди паралап” [68, 77-б.] – деген саптары ошол мезгилдеги жергиликтүү башкаруучулар менен орус начальниктеринин арасындагы коррупциялык схемалардын таралгандыгын айкын чагылдырып турат.

Жергиликтүү булактардын катарында Барпы акындын чыгармаларындагы бул маселеге арналган айрым ырларын да белгилөөгө болот. Анын чыгармаларында ошол мезгилдеги теңсиздик темасы басымдуулук кылат. Ал өзү да жакырчылыктан улам байлардан, башчылардан көптөгөн азап көргөнүн ырга салат. Өзгөчө, бий-казылардын, болуштардын ээзүүчүлүк үстөмдүгүн, мыйзамсыз иш аракеттерин ашкерелейт. Мисалы, ал өзүнүн “Калайык угар үнүмдү” деген чыгармасында:

Казысы мени камады,

Канкор желдет сабады.

Караңгы күндөн куткарар,

Калыстык оту жанабы? – деп ырдайт [39, 131-б.]. Ал эми “шайлоо” деп аталган чыгармасында революцияга чейинки шайлоо менен совет мезгилиндеги шайлоону салыштырып, төмөнкүдөй ырдайт:

Эки жаат болуп шайлоо талашкан,
Жарды, кедей, акыл кетип адашкан.
Кедейлерден барып калса шайлоого,
Бай, манаптар калтакташип сабашкан.
Шайлоо болсо басып аял келбеген,
Акча болсо сатып алган амалды.
Биз өткөрдүк мурун күйгөн заманды,
Бечарага берген эмес кабарды,
Шайлоо үчүн нечен кедей камалды [37, 182-183-бб.]. Көрүнүп тургандай, ал мезгилдеги советтик түзүлүштү бир жактуу мактап ырдоо Барпы акындын ырынан да орун алган. Ошондой болсо да колониалдык доордо жергиликтүү башкаруу органдарга өткөрүлгөн шайлоолорду калыс сүрөттөгөн.

Демек, колониалдык саясаттын орношу менен алардын башкаруу системасынын, анын ичинде жергиликтүү башкаруу органдарынын кыргыз коомчулугундагы абалын, оң жана терс көрүнүштөрүн жергиликтүү акындардын чыгармаларында кеңири орун алгандыгы көрүнүп турат. Орус булактарынан айырмаланып, жергиликтүү авторлор эл арасындагы оң жана терс көрүнүштөрдү ачык сүрөттөшкөн. Алар элдин орус бийлигине болгон маанайын, мамилесин ыр саптары аркылуу даана, айкын чагылдыра алышкан.

Жергиликтүү авторлордун көпчүлүгү өз эмгектеринде социалдык теңсиздик темасына басым жасашкандыгы менен мүнөздөлөт. Ошону менен бирге, алар колониалдык саясаттын, жергиликтүү элдик башкаруунун абалын, аларга өткөрүлгөн шайлоолордун жүрүшүн, жалпы элдин коомдук, социалдык, укуктук ж.б. турмушун чагылдырышкан. Жергиликтүү булактарды падыша бийлигинин өкүлдөрүнүн расмий позициясынан жана аларга көз каранды болгон жергиликтүү башкаруу өкүлдөрүнүн таптык мүнөздөгү көз карашынан алыс

болгон, тескерисинче алардын экинчи тарабындагы реалдуулукту чагылдырган булак катары эсептөөгө болот.

Изилдеп жаткан маселенин булактык базасын анализдөө менен төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

- Колониалдык доордогу "аскердик-элдик башкаруу" системасын чагылдырган булактар кеңири. Алардын басымдуу бөлүгүн орус тилиндеги булактар түзүп, айрым жергиликтүү булактарда да кээ бир жагдайлары сүрөттөлөт.
- Орус тилдүү тарыхый булактардын өзүн бир нече топко бөлүп кароого болот. Алардын көпчүлүгү расмий орус бийлигинин өкүлдөрү тарабынан жазылгандыктан, аларды сын көз караш менен кароо аркылуу илимий жыйынтык чыгарууга болот.
- Фергана өрөөнүндөгү (ал учурда Фергана облусу) кыргыздардын жергиликтүү башкаруу системасы тууралуу Өзбекстан Республикасынын Улуттук Архивинин (Национальный Архив Узбекистана) фонддорунда (Ф.И.-19, Ф.И.-1 ж.б) миңдеген документтер сакталууда жана алар маанилүү булак болуп эсептелет.

### 2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору

"Аскердик-элдик башкаруу" түшүнүгү Россия империясынын азыркы Борбордук Азияны каратып алуудан кийин киргизилип, калыптанып, эволциялана баштаган жаңы административдик башкаруу системасы болуп саналат. Аталган адаминистративдик башкаруу системасы Россия империясынын Орто Азия аймагы үчүн киргизген жаңы башкаруу системасы болгон, ал эми Россиянын административдик башкаруу тарыхында мындай система "княздык дружиналар" [120, с. 210] түрүндө пайда болгон. "Аскердик-элдик башкаруу" системасы 1865-жылдын 12-февралында жарык көргөн падышанын Түркстан облусун түзүү боюнча буйругунан кийин түптөлө баштаган [43, с. 876-881]. Документте көрсөтүлгөндөй жаңы түзүлгөн Түркстан облусу Оренбург генерал-губернаторлугунун курамына киргизүү менен катар, буйрукта: "Аскер-губернатору аскердик жактан Оренбург крайынын аскер командачылыгына баш ийдирилсин, ал эми граждандык жактан Оренбург генерал-губернаторуна баш ийдирилсин" [43, с. 876-881]. – деп белгиленген. Ал

эми 1865-жылдын жай айында “Временное положение об управлении туркестанской областью” аттуу жаңы Жобо кабыл алынып, анда жогорудагы идея уланган. Документтерде белгиленгендей аскер-губернаторго кеңири башкаруу укугу берилип, анын колунда аскердик жана граждандык башкаруу укугу топтолгон. Генерал-губернатордун (бир адамдын) колунда аскердик жана граждандык башкарууну айкалыштыруу Орто Азиядагы административдик башкаруудагы аскердик-элдик башкаруу системасынын бир бөлүгү болгон.

Аскердик-элдик башкаруу тажрыйбасы Россия империясына караган Закавказье облусунда, Дагестан облусунда киргизилип, мезгилдин өтүшү менен өзгөрүүлөргө учураган.

Аскердик-элдик башкаруу системасынын маңызы төмөнкүдөй болгон: 1) жергиликтүү элди империянын мыйзамдары менен эмес “элдик салттуу үрп-адаттын” негизинде башкаруу; 2) сот системасы жергиликтүү эл үчүн шариаттка жана адатка негизделген “элдик сотторго” тиешелүү. Бирок, жергиликтүү элдик башкаруу органдарына саясий мүнөзгө ээ болбогон ишмердиктерди гана жүргүзүү укугу берилген. Демек, Россия империясынын жаңы киргизилген административдик башкаруу системасынын негизги принциптери жергиликтүү элдин үрп-адаттарына, динине кийлигишпөө, болуштук, айылдык административдик органдар, элдик сот үчүн жергиликтүү элдин өкүлдөрү тарабынан шайланган (манаптар, байлар, бийлер, казылар) өкүлдөр аркылуу башкаруу болгон. Бирок, башкаруунун негизги рычагы болгон аскердик администрация – колониалдык бийлик өкүлдөрүнүн колунда болгон. Аталган методологиялык принциптер Россия империясы тарабынан кабыл алынган Жоболордо бекитилген. Россия империясынын мыйзамдарында чагылдырылган [43, с. 876-881].

**Изилдөөнүн объектиси:** Колониалдык доордогу “аскердик-элдик башкаруу” системасы. Аталган түшүнүк Россия империясы Орто Азия аймагын каратып алгандан кийин, каратып алган жерлерди административдик жактан башкаруу үчүн киргизилген жаңы башкаруу системасы болуп эсептелген. Башкаруу системасын түптөө максатында 1865-жылы Түркстан облусу, 1867-

жылы Түркстан генерал-губернаторлугу, 1886-жылы расмий түрдө Түркстан крайы болуп түзүлгөн. Жаңы түзүлгөн аймакты башкаруу үчүн колониалдык бийлик тарабынан башкаруунун принциптери камтылган, башкаруу органдарын, алардын функцияларын аныктаган жоболор иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн предмети**: Фергана облусунун материалдарынын негизинде “аскердик-элдик башкаруунун” уюштурулушу, өрчүшү, жергиликтүү элдик башкаруу системасы.

“Акердик-элдик башкаруу” системасы колониалдык бийликтин бекемделиши менен катар бюрократиялык-чиновниктик аппарат түзүлүп, эволюцияланып олтурган. Бюрократиялык-чиновниктик аппартаттын калыптанышы администрртивдик чөйрөдө терс көрүнүштөрдү пайда кылып, XIX к. аягында XX к. башында Фергана өрөөнүндө элдик нааразычылыктарды жараткан. Колониалдык бийлике карата нааразычылык күчөп, улуттук трагедиялуу окуяларга алып келген.

Өзгөчө Фергана өрөөнүндөгү аскердик-элдик башкаруунун кесепеттери 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнө, 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылдын жаралышынын башатына алып келген.

Изилдөөнүн объектисине, предметине жараша, изилдөө процессинде тарых илиминдеги  принциптерге таянуу жана методдорду колдонуу аркылуу коюлган максат, милдеттерге жетүүгө аракеттендик.

Тарых илиминин методологиясы тарыхты таанып билүү процессиндеги татаал көрүнүштөрдүн бири болуп саналат. Тарыхты таанып билүү, анын теориясын жаратуу методологиянын негизги маселеси. Кыргызстандын тарыхнаамасында тарых илиминин методологиясына карата жазылган эмгектер, изилдөөлөр жокко эсе деп айтуу чындыка жакын. Ошого карабастан  тарыхый изилдөөлөрдүн дээрлик көпчүлүгү советтик мезгилдеги методология маселесине арналган эмгектерге, учурдагы россиялык, чет элдик окумуштуулар тарабынан жазылган илимий эмгектерге таянуу аркылуу илимий маселенин методологиясын жана колдонуу методдорун аныктоого болот.

Тарых илиминин методолгогиясына арналып советтик мезгилде М. Блок, И.Д. Ковальченко [92, 108] ж.б. тарабынын эмгектер жаралса, постсоветтик доордо болсо О. Медушевская, И.И. Смоленский, И.Д. Парфенов, Г.И. Ипполитов [124, 135, 126, 103], чет элдик окумуштуулар А.Дж. Тойнби, Л. Февр [141, 145] ж.б. эмгектери жарык көрдү. Аталган эмгектерде окумуштуулар тарых илиминин функциясын, объектисин, предметин, принциптерин, тарыхый факты, илимий изилдөөнүн методдору боюнча кеңири илимий-теориялык методдорду иштеп чыгышты. Советтик тарых илиминде тарых илиминин метдологиясына карата классикалык эмгек жараткан окумушуулардын бири И.Д. Ковальченко болуп саналат. Автордун тарых илиминдеги ар бир методдорго анализ жүргүзүп, тарыхый факт, тарых илиминин булактарын классификациялап, илимий изилдөө ишинде жаңы математикалык методдорду колдонуу сунушун киргизди. Советтик доордо жазылгандыгына карабастан, автордун эмгеги эгемендик доордо кайрадан басмадан жарык көрдү. Белгилей кетсек, И.Д. Ковальченко аталган эмгегинде тарых илиминдеги: тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-системалык ж.б. методдорго кеңири токтолуп, ал методдорду колдонуу боюнча маани-маңызына токтолуп кеткен [108].

Учурдагы тарых илиминин методологиясына ири салым кошкон эмгектердин катарына В.В. Алексеев, Н.Н. Крадин, А.В. Коротаев, Л.Е. Гринин тарабынан даярдалган “Теория и методология истории” [139] аттуу жогорку окуу жайлар үчүн жазылган коллективдүү эмгекти атоого болот. Эмгекте ырааттуу түрдө тарыхый процесстин байыркы мезгилден тарта XX-XXI кк. чейинки колдонулуп келе жаткан марксистик теория, цивилизациялык ыкма, модернизациялоо теориясы, ситемалык анализ сыяктуу популярдуу теорияларга токтолуп кетишкен. Деталдуу түрдө тарыхый өнүгүү проецессинин негизги факторлору болгон: жаратылыш, демография, тарыхтагы жеке инсандын ролу сыяктуу факторлорго кеңири анализ жүргүзүлгөн [139, с. 184-216]. Жогорудагы тарых илиминин методологиясына карата жазылган эмгектердеги негизги теориялык сунуштарды, методдорду колдонуу менен диссертациялык эмгекте

илимий эмгектин объектиси жана предметине жараша тийиштүү принциптерди, методдорду колдонууга аракеттендик.

Белгилүү болгондой илимде жалпы илимий методдор, спецификалык методдор жана тийиштүү принциптер бар. Изилдөө ишинде тарых илиминде белгилүү болгон негизги үч принципке: тарыхыйлык принциби (принцип историзма); объективдүүлүк жана себептүүлүк (принцип причинность) принциптерине таянуу менен алдыга коюлган милдеттерди аткарууга аракет жасалды. Тарыхыйлык принциби – бардык предметтерди, кубулуштарды өнүгүү катары кароо менен алардын тарыхын изилдөө, предметтердин, кубулуштардын жаралышынын конкреттүү тарыхый жагын кароо, ар бир окуянын, кубулуштун өз ара биримдигин, байланышын изилдөө талап кылынат. Бул өңүттөн алып караганда, колониалдык доордогу “аскердик-элдик башкаруу” системасынын Фергана өрөөнүнүн мисалында изилдеп жатып, тарыхыйлык принципти колдонууга туура келет. Анткени, “аскердик-элдик башкрауу” системасынын жаралашы Россия империясынын Түркстанга карата жасаган каратып алуу саясатынын, колониалдык бийликти бекемдөө максатында, каратып алуу саясатынын ырааттуу уландысы катары кароого болот. “Аскердик-элдик башкаруу” системасынын жаралышы конкреттүү тарыхый жагдайдан улам, тарыхыйлык мүнөзгө ээ болгон көрүнүш катары баалоого болот. Тарыхый процесстин башында Россия империясынын тышкы геосаясаты, анын максаты, милдеттери, өнгүгүүсү тийиштүү административдик башкарууну орнотуу зарылдыгын жараткан. Алсак, Ю.Н. Арзамаскин “тарыхыйлык принцип окуянын (фактынын) башка фактылар менен болгон байланышын камсыздайт” - деп белгилейт [91]. Демек, аскердик-элдик башкаруу системасынын киргизилишине шарт түзгөн окуя, бул каратып алуу процессинин  иш жүзүндө аткарылышы катары баалоого болот.

Тарыхыйлык принципти колдонуудагы маанилүү жагдайлардын бири – бул тарыхыйлык принцип тарыхты конкреттүү процесс катары кароо менен бирге анын маани-маңызы жана убактысы боюнча өзгөрүүгө дуушар болорун аныктоо. Мисалы, жалпы эле Россия империясынын Түркстандагы каратып алуу,

административдик саясатын изилдеп жатып, ага баа берген окумуштуулардын көз караштарынын өзгөрүүсүнө көңүл буруу керек. Анткени, изилдөөчүлөр көпчүлүк мезгилде коомдон, ал коомдун институттарынан көз каранды болот. Ошондуктан айрым көз караштар сынга алынат, саясий коньюнктурага жараша өзгөрөт. Ошол эле учурда окуя боюнча жаңы фактылардын жаралышы менен мурунку көз караштар өзгөрүүгө дуушар болушу мүмкүн. Изилдөөчү Н.И. Павленконун пикирине таянган Ю.Н. Арзамаскин мындай фактылар үчөө болушу мүмкүн экендигин белгилейт. Биринчиден, көз караштардын өзгөрүшү тарых илиминин жаңы талаптарынын негизинде өзгөрүшү ыктымал [91]. Ушул өңүттөн алып караганда Россия империясы Түркстанды каратып алды, ошону менен катар реформа жүргүздү, социалдык-экономикалык чөйрөдө ири өзгөрүүлөр болуп өткөндүгүн, айрым окумуштуулар белгилеп келүүдө. Алсак Е.А. Глущенконун [94] эмгеги аталган таризде жазылган. Автор аталган эмгегинде Россия империясы тарабынан басып алуучулук саясаттын жүргөндүгүн белгилейт. Ошол эле учурда каратып алган аймакты өнүктүрүү үчүн социалдык-экономикалык мүнөздөгү реформалардын жүргүзүлгөндүгүн, тарыхый булактарга таянуу менен далилдөөгө аракет жасаган.

Изилдөөчүлөр көпчүлүк учуруда коомдук-саясий кырдаалдан көз каранды болушу мүмкүн. Ошол эле учурда жаңы материалдардын, тарыхый булактардын табылышы кайсыл бир окуяларга берилгин баа, көз караштар, илимий концепциялар өзгөрүүгө учурашы мүмкүн. Экинчиден, тарыхчынын ишмердиги коомдук-саясий чөйрөнүн таасири астында, жаңы жаралган идеологияга байланыштуу өзгөрүүгө дуушар болушу мүмкүн. Кыргызстандын Россияга каратылышы советтик конъюнктуранын шартына жараша, ал процесске берилген баа өзгөрүп келгендигин белгилеп кетүү зарыл. Эгемендүүлүк мезгилинде каратып алуу маселеси колониалдык мүнөздө болгон саясат, аскердик-элдик башкаруу системасы саясий, социалдык-экономикалык кесепеттерди жараткан тарыхый трагедиялуу көрүнүшү катары бааланып келе жатат. Алсак, 1916-жылдагы көтөрүлүштүн түпкү себептери колониалдык

саясаттын кесепетинен улам жаралган, кыргыз элинин тарыхындагы трагедиялуу окуялардын бири.

Тарыхый илимий изилдөөнүн негизги принциптеринин бири – бул объективдүүлүк болуп саналат. Ар бир изилдөөчү чыныгы тарыхый фактынын негизинде тандап алган объекти анын предмети боюнча объективдүү көрүнүштү чагылдырууга, изилдөөгө милдеттүү. Илимдин тарыхый билимден айырмасы такталган, далилденген фактыларга гана таянууну талап кылат. Албетте, ар бир тарыхчы өзүнүн көз карашына жараша, окуяларды, кубулуштарды ар кандай чагылдырат, ага ар кандай баа, мүнөздөмө берет. Ошол эле учурда тарых илими идеологиялык күрөштүн аренасы да болуп келген, болуп да жатат. Тарыхчылар мамлекеттин жүргүзүп жаткан саясатын актоо, колдоо максатында, айрым учурларда тарыхый фактыларды тенденциялуу изилдеп келишкен. Тарыхый процессти таанып-билүүдө объективдүүлүккө жетүү үчүн, бир катар факторлор талап кылынат: а) Изилдөөчүгө байланышпаган тарыхый булактардын болушу. Аталган фактор боюнча эгемендүүлүк доордун саясий өнүгүү тарыхын чагылдырган бир катар булактар бар. Диссертациялык изилдөөбүздө аскердик-элдик башкаруу системасын чагылдырган көптөгөн архивдик булактарды колдондук. Алсак, Ташкент шарында жайгашкан Өзбекстан улуттук архивинин “Ферганское областное управление” фондунда (Ф.-И.-19, 1876-1917) облустун уездерине караштуу болуштуктарга шайлоонун жүрүшү боюнча маалыматтарды алууга болот. Архивдик булактар өз мезгилинде орус администрация өкүлдөрү, Түркстан генерал-губернаторлугунун канцеляриясынын кызматкерлери, облустук, уездик өкүлдөр тарабынан билдирүү, рапорт, кат, протокол түрүндө жазылып, генерал-губернаторлуктун канцеляриясына жөнөтүлүп, мезгилдин өтүшү менен ал документтер архивдик документке айланган. Документтердин түзүүчүсү орус бийлигинин өкүлү болуп жаткандыктан, архивдик документтерде шайлоо дайыма эле уездик начальниктердин коррупциялык иштери сүрөттөгөн фактылар, орус бийлигине карата жергиликтүү элдин нааразычылыктары ачык жазылган эмес. Окуя тууррасында объективтүү чындык сүрөттөлбөй калышы мүмкүн. Демек, тарыхтагы айрым окуялардын

объективдүүлүгүнө салыштырмалуу түрдө гана жетүү мүмкүн болот. Ошол эле учурда абсолюттук түрдөгү объективдүүлүктү колдонууга жетүү мүмкүн эмес. Г.М. Ипполитов: “объективдүүлүккө жакындоого болот. Чындап жакыныраак” [103, с. 685], - деп жазат. Анткени, кандай гана объективдүү көрүнүш, кубулуш, окуя субъект тарабынан чагылдырылат, объективдүү көрүнүшүтө субъективдүү кабыл алуу өкүм сүрөт. Ошондуктан объективдүүлүк тарых илиминин теориясы жана методологиясындагы өтө татаал принциптердин бири болуп саналат.

Изилдөө ишибизде жогорудагы принциптерден тышкары тарых илиминдеги методдор колдонулду. И.Д. Ковальченко эмгегинде тарых илиминде бир канча методдорго анализ жүргүзүп, алардын ичинен тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-системалык ж.б. изилдөө ишинде көбүрөөк колдонуларын белгилейт [108, с. 183]. Илимий изилдөөбүздө колдонулган методдордун бири тарыхый-салыштырмалуулук метод болуп саналат. Окуялардын жүрүшүн, кабыл алынган чечимдерди салыштыруу аркылуу чындыкка жетүүгө жол ачылат. Салыштыруунун объективдүү негизи болуп коомдук өнүгүүдөгү кайталанып туруучу, ички мыйзам ченемдүүлүк процесси болуп саналат. Коомдук өнүгүүдөгү окшоштук, үндөштүк жана жалпылык жактар бар. Маселен, Россия империясынын Түркстанды башкаруу үчүн киргизилген административдик башкаруу системасы Екатерина II мезгилинде 1775-жылы 7- ноябрда өлкөнү реформалоо максатында император тарабынан кабыл алынган “Учреждение для управления губерний Всероссийской империи” аттуу мыйзамга үндөш, жалпы окшоштук жактары бар. Маселен, аталган мыйзамга ылайык мамлекет губернияларга, уездерге бөлүнүп, жаңы киргизилген административдик башкаруу системасы 1917- жылга чейин сакталып калган. Аталган мыйзамдын негизги принциптери Түркстанды башкарууда колдонулуп, жергиликтүү аскердик-элдик башкаруусу гана айырмачылыкты жараткан.

Тарыхый-салыштырма методун Фергана облусуна караштуу Анжиян, Кокон, Маргалаң, Наманган, Ош уезддердеги калктын этникалык курамын тарыхый булактарга таянуу аркылуу салыштыруу менен уезддердеги

кыргыздардын санын аныктоого мүмкүндүк берет. Диссертацияда көрсөтүлгөндөй 1911-жылдагы отчеттордо маалым болгондой Наманган уездинин калкынын жалпы саны 479473 кишини түзсө, анын ичинде өзбектер калктын 67%, кыргыздар 17% [72, с. 127] түзүшүп, уезд боюнча экинчи орундагы тургундар болгон.

"Аскердик-элдик башкаруу" системасындагы кабыл алынган мыйзамдардын жыйнагы бул – жоболор. Түркстан крайын башкаруу боюнча 1865, 1867, 1871, 1873, 1886-жылдары бир канча жоболор иштелип чыгып, айрымдары кабыл алынып, айрымдары убактылуу пайдаланылган. Жоболорду тарыхый-салыштырмалуулук жана тарыхый-генетикалык методдор аркылуу анализ жасоо талап кылынат.

Диссертациялык эмгектин тарыхнаамалык абалына анализ берүүдө тарыхый-салыштырмалуулук методун колдонуу зарылдыгы жаралат. Изилдөөнүн тарыхнаамасын үч доорго бөлүп кароо (революцияга чейинки, советтик, постсоветтик) ар бир доордогу илимий көз караштарды салыштырып кароого аталган методдун талабы толук жооп берет. Салыштырып кароо, изилдөөчүлөрдүн көз караштарына баа берүү аракети диссертациялык эмгектин 1.1., 1.2., 1.3. параграфтарында кеңири каралды.

Демек, тарыхый-салыштырмалуулук методу кеңири таанып билүүчүлүк шартка ээ. Биринчиден, тарыхый-салыштырмалуулук методу изилдеп жаткан көрүнүш, так, бүдөмүк болгон учурда, анын кубулушунун маңызын ачып берүүгө, ал кубулушка тиешелүү болгон жалпы жана кайталанган зарыл жана мыйзам ченемдүү, ошол эле убакта бири-биринен айырмаланган көрүнүштөрдү аныктоого мүмкүндүк берет. И.Д. Ковальченко "бир типтүү жана көп типтүү, бир кылка шартта жана өнүгүүнүн ар кайсыл деңгээлиндеги объектилерди, кубулуштарды салыштыруу керек" [108, с. 188] – деп белгилеген.

Илимий изилдөөдөгү колдонулган экинчи бир маанилүү методдордун бири бул тарыхый-генетикалык метод болуп саналат. Бул метод илимде кеңири колдонулат. Таанып-билүү ырааттуу түрдө бир жактуулуктан,

өзгөчөлүккө карай, анан жекеден жалпылыка карай өнүгүү керек. Түркстан крайын башкаруу боюнча кабыл алынган, убактылуу пайдаланылган жоболордун  тарыхый-негизи, жаралышы, жалпы мазмуну генетикалык жактан бир тектүү. Жоболор эволюциялык түрдө элдик сот бийлигин, жергиликтүү болуштук, айылдык башкаруу системасын акырындап, орус бийлигинин мыйзамдарына баш ийдирүү максатын көздөгөн. Маселен, 1867-жылкы Жободо көчмөндөрдө элдик сот бийлер тарабынан жүргүзүлөт деп, ал эми сарттарда болсо элдик сот казылар тарабынан жүргүзүлөрү көрсөтүлгөн [33, с. 29-33]. Ал эми 1886-жылдагы жобoдо бий, казы түшүнүктөрү аталбастан элдик сот гана термини колдонулат [65, с. ]. Шариатка жана адатка негизделген казылардын, бийлердин  функцияларын кыскартуу менен орус сотуна акырындап өткөрүү максатын көздөгөн. Россия империясы Түркстандагы коомдук-саясий кырдаалга, социалдык абалга жараша аймакты башкарууну реформалоо, жаңы жоболорду кабыл алуу аркылуу өзгөртүүлөр киргизип турган.  Жоболордон көчмөн элдердин сот бийлигине көзөмөл жүргүзүү, акырындап орус бийлигине баш ийдирүү, жалпы орус мыйзамдарын орнотуу максаттарын көздөгөн өз ара генетикалык максат, багыт бар экендигин көрүүгө болот.

Тарых илиминдеги методдордун бири бул – илимий изилдөөдө тематикалык карталарды түзүү ыкмалары аркылуу кошумча каражаттарды жаратууга шарт түздү. Диссертациялык изилдөөдө архивдик булактарда сакталып калган, өз учурунда И. Попов аттуу жер ченөөчү тарабынан түзүлгөн Ош уездинин картасы колдонулду. Картага таянуу менен болуштук административдик бирдиктердин аймактык өзгөчөлүктөрү, жер-суунун аталыштары, этнотопонимдер тууpасында кызыктуу материалдарды тактоого мүмкүн болду.

Демек, диссертациялык эмгекте жогоруда аталган илимдеги принциптерге, методдорго, аларда каралган негизги теориялык, методологиялык көрсөтмөлөргө таянуу аркылуу диссертациялык эмгектин алдына коюлган максат, милдеттерди аткарууга аракет кылдык.

# II БАП. ФЕРГАНА ОБЛУСУНДА “АСКЕРДИК-ЭЛДИК БАШКАРУУ” СИСТЕМАСЫНЫН УЮШТУРУЛУШУ, ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## § 3.1. “Аскердик-элдик башкаруу” системасынын өзгөчөлүктөрү

Россия империясынын Кыргызстанды каратып алуу жараяны ондогон жылдарда этаптуу ишке ашкандыгы белгилүү. Изилдөөчүлөр 1855-жылы бугу уруусунун Орус букаралыгын таануусу менен Кыргызстанда колониадык доор башталганын белгилешет [106, 74-б.]. Ага карабастан, орус бийлигинин аймактагы системалуу административдик реформалары чөлкөмдү каратуунун андан ары өнүгүшүнөн улам XIX к. 60-жылдарынын ортосунан ишке ашырылган.

1865-жылы Оренбург генерал-губернаторлугунун курамында Түркстан облусу түзүлүп, Түркстан облусун башкаруу жөнүндө убактылуу Жобо (Временное Положение об управлении Туркестанской областью) иштелип чыгып, 1865-жылдын 6-авгутунда бекитилген [43, с. 876-881]. Бул Жобо эки жылдай күчүндө туруп, Түркстан аймагы үчүн иш жүзүндө “аскердик-элдик башкаруу” системасынын киргизилишин аныктаган алгачкы расмий документ эле. Алсак, Жобо 3 бөлүмдөн, 42 беренеден туруп, “военное управление области” жана “военно-народное управление” деп аталган бөлүмдөрүндө “аскердик-элдик башкаруунун” принциптери, өзгөчөлүктөрү белгиленген.

Түркстан облусуна мурдагы Сыр-Дарыя линиясын түзгөн бүт мейкиндик жана Чу дайрасынан түштүккө карай кеткен бардык ээликтер кирип, облус административдик жактан оң канат (правый фланг), борбордук (центр) жана сол канат (левый фланг) болуп бөлүнгөн [43, с. 876-881]. Облустун мындай ички административдик-аймактык бөлүнүү системасын изилдөөчүлөр нагыз аскердик маселелерди чечүүгө ылайыкташкан деп белгилешет [82, с. 19]. Белгилей кетсек, Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрү сол канатка (левый фланг) караган.

“Аскердик-элдик башкаруу” системасы 1867-жылы жаңыдан түзүлгөн Түркстан Генерал-Губернаторлугунун түзүлүшү менен андагы “Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын башкаруу жөнүндө Жобонун долбоорунда” (Проект

Положения об управлении в Семиречинской и Сыр-Даринской областях) [33] конкреттүү аныкталган.

Түркстанды аскердик режимде башкаруунун зарылдыгы катары жергиликтүү кырдаал: аймактын жакында эле каратылгандыгы жана чек ара абалында болуусу, коңшу хандыктар менен болгон саясий мамилелер, өлкөнүн ичинде тынчтыкты сактоо жана сырттан жасалган ар кандай аракеттин мизин кайтаруу үчүн дайыма даярдыкта болуу зарылчылыгы [31, с. 9] менен түшүндүрүлгөн.

Жобо түзүлүшү боюнча 8 бөлүмдөн туруп, алардын 1- бөлүмүндө административдик түзүлүшү (устройство администрация) жана 2-бөлүмүндө сот түзүмү (устройство суда) белгиленген. Административдик түзүлүш боюнча башкаруунун 4 баскычы көрсөтүлүп, 1) Генерал-Губернатор, анын канцеляриясы; 2) Облустук башкаруу 3) Уезддик башкаруу жана 4) Жергиликтүү башкаруу (Местное управление) киргизилген [33, с. 1-20]. Аталган Жобонун долбоору мурдагы Жобого караганда бир кыйла тереңирээк иштелип чыккандыгына карабастан император тарабынан бекитилген эмес. Анткени, орус бийлиги үчүн Түркстан аймагы ар тараптан дагы да толук изилденип бүтө элек болгон жана бул аймактын периферияcынын андан ары дагы кеңейиши айкын болуп, Жобонун долбооруна дагы көптөгөн алымча-кошумча киргизилери бышык эле.

Түркстандын биринчи генерал-губернатору К.П. Фон Кауфмандын демилгеси менен 1871, 1873- жылдары да аймакты башкаруу жөнүндө Жобонун долбоорлору иштелип чыгып, бирок, алар падыша тарабынан бекилген эмес. Ошондой болсо да ал жоболордун долбоорлору убактылуу пайдаланылган. Мисалы, 1876-жылы Кокон хандыгын басып алгандан кийин анын аймагында Фергана облусу түзүлгөн болчу. Жаңыдан түзүлгөн Фергана облусун административдик, жер жана салык маселелери боюнча башкаруу 1873-жылы иштелип чыккан Түркстан генерал-губернаторлугунун облустарын башкаруу жөнүндө Жобонун долбоору (Проект Положение об управлении в областях Туркестанского генерал-губернаторство) [32] менен ишке ашырылган. Бул Жобо

расмий бекитилбесе да Фергана облусу түзүлгөн алгачкы күндөн тартып он жылдай, тактап айтканда 1886-жылы туруктуу Жобо кабыл алынганга чейин күчүндө болуп, облуста “аскердик-элдик башкаруунун” орношунда аталган Жобо чоң ролду ойногон. Ал эми соттук башкарууда 1867-жылда кабыл алынган Талаа комиссиясынын Жобосунун негизинде иштешкен [44, с. 7].

Фергана облусундагы кыргыздарга “аскердик-элдик башкаруу” системасынын негизиндеги эң алгачкы административдик уюштуруу иштери жөнүндө айрым фактыларды көрсөтүүгө болот. Мисалы, Алай кыргыздарын орус бийлигине баш ийдирүү үчүн генерал Скобелев баштаган Алай согуштук-илимий экспедициясы уюштурулуп, жай айларында Алайлык кыргыздар каратылган. Алайдын Жаңырык капчыгайындагы жеңилүүдөн кийин кыргыз уруу башчылары орус басып алуучуларына келип, орус булактарында сүрөттөлгөндөй, кол куушуруп багынып бере башташкан [28]. Генерал Скобелев кара-кыргыздарды биротоло баш ийдирүүнү жана болуштуктарды түзүүнү Ош уездинин начальниги Ионовго тапшырып, өзү атчан-аткычтар дивизиону жана ракеттик взвод менен Сопу-Коргондон Гүлчө, Өзгөн аркылуу Коконго кайтып келен [74, с. 70-71]. Скобелевдин Өзгөн аркылуу келишинин себеби ал жердеги кыргыздардын башчыларына бул чөлкөмдөрдүн Анжиян уездине киргендигин жарыялоо керек болгон [106, 287-б.]. 1876-жылы Алай кыргыздарынын Адигине, Муңгуш урууларынан турган көчмөн кыргыздары Ош уездинин төмөнкү үч болуштукка бөлүнгөн:

1) Гүлчө болуштугу – курамына Гүлчө, Тар дарыяларын жээктеген райондор, ал эми жайында Чоң-Алай, Кызыл-Суунун жогорку агымы кирген. Болуштук башкаруучу болуп Муңгуш уруусунан Ишанкул бий дайындалган.

2) Ак-Буура болуштугу – курамына Ак-Буура жана Сай-Кичик дарыяларынын системасы боюнча, Гүлчөгө карай кеткен чоң жолдо, жайында Кызыл-Суу дарыясынын ортоңку агымын камтыган аймактар кирген. Болуштук башкаруучулукка Адигине уруусунан Мулла-Мирза дайындалган.

3) Ноокат болуштугу – курамына Ноокат дарыясынын системасы боюнча, жайында Чоң-Алайда Кызыл-Суунун ортоңку агымын камтыган. Болуштук

башкаруучулукка Адигине уруусунан Наллибай бий, башка архивдик булакта Халыбай [7, с. 39] дайындалган. Аталган болуштуктар ич ара башында бийлер турган уруктарга бөлүнгөн. Ноокат болуштугунда Адигине уруусунун курамындагы уруктардан башка да уруктар болгон. Ал эми калган болуштуктарда Адигине жана Муңгуштун уруктары аралаш турган [28, с. 55]. Демек, орус бийлигинин эң алгачкы жылы Ош уездинде отурукташкан калк үчүн Ош, Булак-Башы, Жалал-Кудук болуштуктары уюшулса, көчмөн кыргыздарда Гүлчө, Ак-Буура, Ноокат болуштуктары уюшулган. Ошентип, Ош уездинде аскердик-элдик башкаруу системасы басып алуу шартында киргизилип, административдик иштер уюшула баштаган.

Фергана облусунда 1876-77-жж. болуштук башкаруучулар (жогорку баскычында) жана аксакалдар менен айыл старчындары (төмөнкү баскычында) башкарган коомдук-полициялык мүнөздөгү жергиликтүү башкаруу уюштурулган. Фергана облусунда жергиликтүү элдик администрациянын башчылары алгачкы жылдары негизинен орус бийлиги тарабынан дайындалышкан. Бул тууралуу аймакты текшерген Ф.Гирс өзүнүн отчетунда белгилегендей Фергана облусунда жергиликтүү бийликтин башчыларына шайлоолор 1879-жылдан баштап гана киргизилген, ага чейин негизинен уездик администрация тарабынан дайындалган. Жергиликтүү администрация башчыларына шайлоону уюштуруу боюнча берилген буйрукка карабастан, уездин начальниктери өздөрүнүн көрсөтмөсү боюнча дайындоону андан кийин да уланта беришкен [44, с. 61-62].

“Аскердик-элдик башкаруу” системасынын өрчүшү Түркстан крайын башкаруу жөнүндө бирдиктүү Жобо киргизилиши менен мүнөздөлөт. 1882-жылы Түркстан генерал-губернатору К.П.Кауфман каза болгондон кийин анын ордуна генерал М.Г.Черняев дайындалып, ал Түркстандын абалын текшерип, сунуштарды берүү үчүн борбордон Ф.Гирстин жетекчилигинде атайын комиссия жиберүүсүн өтүнөт. 1882-жылы Ф.Гирс башында турган комиссия бир жылдан ашуун иштеп, анын жыйынтыгы менен 1883-жылы падышага отчет даярдалган. 1884-жылы Н.П.Игнатьевдин жетекчилиги астында кайрадан комиссия түзүлүп,

ал Түркстан администрациясынын, Ф.Гирстин текшерүүсүнүн ж.б. материалдардын негизинде Түркстан крайын башкаруу жөнүндө Жобонун акыркы долбоорун иштеп чыгууга тийиш болгон. Аталган комиссия ишинин жүрүшүндө көптөгөн дискуссиялар, пикирлер коштолуп, 1886-жылы 12-июнда Түркстан крайын башкаруу жөнүндө Жобо (Положение об управление Туркестанского края) кабыл алынган. Бул Жобо өзүнө чейинки иштелип чыккан 1865, 1867, 1871, 1873- жылдардагы убактылуу Жоболор, Жобонун долбоорлорунун жыйынтыгы болгон.

Аталган Жобо кийинки жылдары жаңы долбоорлорду даярдоо аракеттеринин болгондугуна карабастан Түркстан крайы үчүн туруктуу баш мыйзам катары аягына чейин кызмат кылган. 1886-жылы кабыл алынган Изилдөөчү А.Маматова: “1886-жылдагы “Жобону” 1867-жылдагы убактылуу Жобо менен салыштырганда падышалык самодержавиянын саясатынын негизги багытынын күчү: аймакты акырындык менен Борбордук Россияга бириктирүү тенденциясы сакталгандыгы байкалат. Генерал-губернатор болсо облустук башкаруунун үстүнөн бийлигин катуу күчөткөн” [155, 89-б.] – деп туура белгилейт. Бирок, автор жергиликтүү башкаруу тууралуу “отурукташкан жана көчмөн калктын жергиликтүү башкаруу системасы андай деле өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес” [155, 89-б.] – деп айрым өзгөрүүлөрдү эске алган эмес. Жергиликтүү башкарууга байланыштуу аталган Жободон мурдагылардан айрым бир өзгөчөлүктөрдү белгилөөгө болот. Алсак, 1867-жылдагы Жобонун 116- жана 117- беренелеринде көрсөтүлгөндөй отурукташкан жергиликтүү элдерде калкы көп эмес жана бири-бирине жакын жайгашкан эки же андан көп айылдар биригип бир аксакалдыкты түзүп [33, с. 18], бир баскычтуу башкаруудан турса, 1886-жылдагы Жободо отурукташкан элдерге да эки баскычтуу башкаруу (болуштук, айылдык) киргизилип, аксакалдыктар болуштуктарга бириктирилген. Анткени, ага чейинки тажрыйба көрсөткөндөй уезддин начальниги менен ар бир аксакалдык тикелей иш алып барышып, аксакалдыктарда бесирлерди (писарь) кармоо үчүн чоң суммадагы акча жумшалган жана ашыкча кат алышуу ж.б. бир топ ыңгайсыздыктардан улам бул

чара кабыл алынган [63, с. 11]. Мындан тышкары отурукташкан элдердеги казылардын жана көчмөндөрдөгү бийлердин соту жалпы эле элдик сот деп өзгөртүлгөндүгүн ж.б. мисал келтирүүгө болот. Жобону иштеп чыгууда Түркстанды аскердик башкаруудан жалпы губерниялык башкаруусуна өткөрүү сунуштары көтөрүлгөндүгүнө карабастан "аскердик-элдик башкаруу" системасы кала берген.

Демек, дээрлик 20 жылдай тажрыйбага ээ болгон орус бийлиги акырында туруктуу Жобону кабыл алуу менен "аскердик-элдик башкаруу" бүтүмүнө келишкен. "Аскердик-элдик башкарууун" негизги шарты болуп: 1) аскердик жана административдик бийликтин бөлүнбөстүгү жана бир адамдын колуна топтолуусу жана 2) жергиликтүү калкка саясий мүнөзгө ээ болбогон бардык иштер боюнча өздөрүнүн арасынан шайланган өкүлдөргө адат-салттары менен башкарууну ыйгаруусу [31, с. 6] эсептелген. Түркстанда жалпы бийлик органы орус империясынын каратуу миссиясын ишке ашырган офицерлерге ыйгарылып, эң төмөнкү баскычындагы башкаруу элементтерине жергиликтүү калктын өкүлдөрү тартылган. Түркстан Генерал-Губернаторлугу структуралык жактан Россия империясынын Аскер министрлигине караган [33, с. 2]. Демек, Түркстанга киргизилген "аскердик-элдик башкаруу" системасынын өзөгүндө аскердик (военный) мүнөздөгү башкаруу формасы турган деп эсептөөгө болот. Ички түзүмү боюнча крайдын башчылыгында генерал-губернатор, облустарда аскер-губернаторлор, уездди уезд начальниктери, участкалык райондордо участкалык приставдар турган. Булардын өзүнчө тиешелүү болгон конкреттүү функциялары, өзгөчөлүктөрү болгон.

Алсак, 1- шартка ылайык генерал-губернатор Түркстандагы аскер командачысы болуу менен бирге крайдын башчысы эсептелген. Облустук жана уезддик башкаруулар, алардын аппарат (канцелярия) кызматкерлери да офицердик курамдагы аскер (военный) адамдардан куралган. Алар да бир эле учурда жарандык бийлик жүргүзүү менен кошо өздөрүнүн аймагында башкы аскер командачысы болуп эсептелинген.

Генерал-губернаторлукка падышанын ишенимдүү адамы дайындалып, анын бул аймактагы бийлиги, мүмкүнчүлүктөрү өтө көп, чексиз болгон. Анткени, ал мезгилде империянын аймактары эбегейсиз кеңейип бараткан эле. Алардын бири Түркстан Генерал-Губернаторлугу болуп, ал метрополиядан бир топ алыста жайгашкандыктан, аны натыйжалуу жана ыкчам башкаруу үчүн падыша өзүнүн ишенген адамы болгон Генерал-Губернаторго чексиз бийлик берген. Генерал-губернатордун эбегейсиз ыйгарым-укутарынан улам жергиликтүү элдин арасында ал "жарым падыша" аталып калгандыгы белгилүү. Түркстан Генерал-Губернаторлугу облустарга бөлүнүп, аларды аскер-губернаторлор башкарган. Жобо боюнча жалпы облустук чегиндеги жалпы аскердик, аскердик-элдик башкаруу аскер-губернатордун көзөмөлүндө болору белгиленген [33, с. 4]. Облустук башкармалык административдик, сот жана чарба иштери бөлүмдөрүнөн туруп, облустун чегиндеги бардык бийликти ишке ашырышкан. Облустар өз кезегинде уезддерге бөлүнүп, анын башында уезд начальниги турган. Уезд башкармалыгынын алдында аябай көп иштер аткарылган. Уезд начальниги да өзүнүн аймагындагы аскерлерге башкы командачылык кылган. Жергиликтүү элдин маселелеринин баары негизинен уезд начальнигинин жана облустун аскер губернаторунун, алардын башкармалыктары тарабынан ишке ашырган. Мындан улам, өзбек тарыхчысы Н.А.Абдурахимова өзүнүн изилдөөсүндө "уезддин начальниги коомдо падышачылык саясаттын логикасын жана духун уезддик деңгээлде ишке ашырган, коомдук-экономикалык турмуштун бардык чөйрөсүндөгү бийликтин монополисти болгон деп айтууга болот" – деп белгилейт [82, с. 19]. Уезддер өз кезегинде участоктук райондорго бөлүнүп, участоктук приставдар башында турган. Алар уезддик башкаруунун алкагындагы өзүнө тийиштүү болгон белгилүү районго көзөмөлдөөчү жана аткаруучу өкүл болгон.

"Аскердик-элдик башкаруунун" "аскердик" бийлик өкүлдөрү Түркстан аймагында мыйзамдуу жана мыйзамсыз да аракеттерди колдонуу менен кеңири бийлик жүргүзгөн. Советтик изилдөөчүлөрдүн бири белгилегендей "катардагы полициядан баштап чиновниктер пара, зордук-зомбулук, тымызын, көпчүлүк

учурда ачык эле жергиликтүү калкты караптоо менен жашап келишкен. Уезддин начальниги өзүнүн уездинде, ал эми полиция өкүлдөрү айылдарда «падыша жана кудай» болуп, каалаганын кылышкан [125, с. 8].

“Аскердик-элдик башкаруунун” 2- шарты жергиликтүү калкка саясий мүнөзгө ээ болбогон бардык иштер боюнча өздөрүнүн арасынан шайланган өкүлдөргө адат-салттары менен башкарууну ыйгаруу турган. Мында, иш жүзүндө “аскердик-элдик башкаруу” системасынын “ажырагыс” бир бөлүгү болгон, колониалдык саясаттын ишке ашырылышына каршы келбеген, тескерисинче көмөк көрсөткөн жергиликтүү башкаруу системасын уюштуруу максаты болгон. Демек, Түркстан аймагында “аскердик-элдик башкаруунун” жергиликтүү башкаруу системасы орус бийлигине караган алгачкы мезгилден эле уюшулган. Колониалдык орус бийлиги эбегейсиз кең аймагы, көп сандуу жана көп түрлүү этностогу калкы бар Түркстанды башкаруу үчүн орус мыйзамдарынын негизинде жергиликтүү өзүн-өзү башкарууну уюштуруу менен өздөрүнүн колониялдык саясатын ишке ашырууну көздөгөн.

Түркстан облусун башкаруу жөнүндө алгачкы убактылуу Жободо аскер губернатор жергиликтүү калкты башкарган кыргыздын уруу башчыларын, бийлерин, манаптарын, ал эми сарттардын аксакалдарын, раистерин жана казыларын кызматка бекитүү жана кетирүү укугуна ээ болгон [43, с. 880]. Демек, эң алгачкы Жободон көрүнүп тургандай, орус бийлиги эң алгач жергиликтүү башкарууну уюштурууда шайлоо башатын киргизбей (шаарлардын калкын башкарууну эске албаганда), жергиликтүү элдин мурдагы башкаруучуларын өз кызмат ордуларында сакталган. Анткени, Россия империясынын башкаруу системасы жергиликтүү кырдаалды эске алуу менен акырындап киргизилген. Н.Д.Южаков белгилегендей “Калкты алгачкы төрт жыл ичинде, анчалык мааниге ээ болбогон өзгөртүүлөр жана чектөөлөр менен сарттарды аксакалдар, казылар, ал эми кыргыздарды улук бийлер жана жөнөкөй бийлер башкарышкан. Орус бийлиги аймакты кошуп алып, алгач аймактагы калктын жашоо-турмушу, мүнөзү, аймактын климаттык жана топографиялык шарттары менен таанышкан соң гана өздөрүнүн башкаруу формасы киргизилген [79, с. 12]. Чындыгында

Түркстанды каратып алуунун жана колониялаштыруунун кеңейиши жана өнүгүшүнө жараша улам жаңы иштелип чыккан Жоболордо колониялдык түпкү максаттарын ишке ашыруу үчүн мыйзамдар кошумчаланып, бекемделип турган.

1867-жылы кабыл алынган Жободо “жергиликтүү башкаруу” (местное управление) системасы өз кезегинде эки баскычтан турган. Жобонун 80-беренесине ылайык, ар бир уездде кыргыздар болуштуктарга (волостторго) жана айылдарга бөлүнөрү жазылган [33, с. 14]. Жергиликтүү башкаруунун жогорку баскычы катары болуштук башкаруу, ал эми төмөнкү баскычында айылдык башкаруу турган. Ошентип, урууга, уруулар урукка, уруктар аталыктарга бөлүнгөн кыргыздарда “аскердик-элдик башкаруу” системасынын киргизилиши менен уруулук түзүлүш юридикалык жактан жоюла баштаган. Кыргыздардын уруулук негизде бөлүнүшү административдик жактан ыңгайсыз деп эсептешкен. Уруулук бөлүнүүдө баары бирдей болбой, кээ бир ири уруулардын кең аймакта бир административдик бирдикти түзүп калышы, алар бир уруу башчынын бийлиги астына биригүүсү саясий жактан зыяндуу болушу мүмкүн [31, с. 11] деп кооптонушкан. Аймакты изилдеген К.К.Пален да өзүнүн пикиринде «көп сандаган уруулардын бир уруу башчысынын бийлиги астында биригиши аймакта бейпилдикти сактоону кыйындатат» деп ачык эле моюнга алат [63, с. 9]

“Аскердик-элдик башкаруу” системасынын дагы бир өзгөчөлүгү 1867-жылдан кийин жергиликтүү башкаруу органдарына шайлоо тартибинин киргизилиши болгон. Акырындап кыргыз коомунда мурдатан келе жаткан уруулук принциптеги башкаруу системасы юридикалык жактан жоюлган. Бул чара кээ бир уруу башчыларында нааразычылыкты туудурган.

Отурукташкан элдерде шариаттын негизинде иштеген казылар соту жана көчмөндөрдө адаттардын негизинде иш алып барган бийлердин соту сакталган.

Фергана облусунда жаңыдан орус мыйзамдарынын негизинде уюшулган жергиликтүү башкаруунун түрлүү кызматтык орундарына, тактап айтканда болуштук, старчындык, ошондой эле жергиликтүү элдин адатка жана шариатка негизделген жергиликтүү сот системасы катары уюшулган бий, казы ж.б. кызматтарга мурдатан башкарып келаткан бийлер, аксакалдар ээлешкен. Аларга

Койчу датканын балдары, Өмүрбек датканын балдары, Алымбек датканын балдары, Ташбек датканын өзү, Чыйбыл болушту ж.б. көптөгөн инсандарды белгилөөгө болот.

Алсак, Ош аймагында мурдатан бийлик жүргүзүп келген, кадыр-барктуу Алымбек датка жана Курманжан датканын балдарынын Ош уездинде түзүлгөн болуштуктардын бир нечесине 1878-жылдан баштап болуш болуп дайындалышкан. Анткени, Мамытбек менен Асанбек Ош уездине Курманжан датканын өтүнүчүнө ылайык орус бийлик өкүлдөрүнүн макулдугу менен 1877-жылы кайтып келишкен эле. Фергана облусунун аскер-губернаторунун 1878-жылдын 1-майдагы буйругуна ылайык Гүлчө болуштугунун болушу кызматына Батырбек Алымбеков дайындалгандыгын [26, с. 3-4], ал эми 1880-жылдын 5-ноябрынан ушул эле Гүлчө болуштугуна Мамытбек Алымбековдун дайындалгандыгы [19, с. 23] тууралуу архивдик документтерден билүүгө болот. Ал эми Асанбек Алымбековдун Ноокат болуштугун 1878-жылдан баштап бир топ аралыкта алгач дайындоо менен, кийин шайлоо аркылуу башкарып тургандыгын архивдик материалдардан көрүүгө болот [26, с. 22]. Ош уездинин жогоруда көрсөтүлгөн жана мындан башка да болуштуктарын бир кыйла убакытка чейин Алымбек датканын балдары, урпактары ж.б. туугандары башкарып турушкан. Албетте, алар аймакта кадыр-барктуу даткалардын уулдары болгондуктан өздөрү да ошол тарбияны алышкандыгын, экинчиден Курманжан датка энебиздин орус бийлигинин алдындагы кадыр-баркын, сый-урматын эске алынуусу, үчүнчүдөн ошол эл учурда орус бийлиги алгачкы жылдары бул аймактагы тынчтыкты камсыздоо үчүн бул сыяктуу жергиликтүү таасирдүү адамдарды таяныч катары колго алуу болгондугун да жашырууга мүмкүн эмес.

Фергана облусунда калктын, жердин эсебин алып, административдик иштерди уюштуруу аяктаганга чейин алык-салык иштерин мурдагы кокон хандыгынын мезгилиндеги серкерлер жана салык жыйноочулар болуштук жана айылдык администрацияга көз карандысыз абалда эски салык системасы боюнча ишке ашырышкан. Бул көрүнүш XIX к. 70-жылдардын аягына чейин, башкача

айтканда облустагы коомдук жана салык иштерин жаңы тартип боюнча уюштурганга чейин сакталып турган.

К.П.Кауфман өзүнүн отчетунда 1876-жылы Фергана облусунун баштапкы уюштуруу мезгилинде коомдук жана административдик түзүлүшкө, жергиликтүү администрациянын кызмат адамдарынын укуктары жана милдеттерине карата мүмкүн болушунча жергиликтүү жалпы кырдаалды жетекчиликке алуу керектигин, аталган багыттагы иш аракеттер боюнча облустук администрацияга уруксат берилгендигин жазат.

80-жылдардын башында негизинен облустагы жердин, калктын жалпы эсеби такталып бүткөн. 1881-жылы Фергана облусунда 114 болуштук, 621 айылдык жамаатка бириктирилген [52, с. 73]. Ошентип, Фергана облусунун түзүлгөндөн баштап акырындап «аскердик-элдик башкаруу" ишке ашкан. "Элдик" башкаруу принциптерине ылайык облуста жашаган калкка жергиликтүү башкаруу уюштурулган. Жергиликтүү башкаруу тууралуу 4 баптын 4 параграфында өзүнчө изилденет.

Жыйынтык:

- Фергана облусундагы кыргыздарга "аскердик-элдик башкаруу" системасы басып алуунун шартында күч менен киргизилген. Фергана чөлкөмүндөгү толук көчмөн кыргыздардын орус баскынчылыгына каршы эркиндик үчүн күрөшүүлөрүнөн улам алгачкы административдик-аймактык башкарууну жана бөлүштүрүүнү уюштурууда өрөөндөгү жалпы эле кыргыздарга "тынч эмес" эл катары мамиле жасалган.
- Фергана облусу үч Жобонун негизинде: алгачкы он жылда административдик, жер, салык маселелеринде 1873- иштелип чыккан Жобонун долбоору менен, сот иштеринде 1867-жылы иштелип чыккан Жобонун долбоору менен, кийин жалпы эле 1886-жылы кабыл алынган Жобонун долбоору менен башкарылган. Бул мезгилдерде облуста аскердик-элдик башкаруу улам бекемделип, өөрчүп турган.

### 3.2. Фергана облусунун административдик-аймактык түзүлүшү

Орто Азия (анын ичинде Кыргызстан) аймагын каратуу менен мурдагы 1865-жылы Түркстан облусу, 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугу,

андан ары этабы менен 1868-жылы Зеравшан округу, 1873-жылы Аму-Дарыя бөлүмү, 1876-жылы Фергана облусу түзүлгөн. 1886-жылы Түркстан крайын башкаруу жөнүндө Жобонун кабыл алынышы менен аймактагы административдик бирдиктердин ири унификациясы болгон: Зеравшан округу Самарканд облусу болуп түзүлгөн; Аму-Дарыя бөлүмү Сыр-Дарыя облусунун курамына кирген; падыша аскерлери басып алган түркмөн жерлеринин эсебинен түзүлгөн Закаспий облусу (1881-ж.) адегенде Кавказ наместнигинин курамында болуп, 1899-жылы Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына өткөрүлүп, бешинчи облус катары түзүлгөн. Жети-Суу облусу 1892-жылы Талаа генерал-губернаторлугунун курамына берилип, 1899-жылы кайрадан Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына кайтарылган [149, с. 42].

Түркстан генерал-губернаторлугунун Фергана облусу Кокон хандыгы жоюлуп, анын аймагында түзүлгөн. XIX кылымдын 70-жылдарынын ортосунда Кокон хандыгына караштуу делген аймак Фергана өрөөнү жана анын атарабы менен гана чектелип калгандыгы белгилүү. Хандыктын аймагына орус аскерлери 1875-жылдын аяктарынан эле басып кире башташкан. 1875-жылдын 6-ноябрында Фергана өрөөнүнүн түндүк-батыш бөлүгүндө Наманган бөлүмү түзүлүп, административдик жактан ал Наманган жана Чуст участкаларына ажыраган. 1876-жылдын 8-февралында Кокон шаарына орус аскерлери киргизилип, шаарды көзөмөлгө алышкан. 15-февралда генерал Г.А.Колпаковский жергиликтүү тургундарга хандыктын Россия империясына кошулгандыгын жарыялаган. Ал эми хандыктын жоюлушу жана Фергана облусунун түзүлүшү жөнүндө указга Александр II 19-февралда указга кол коюп [140, с. 411], анда “1875-жылга чейин Кокон хандыгын түзгөн чөлкөм Империянын чегине киргизилсин жана андан Фергана облусу түзүлсүн!...” деп жазылган [30, с. 6]. Ошентип, Түркстан генерал-губернаторлугунун түштүк-чыгыш бөлүгүндө дагы бир административдик-аймак – Фергана облусу түзүлүп, аны менен Кыргызстандын түштүк аймактары орус империясына негизинен

каратылган. 2-марттан тарта Фергана облусунун аскер губернатору болуп генерал-майор (ошол кезде) М.Д.Скобелев дайындалып, ишке киришкен.

Фергана облусунун аймагын жана анын чектерин аныктоочу эң алгачкы расмий документте “Кокон хандыгынын ошол учурдагы ээликтери түзөт” деп шарттуу түрдө белгиленген. Бирок, Фергана облусу Россия империясынын четтеги аймагы болгондуктан анын расмий түрдө белгиленген чек арасы Россиянын Англия, Кытай менен болгон Борбордук Азиядагы “чоң оюндун” чордонунда аныкталган. Кытай менен болгон чек арада 1881-жылдын 12-февралында “Санкт-Петербург келишими”, Сарыкол кырка тоосунда жайгашкан Узбел ашуусуна чейинки аймактарды демаркациялоо боюнча 1884-жылы “Жаңы-Маргалаң протоколуна” кол коюлушу Борбордук-Азиядагы орус-кытай чек арасын, анын ичинде Фергана менен Кашкардын чек арасын аныктаган документ болуп калган. Бирок Памирдин чыгыш тарабындагы орус-кытай чек арасы XIX к. 90-жылдарынын аягында гана аныкталган [105, 718-б.]. Памир аймагы негизинен Кокон хандыгынын көзөмөлүндө болгондугуна карабастан Россия империясынын өкүлдөрү бул аймакты өзүнүн аймагына каратууда Англия, Кытай, Ооганстан ж.б. мамлекеттер менен мамилесин курчутуп жиберүүдөн чочулап, өтө “этияттык” менен аракеттенген. Анын үстүнө Памир географиялык абалы катаал, тоолуу аймак болгондуктан экономикалык кызыкчылык төмөн болгон. Натыйжада бул аймактын тагдыры бир топ кеч чечилген. Ошондуктан, анда жашаган калктын этникалык өзгөчөлүктөрү, тарыхый географиясы эске алынбай “чоң оюнчулардын” кызыкчылыгына ылайык чечилген. Мына ушул жана башка жагдайлардын натыйжасында тарыхый ээлик кылып, компакттуу жашаган кыргыз этносуна карата “Памир кыргыздары”, “Кытайлык кыргыздар”, “Мургабдык кыргыздар” ж.б. аталыштарды пайда кылган.

Ошентип, кийинчерээк Фергана облусунун курамына уезддерден тышкары Орус империясына караган Памир аймагы да өзүнчө административдик-аскердик бирдик катары кирген. Анын аянты 45600 кв. верстти (1 верст 1066 метрге барабар) түзүп, Памир отрядынын начальниги ага башчылык кылган.

Памир аскердик жактан Түркстан аскер округуна, ал эми административдик жактан Фергана облусунун аскер губернаторуна баш ийген [72, с. 6].

1906-жылы Фергана облусунун (Памир менен бирге) аянты 121141 квадрат вёрстту түзгөн [70, с. 3]. Облус түндүк жана түндүк-батыштан Сыр-Дарыя облусу менен, түндүк-чыгыштан Жети-Суу облусу, чыгыштан Кытайдын ээлиги Кашкар шаары менен, түштүктөн Ооган ээлигине караштуу Вахан менен, түштүк-батыштан Бухара ээлиги жана батыштан Самарканд облусу менен чектешкен.

Фергана өрөөнүнүн жана анын чет жакаларын камтыган Фергана облусу Түркстан генерал-губернаторлугунда өзгөчө мааниге ээ облус болуп- эсептелген. Бул өрөөндө эзелтеден бери көп улуттуу эл жашаган. Орто Азияда этностордун тогошкон жери болуп келген. Отурукташкан аймактарында соода мамилелери өнүккөн эле. Фергана облусун “Түркстандын бакчасы” [59, с. 2] деп аташкандыгы да жөн жерден эмес. Анткени, физикалык жаратылышы жагынан Тянь-Шань жана Памир-Алай тоо системаларынын ашталган жеринен башталып, жер жана суу ресурсу менен өзгөчөлөнгөн Фергана өрөөнү Россия империясы үчүн экономикалык жактан да зор мааниге ээ болгон. Фергана өрөөнү түшүмгө мол дыйканчылыгы жана багбанчылыгы, тоо этектериндеги аймактарда мал чарбачылыгы менен өзгөчөлөнүп, комплекстүү чарба жүргүзүлгөн.

Түркстан генерал-губернатору К.П.Фон-Кауфмандын 1876-жылдын 6-мартындагы буйругуна ылайык жаңыдан түзүлгөн Фергана облусу алгач административдик-аймактык жактан 7 уездге бөлүштүрүлгөн. Алар Кокон, Маргалаң, Анжиян, Ош, Чимион, Наманган, Чуст уезддери болгон. Аталган уезддердин так чек аралары кийинчерээк, аймакты уюштуруу иштери аяктагандан кийин аныкталары айтылып, алгач уезддер Кокон хандыгынын мезгилиндеги бектиктердин жана серкерликтердин чектерине ылайык төмөнкүдөй аныкталган: Кокон уездине Кокон бектиги (Кокон шаары жана шаардын жакынкы атарабынан тышкары), Махрам бектигинин бир бөлүгү жана Сыр-Дарыянын сол тарабы караган. Маргалаң уездине Маргалаң жана Араван бектиктери, Асаке жана Маргалаң серкерликтери караган. Анжиян уездине

Анжиян жана Өзгөн бектиктери, Балыкчы серкерлиги кирген. Ош уездине Булак-Башы бектиги, Ош серкерлиги караган. Чимион уездине Чимион бектиги жана Сох серкерлиги кирген. Наманган уездине Наманган, Чартак жана Касан бектиктери караган. Ал эми Чуст уездине Чуст, Балыкчы бектиктери, Махрам бектигинин бир бөлүгү, Сыр-Дарыянын оң тарабы караган [66, с. 1]. Демек, эң алгач аталган 7 уезд түзүлүп, алардын ички административдик-аймактык бирдиктерин (болуштук, айылдык ж.б.) түзүү андан ары ишке ашырылган. Алсак, Ош уездинде алгач отурукташкан үч болуштук гана уюшулуп, жай айларында уюшулган “Алай согуштук-илимий экпедициясынан” натыйжасында каратылган көчмөн кыргыздардын аймактарында майда административдик-аймактар уюшулган. 1879-жылы Чимион уезди Исфара уезди болуп өзгөргөн [82, с. 27].

Фергана облусунун административдик борбору алгач 1876-1877-жылдар аралыгында Кокон шаары болгон. Шаардагы аскерлердин арасында жугуштуу оорулар жайылгандыктан, анын себептерин аныктоо максатында түзүлгөн комиссия Кокон шаарынын санитардык абалы аскерлердин саламаттыгы үчүн өтө зыяндуу деп таап, административдик борборду башка пунктка которуу маселесин көтөргөн. Ал үчүн Маргалаң шаарынан 12 верста (1 верст 1066,8 метрди түзөт) алыс аралыкта жаңы шаар курууга токтолушкан. 1877-жылдын 19-апрелинен баштап генерал-губернатор К.П.Кауфмандын макулдугу менен Фергана облусунун жаңы административдик борбору – Жаңы-Маргалаң шаарын (азыркы Фергана шаары) куруу иштери башталган. Бул шаарды Маргалаң шаарынан айырмалоо үчүн Жаңы Маргалаң деп аташкан [44, с. 56]. Жаңы Маргалаң шаары “Орус Маргалаңы” деп да аталган. Жаңы Маргалаң шаарын түзүүнүн демилгечиси генерал М.Д.Скобелевдин урматына 1907-жылы Скобелев шаары болуп аты өзгөртүлгөн. Ал эле эмес бүтүндөй уезддин аты да Скобелев уезди аталган. Ири аймакты камтыган бүтүндөй уездге согуштук-баскынчылык жол менен аймакты каратып алган колониялык орус бийлигинин атактуу аскер башчысынын атын ыйгаруу орусташтыруунун анык далили деп

эсептейбиз. Эске сала турган жагдай, 1924-жылы Скобелев шаары Фергана деп өзгөртүлгөндүгү маалым.

Фергана облусу боюнча жалпысынан 7 шаар болгон. Алар, жогоруда айтылган Маргалаң уездинде 1877-жылы негизделген облустун административдик борбору Жаңы Маргалаң шаары, андан тышкары жергиликтүүлөрдүн (туземдик) шаары Эски Маргалаң, Наманган уездинде уезддик борбор Наманган шаары жана мындан тышкары мурдагы Чуст уездинин уезддик борбору Чуст шаары, Кокон шаары Кокон уездинин, Анжиян шаары Анжиян уездинин, Ош шаары Ош уездинин административдик шаарлары болгон [61, с. 22].

1880-жылы Фергана облусундагы уезд начальниктеринин ар бири өз уездинин административдик-аймактык бөлүнүшүнүн 1876-80-жылдар аралыгындагы статистикасын ар бир жыл боюнча өзүнчө чагылдырып, облустун аскер-губернаторуна отчет беришкен. Аталган архивдик документтеги маалыматтарды топтоштуруп, уезддердеги болуштуктардын, айыл жамааттардын жана түтүндүн санын ар бир жыл боюнча чагылдырган төмөнкүдөй таблица түздүк:

Таблица 3.1. – Фергана облусунундагы административдик бирдиктердин жана түтүндүн алгачкы 5 жыл аралыгындагы сандык көрсөткүчү [20, с. 85]

| | | | Анжиян | Кокон | Маргалаң | Наманган | Ош | Чимион | Чуст |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1876 | Болуштук: | | 24 | 21 | 18 | 14 | 7 | 2-4 | --- |
| | Айыл жамааты: | | 151 | --- | 97 | 168 | 50 | --- | --- |
| | Түтүн саны: | Отурук.: | 12378 | 20520 | 17850 | 20110 | 2881 | --- | --- |
| | | Көчмөн: | 10153 | 950 | 2350 | 3259 | 3486 | --- | --- |
| 1877 | Болуштук: | | 24 | 25 | 19 | 22 | 7 | 4 | 8 |
| | Айыл жамааты: | | 130 | 138 | 118 | 168 | 50 | -- | 45 |
| | Түтүн саны: | Отурук.: | 21640 | 26676 | 23716 | 20140 | 2881 | 4328 | 5432 |
| | | Көчмөн: | 10510 | 950 | 2529 | 3599 | 3486 | 3363 | 0 |
| 1878 | Болуштук: | | 24 | 27 | 19 | 16 | 7 | 4 | 10 |
| | Айыл жамааты: | | 130 | 138 | 118 | 84 | 65 | 25 | 53 |
| | Түтүн саны: | Отурук.: | 21640 | 26676 | 23716 | 14015 | 4880 | 4328 | 9911 |
| | | Көчмөн: | 10510 | 950 | 2529 | 3063 | 4849 | 3363 | 7950 |
| | Болуштук: | | 24 | 22 | 19 | 16 | 6 | 10 | 14 |
| | Айыл жамааты: | | 130 | 111 | 118 | 84 | 65 | 59 | 76 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1879 | Түтүн саны: | Отурук.: | 21640 | 22181 | 23716 | 14015 | 4882 | 9423 | 12706 |
| | | Көчмөн: | 10510 | --- | 2529 | 3063 | 4747 | 5128 | 2396 |
| 1880 | Болуштук: | | 24 | 22 | 18 | 16 | 7 | 9 | 14 |
| | Айыл жамааты: | | 130 | 111 | 111 | 84 | 65 | 59 | 76 |
| | Түтүн саны: | Отурук.: | 21630 | 21303 | 23613 | 13800 | 4880 | 9423 | 12716 |
| | | Көчмөн: | 10470 | --- | 1601 | 3063 | 4747 | 5128 | 2406 |

Түркстандын биринчи генерал-губернатору К.П.Кауфмандын Түркстанды башкаруунун 1867-1881-жылдар аралыгындагы мезгилди камтып жазылган отчетунда 1880-жылга карата Түркстан генерал-губернаторлугунун бардык административдик-аймактык курамын визуалдык түрдө чагылдырган сандык маалыматтар көрүүгө болот. Анда Фергана облусу төмөндө көрсөтүлгөндөй 7 уездге, 114 болуштукка, 621 айылдык жамаатка жана аксакалдыктарга бөлүнгөн:

Таблица 2.2. – Фергана облусунун 1880-жылдагы административдик бирдиктеринин саны [53, с. 73].

| № | **Уездер** | **Болуштуктардын саны** | **Айыл жана аксакалдыктардын саны** |
|---|---|---|---|
| 1 | Чуст | 10 | 53 |
| 2 | Наманган | 20 | 106 |
| 3 | Анжиян | 24 | 129 |
| 4 | Ош | 6 | 50 |
| 5 | Исфара | 5 | 27 |
| 6 | Маргалаң | 19 | 119 |
| 7 | Кокон | 30 | 138 |
| | Фергана облусу боюнча | 114 | 621 |

1881-жылы Исфара (1879-жылга чейин Чимион) уезди жоюлуп, анын аймактары Кокон жана Маргалаң уезддерине бөлүштүрүлгөн [82, с. 27]. Бул уезддин кыргыздар жашаган Лейлек, Нойгут-Кыпчак болуштуктары Кокон уездине, ал эми Жоокесек-Бостон жана Найман болуштуктары Маргалаң уездинин курамына кошулган. Мындан ары (1887-жылга чейин) Фергана облусунда 6 уезд калган.

1882-жылдын аяктарында Түркстан генерал-губернаторлугун жеринен текшерүүгө келген сенатор Ф.Гирс облустун уезддерге бөлүнүшү боюнча бир топ анализ жасап, жыйынтыгында чыгымдарды кыскартуу үчүн уезддердин санын кыскартуу зарыл деп эсептеген. Фергана облусунун бардык уезддеринин

ичинен 9590 чарчы верст аянтты ээлеген, жалпы калкынын саны болгону 82510ду түзгөн Чуст уездин жоюу менен аны Наманган уездинин курамына кошуу туура болорун белгилеген. Ушундай эле маселеде Ош уездине да токтолгон. Облуста калкынын саны боюнча эң аз, ал эми территориясы эң чоң Ош уезди болуп, бирок, аймагынын 1/25 бөлүгү гана иштетүүгө ылайыктуу жер болуп, калган 24 бөлүгү көчмөн чарбага гана ылайык жерди түзгөндүктөн бул уездди да жоюп, анын аймактарын Анжиян уездине бириктирүү керек деген оюн айткан. Байкалып тургандай, борбордон келген ревизор мында каржы-экономикалык кызыкчылыкты көздөгөн. Ошол эле учурда Ф.Гирс бириктирилген уезддердин калкы жана аянты абдан чоң болорун, ошондуктан Ош жана Анжиян уезддеринин Маргалаң уездине чектешкен бөлүктөрү аталган уездге бөлүштүрүлүп берүү менен, калган аймактарда бир уезд түзүлөт деген тыянак чыгарган. Ал эми уезддин борборун тандоодо Фергана облусунун аскер губернатору Анжиян шаарынын калкынын көптүгү жана Кокон хандыгы мезгилиндеги маанилүү шаарлардан болгон деген жүйө менен аталган шаарды сунуштаса, Ф. Гирс өзү Ош шаарын сунуштаган. Ош уезди чек ара аймагында болгондуктан, Кашкар шаарына өтүүчү негизги жол Ош уезди аркылуу өтүп, Ош шаары аскердик-саясий мааниге ээ экендигин, ошондуктан уезддин борбору катары Ош шаарынын сунуштагандыгын белгилейт [44, с. 84].

Бирок, Ош уездинин аймактары стратегиялык мааниде болгондуктан, өзүнчө уезд катары сакталган. Ош уезди жогоруда белгилеп өткөндөй, Фергана облусунда кыргыздар этникалык көпчүлүктү түзгөн жападан жалгыз уезд болгон. Ошондуктан, уезд катары сакталышы кыргыздар үчүн маанилүү эле. Маселен, Ош шаары Ош уездинин административдик борбору болгондуктан шаардын европалык типтеги элементтеринин андан ары өнүгүшүн шарттаган.

1886-жылы Түркстан крайын башкаруу жөнүндө Жобонун 3-беренесине ылайык Фергана облусу 5 уездге: Кокон, Маргалаң, Анжиян, Наманган жана Ош уезддерине бөлүнгөн [65, с. ]. Жобо 1887-жылдын 1-январынан күчүнө киргенден тарта мурдагы Чуст уезди жоюлуп, уезддин аймактары Наманган уездинин курамында Чуст участогу болуп түзүлүп, курамына Аксы-Шакан,

Чаткал, Кутлук-Сейит жана Варзик болуштуктары кирген. Чуст уездинин начальниги подполковник Арванитаки Наманган уездинин начальнигине дайындалган [166, с. 12].

1886-жылдан кийин Фергана облусунда уезддер жаңыдан түзүлгөн да кыскарган да эмес. Ал эми уезддин ички административдик-аймактык бирдиктери, тактап айтканда учатоктор, болуштуктар жана айыл жамааттар андан кийин да жаңыдан түзүлүп, бөлүнүп, которулушуп, колониялык бийликтин акыркы жылына чейин улам өзгөрүп, өнүгүп турган.

Административдик-аймактык жактан улам өзгөрүүлөр Фергана облусу түзүлгөн күндөн тартып, өзгөчө анын алгачкы 10-15 жылдыгында көбүрөөк орун алган. Бул мыйзамченемдүү көрүнүш эле. Анткени, бул чөлкөмгө жаңыдан келген орус бийлиги үчүн аймактын географиялык өзгөчөлүктөрүн, жергиликтүү калктын шартын жана санын тактоо иштерин жүргүзүү үчүн бир топ убакыт талап кылынган. Сенатор Ф.Гирс өзүнүн отчетунда: “Облустун административдик бөлүнүшү боюнча 3 жыл ичинде 41 иш каралып, анын 34үнө чечим чыкса, 7си 1883-жылга калтырылган. Ал иштер облустун эң алгач уезддерге, болуштуктарга жана айылдык жамааттарга бөлүштүрүү, айылдык жамааттарды башка болуштукка которуу, ошондой эле болуштукту башка уезддге которуу, уезддерди жоюу жана уезддин курамында райондорду түзүү сыяктуу маселелерге тийиштүү иштер” – деп жазат [44, с. 58].

1898-жылга карата облустун уезддери төмөнкүдөй сандагы болуштуктардан жана айылдык жамааттардан турган:

Таблица 2.3. – Фергана облусундагы уезддердин 1898-жылдагы болуштуктарынын жана айыл жамааттарынын саны [60, с. 10-13].

| **№** | **Уезддер** | **Болуштуктардын саны** | **Айыл жамааттардын саны** |
|---|---|---|---|
| 1 | Маргалаң | 18 | 129 |
| 2 | Кокон | 23 | 137 |
| 3 | Наманган | 25 | 131 |
| 4 | Анжиян | 19 | 125 |
| 5 | Ош | 7 | 57 |
| | Фергана облусу боюнча | 92 | 571 |

Түркстан крайындагы башка облустарга салыштырмалуу Фергана облусу аянты анча чоң болгон эмес. 1903-жылы облустун аянты 126300 кв. верстти түзүп [48, с. 1], 5 облустун ичинен аянты боюнча 4-орунда (Самарканд облусунан чоң болгон) турган. Ал эми калктын саны боюнча 1897-жылдагы Бүткүл Россиялык биринчи эл каттоонун жыйынтыгы боюнча Фергана облусунун калкы 1572214 кишини түзүп [64, с. 3], Түркстан крайында калкы эң көп облус болгон. 1906-жылдагы статистика боюнча облуста жалпы калктын саны 1914178 адамды түзгөн [71, с. 8]. Уезддер боюнча алсак, Анжиян уездинде 438076, Кокон уездинде 444836 адам, Маргалаң уездинде 426293, Наманган уездинде 418084, Ош уездинде 186889 адам жашаган [71, с. 9].

Фергана өрөөнүнүн калкынын көп болушу, болгондо да кылымдардан бери калыптанган полиэтностук татаал түзүлүшү империянын бул аймактагы административдик-аймактык саясатын жүргүзүүдө да бир топ татаалдыкты шарттаган. Ошондуктан, облустун административдик түзүлүшү, калкы К.П.Кауфмандын тапшырмасы боюнча XIX кылымдын 80-жылдарынын башында такталып бүтүүгө тийиш болуп, баштапкы маалыматтар алынганы менен, бул иштерди андан ары тактоо XX кылымдын башына чейин созулган.

Орус бийлик өкүлдөрү уезддердеги болуштуктарды чарбалык мүнөзүнө жараша *отуруктаашкан болуштук*, *көчмөн болуштук* жана чарбанын эки тибин айкалыштырган *аралаш болуштук* типтерине бөлүшкөн. Мисалы, 1904-жылы Анжиян уездинде жалпы 21 болуштук болуп, анын 14ү отурукташкан, 2 көчмөн жана 5 аралаш болуштукту түзгөн. Маргалаң уездинде жалпы 19, отурукташкан 17, аралаш 2 болуштук болгон. Наманган уездинде жалпы 26, отурукташкан 21, көчмөн 5 болуштук болгон. Кокон уездинде жалпы 23, отурукташкан 21, көчмөн 2 болуштук болгон. Ал эми Ош уездинде жалпы 11 болуштук, отурукташкан 7, көчмөн 3, аралаш 1 болуштук болгон. Облус боюнча 100 болуштук болуп, алардын 80и отурукташкан, 12си көчмөн жана 8и аралаш типтеги болуштуктар болгон [70, с.7].

Көчмөн болуштуктарга Анжиян уездинен Майлысай, Кенкол-Карагыр, Наманган уездинен Чаткал, Кырк-Уул, Саруу, Суусамыр, Арым, Кокон уездинен

Нойгут-Кыпчак, Лейлек, Ош уездинен Гүлчө, Алай, Капчыгай болуштуктары кирген. Аралаш типтеги болуштуктар катары Маргалаң уездинен Найман, Жоокесек-Бостон, Анжиян уездинен Жазы, Көгарт, Базар-Коргон, Ноокен жана Өзгөн, Ош уездинде Куршаб болуштугу эсептелген [70, с. 7]. Белгилеп кете турган жагдай, Фергана облусунда алгачкы жылдары көчмөн деп эсептелген кыргыз болуштуктарынын көпчүлүгү улам жыл өткөн сайын отурукташкан типтеги болуштукка өтүшкөн. Тарыхый булактарга таянсак 1902-жылы Фергана өрөөнүндөгү 300 миңдей кыргыздын дээрлик 200 миңге жакыны отурукташып, жер иштетүү менен алектенишкен [48, с. 5].

“Список населенных мест Ферганской области” деген статистикалык басылмадан көрүнгөндөй, Фергана облусунда 5 уезд, 7 шаар, 103 болуштук, 642 айылдык жамаат, 3007 калктуу конуш (айыл, кыштак, шаарча), анын ичинде 17 орус поселогу болгон. Калктын жалпы саны 1939258 адамды түзгөн [69, с. 153].

Өрөөндө саны боюнча экинчи орунда турган, этностук (тилдик, маданий), чарбалык, аймактык ж.б. айырмачылыктары менен башкалардан өзгөчөлөнүп турган кыргыздар да бул өрөөндүн түпкүлүктүү калкы катары Орус империясынын административдик-аймактык саясатына өзгөчө көңүл буруу менен тартылган. Аймактын жогоруда белгилеген өзгөчөлүктөрүн эске алып, анда жашаган кыргыздардын аймактарын бөлүп, өзүнчө изилдөө кийинки параграфтын мазмунун түзөт жана максатка ылайык келет.

Жыйынтык:

- Фергана облусу Россия империясы үчүн экономикалык жактан пайдалуу облус болуп эсептелип, административдик жактан уюштурууда экономикалык кызыкчылыктар эске алынган.
- Фергана облусу көп калктуу, ошол эле учурда полиэтностук чөлкөм болгондуктан, ошол эле учурда чек арадагы аймак катары стратегиялык мааниден алганда орус бийлиги облусту башкарууда жана аймактык бөлүнүштүрүүдө эң негизгиси принциптеринин бири аскердик талаптарга жооп берүүгө тийиш болгон.

### § 3.3. Фергана облусундагы кыргыздардын административдик бөлүнүшү

Кыргыздар Фергана облусунун (өрөөнүнүн) түндүк, чыгыш, түштүк четтериндеги тоолордо, тоо этектеринде жайгашып, жерлери башынан эле облуста түзүлгөн бардык уезддердин аймактарына бөлүнүп кеткен. Ош уездинен башкаларында калктын этностук курамы жагынан кыргыздар азчылыкты түзүп, өздөрү жашаган аймактагы болуштук, айылдык бирдиктерде гана бүтүндөй же салыштырмалуу көпчүлүктү түзүшкөн. Кыргыздар гана жашаган өздөрүнүн аймактарында нагыз кыргыз болуштуктары уюшулса, өзбектер менен жакын же аралаш турган аймактарда тигил же бул этнос көпчүлүктү же азчылыкты түзгөн аралаш болуштуктар уюшулган.

Колониалдык саясаттын максатына ылайык, каратылган аймактарда, анын ичинде Фергана өрөөнүндө элдердин улуттук кызыкчылыктары таптакыр эске алынган эмес. Уезддик административдик бирдиктердин чектери этникалык принцип менен аныкталбастан, аскердик-башкаруу жана экономикалык кызыкчылыктарга ылайык түзүлгөн. Фергана өрөөнүндө жашаган этностор, анын арасында кыргыздар жаңыдан уюшулган уезддик административдик бирдиктерге чачыранды абалда калышкан. Болуштуктар, административдик айылдар деле чарбалык шартка ыңгайланышкан аймактык (территориялык) принциптер менен бөлүштүрүлүп, натыйжада бул саясат уруулук тууганчылыгы боюнча белгилүү бир аймакты ээлеген кыргыздардын арасындагы уруулук түзүлүштүн алсырашына алып келген.

Фергана облусундагы кыргыздар жашаган жерлерде административдик-аймактык бөлүштүрүү 1880-жылдын башында төмөнкүдөй болгон:

Азыркы Баткен облусунун Лейлек районунун чыгыш бөлүгү, Баткен, Кадамжай районунун аймактары, Ош облусунун Чоң-Алай районунун дээрлик көпчүлүк бөлүгү Фергана облусунун Исфара (1879-жылга чейинки аталышы Чимион) уездине карап, андагы Лейлек, Нойгут-Кыпчак, Жоокесек-Бостон, Найман деген аталыштардагы болуштуктарды түзгөн [26, с. 31-32]. Көп өтпөй аталган уезд жоюлуп, андагы болуштуктар Кокон жана Маргалаң уезддерине бөлүштүрүлгөн.

Ал эми Ош облусунун Араван районунун көпчүлүк аймактары, Ноокат районунун батыш бөлүгү Маргалаң уездине карап, ал аймактарда Араван, Ичкилик аталышындагы болуштуктар уюшулган. Ал эми Ош облусунун жогоруда аталган батыш тарабынан башка негизги аймагы Ош уездин түзгөн. Алсак, Ноокат районунун борбордук жана чыгыш бөлүгү Ноокат болуштугун, Ош шаарынын айланасы Ак-Буура болуштугун, Ош шаарынын отурукташкан жергиликтүү калкы Ош болуштугун, ал эми Алай району бүтүндөй, Кара-Кулжа районунун жарымы ж.б. аймактар Гүлчө болуштугун түзүп, аталган болуштуктан 1880-жылы Алай болуштугу, 1899-жылы Капчыгай болуштугу, 1913-жылы Кара-Таш болуштугу бөлүнүп чыгышкан. Мындан тышкары Ош уездине Өзбекстандын Анжиян облусунун Булак-Башы, Жалал-Кудук райондорунун бир топ аймактары да карап, Жалал-Кудук, Булак-Башы аталышындагы болуштуктарын түзүп турган. Кийинчерээк Жалал-Кудук болуштугу Анжиян уездинин курамына кошулуп, анын ордуна Маняк деп аталган болуштук Ош уездинин курамына кошулган.

Ал эми Жалал-Абад облусунун Сузак, Базар-Коргон, Ноокен райондорунун аймактары, кийинчерээк Токтогул районунун түштүк тарабы, мындан тышкары Ош облусунун Өзгөн районунун чыгыш бөлүгү жана Кара-Кулжа районунун түндүк-чыгыш тарабы Анжиян уездине караган. 1913-жылдан кийин Өзгөн, Ак-Жар, Жазы болуштуктары өзүнчө Өзгөн участоктук приставына биригип, Ош уездинин курамына өткөрүлгөн.

Ал эми азыркы Аксы, Ала-Бука, Чаткал райондору, Токтогул районунун түндүк бөлүгү Наманган уездине караган. Уздде алгачкы жылдары Саруу, Кырк-Уул, Кутлук-Сейит, Суусамыр, Кетмен-Төбө ж.б. болуштуктар түзүлүп, улам жаңы болуштуктар бөлүнүп чыгып турган.

Ош уездинин 1881-жылдын башында болуштуктарга бөлүнүшү, алардагы айыл жамааттардын, көчмөн жана отурукташкан чарбалардын (түтүндөрдүн) сандык көрсөткүчүн төмөндөгү таблицадан көрүүгө болот.

Таблица 3.1. – Ош уездинин 1881-жылдагы болуштуктары жана алардагы айыл жамааттардын, чарбалардын (отурукташкан, көчмөн) саны [20, с. 62].

| № | Болуштуктар | Айыл жамааттын саны | Отурукташкан чарбалардын (түтүндүн) саны | Көчмөн чарбалардын (түтүндүн) саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ош | 11 | 2609 | --- |
| 2 | Булак-Башы | 14 | 1384 | 672 |
| 3 | Жалал-Кудук | 9 | 626 | 425 |
| 4 | Ноокат | 6 | 262 | 626 |
| 5 | Ак-Буура | 12 | --- | 1784 |
| 6 | Алай | 2 | --- | 360 |
| 7 | Гүлчө | 10 | --- | 1241 |

Ал эми 1898-жылы, тактап айтканда 17 жылдан кийинки расмий маалыматтарда Ош уезди Ош, Булак-Башы, Ак-Буура, Ноокат, Гүлчө, Алай жана Куршаб болуштуктарына ажыраган [60, с. 11-13]. Ал эми бир жылдан кийин, т.а. 1899-жылы Ош уезди 9 болуштукка ажырап, 78 айыл жамаатты түзгөн [61, с. 13]. Жаңыдан түзүлгөн болуштуктар Кашкар-Кыштак болуштугу жана Капчыгай болуштугу эле [61, с. 13]. Ушул эле жылы Наманган уездинде Суусамыр жана Кырк-Уул болуштуктарынын аймактарынан жаңы Арым болуштугу негизделген [61, с. 12]. 1899-жылы Фергана облусу боюнча болуштуктардын саны 95ке, ал эми айылдык жамааттардын саны 592ге жеткен [61, с. 10].

1900-жылы Ош уездинин Ак-Буура болуштугу Ак-Буура жана Турук болуштуктарына ажырагандыктан, уездде болуштуктардын саны 10го жеткен [61, с. 48]. 1913-жылы Наманган уездинин Кырк-Уул болуштугу Кырк-Уул жана Кызыл-Жар болуштуктарына бөлүнгөн. Кырк-Уул болуштугуна Ак-Суу, Ак-Юл Тегене (Азыркы Аксы районун караштуу Ак-Жол, Тегене айылдары- К.у.Н.), Мало-Ак-Юл (Кичи Ак-Жол), Кавак айылдык жамааттары кирген. Ал эми Кызыл-Жар болуштугуна Чыгыш-Чап, Батыш-Чап жана Кызыл-Жар айылдык жамааттары кирген [73, с. 2-3]. 1913-жылы Ош уездинин Гүлчө болуштугунан өзүнчө Кара-Таш болуштугу бөлүнүп чыгат.

Тарыхый булактарда кыргыздар жашаган болуштуктар, айыл жамааттар, айылдар жана кыштактар, аларга тийиштүү болгон түтүндүн (чарбалардын) жана калктын саны, этникалык курамы сыяктуу маалыматтар даана чагылдырылган. Алардан кыргыздардын административдик бирдиктерин бөлүп көрсөтүүгө болот:


*Анжиян уездинде* жалпы 5 учаток, 23 болуштук, 152 айыл жамааты, 602 айыл (калктуу конуш) болгон. 76483 түтүн, ал эми калктын саны 418413 болгон. Алардын ичинен 10 болуштук, тактап айтканда Майлы-Сай, Каракол-Сересуу, Кенкол-Карагыр, Ноокен, Базар-Коргон, Көгарт, Чангет, Өзгөн, Жазы, Коргон-Төбө болуштуктары нагыз кыргыз болуштуктары болгон. Ал эми Аим-Кыштак болуштугунун 69%ын, Жалал-Абад болуштугунун 53,3% көпчүлүк калкын кыргыздар түзгөн [69, с. 8-32]. Мындан тышкары Жалалкудук болуштугунун (алгач Ош уездинен курамында болуп, кийин Анжиян уездине өткөрүлгөн) 50%га жакын калкын кыргыздар түзгөн. Кыргыздар мындан тышкары Кара-Суу болуштугунун 21% калкын, Нарын болуштугунун 9,4% калкын кыргыздар түзгөн [69, с. 1-33].

Таблица 3.2. – Анжиян уездиндеги кыргыздар жашаган болуштуктар

| № | Болуштук | Саны | | Этникалык курамы % менен | Азыркы аймагы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Түтүн | Калк | | |
| 1 | Майлы-Сай | 1216 | 4145 | Кыргыздар 100% | КР, Таш-Көмүр, Майлы-Сай ш., Ноокен рай. |
| 2 | Каракол-Сересуу | 1026 | 3650 | Кыргыздар 100% | КР, Кара-Көл ш., Токтогул р-ну |
| 3 | Кенкол-Карагыр | 1718 | 5134 | Кыргыздар 100% | КР, Токтогул району |
| 4 | Ноокен | 1503 | 6943 | Кыргыздар 76% | КР, Ноокен району |
| 5 | Базар-Коргон | 620 | 4031 | Кыргыздар 93%<br>Орустар 7% | КР, Базар-Коргон району |
| 6 | Жалал-Абад | 4793 | 23003 | Кыргыздар 53,3%<br>Өзбектер 43,2%<br>Орустар 3,5% | КР, Жалал-Абад ш., Сузак району |
| 7 | Көгарт | 2125 | 7901 | Кыргыздар 77,1%<br>Орустар 22,9% | КР, Сузак району |
| 8 | Чангет | 1594 | 5734 | Кыргыздар 91%<br>Түрк 9% | КР, Өзгөн району |
| 9 | Өзгөн | 3859 | 18152 | Кыргыздар 73 %<br>Сарт (Өзбек) 27% | КР, Өзгөн, Кара-Кулжа райондору |
| 10 | Яссы | 2378 | 11151 | Кыргыздар 90,64%<br>Орус 9,36% | КР, Өзгөн району |
| 11 | Ак-Жар | | | Кыргыздар | КР, Өзгөн району |
| 12 | Коргон-Төбө | 3517 | 18407 | Кыргыздар 88,4%<br>Сарттар 11,6 % | КР, Анжиян облусунун Коргон-Төбө району |
| 13 | Аим-Кыштак | 4155 | 21955 | Кыргыздар 69%<br>Сарттар 31% | Анжиян облусу, Жалал-Кудак рай. |
| 14 | Жалал-Кудук | 2392 | 10877 | Кыргыздар 48,2%<br>Сарттар 51,8% | Анжиян облусу, Жалал-Кудук рай. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 15 | Кара-Суу | 2709 | 12643 | Кыргыздар 13,7%<br>Сарттар 56 %<br>Кашкар 30,3% | КР, Кара-Суу р-ну,<br>Өзбек Рес., Анжиян обл. |
| 16 | Нарын | 4999 | 23794 | Кыргыздар 9% | КР, Аксы, Ноокен р-ну,<br>Өзбек Рес. Наманган обл. |
| 17 | Избаскент | 2695 | 18593 | Кыргыздар 5% | КР, Ноокен р-ну<br>Өзбек Рес., Анжиян обл. |

Жалпылап алганда, 1909-жылдын 1-январына карата Анжиян уездинин этникалык курамы боюнча жалпы 418413 калктын 243693үн же 58,24%ын сарттар түзгөн. Ал эми экинчи орунда 121371ин же 29,01% менен кыргыздар түзгөн. Андан ары калктын 21761ин же 5,2%ын кыпчактар, 9943үн же 2,38%ын өзбектер, 7276сын же 1,74%ын орустар, 6053үн же 1,45%ын кара-калпактар, 4364үн же 1,04%ын кашкарлыктар, 1741и же 0,42%ы тажиктер, 1121ин же 0,27%ын курамалар, 1090ун же 0,26%ын түрктөр түзгөн. Анжиян уездине кыргыздардын көптөгөн аймактары киргенине карабастан, этникалык жактан кыргыздар сарттарга салыштырмалуу азчылыкты түзгөн [69, с. 1-33].





Сүрөт 4.1. – Анжиян уездинин 1914-жылдагы картасы (Өзбекстан Республикасынын Андижан облусундагы Андижан мамлекеттик университетинин илимий-тарыхый музейи / ОшМУнун "экономикалык география, тармактык экономика жана туризм” кафедрасынын окутуучусу Султанов Жанарбектин жеке архивинен алынды)

1912-жылы башка булакта Анжиян уездинде 58% Сарт этносу, 25%ы Кыргыздар, ал эми Кыпчак менен Орус (ж.б. европалыктар 5%дан,

кашкарлыктар 3%, Кара-Калпак 1%, 3% башка этностун өкүлдөрү жашаган [72, с. 127].

Диаграмма 3.1. – Анжиян уездинин этникалык курамы (1911-ж.)





*Кокон уезди* 1909-жылы 4 участоктон, 23 болуштуктан, 137 айыл жамааттан, 828 айылдан (калктуу конуштан) турган. Алардын ичинен Нойгут-Кыпчак жана Лейлек кыргыз болуштуктары болгон. Нойгут-Кыпчак болуштугу азыркы Баткен шаарынан тартып Баткен районунун Кадамжай, Сох менен чектешкен чыгыш аймактарында, түштүк-чыгышта Зардалыга чейин жетип, болуштукта 1737 түтүн болуп, калкы 9866 кишини түзгөн [69, с. 35-68]. Лейлек болуштугу азыркы Лелек районунун чыгыш тарабында, Катран, Лейлек айыл аймактарын, Баткен районунун батыш бөлүгүндө Ак-Сай, Ак-Татыр, Самаркандек айыл аймактарын ж.б. камтыган. Мындан тышкары Сох болуштугунун Куи-Коргон айыл жамаатында, Хушяр айыл жамаатынын Кара-Тукай айылында кыргыздар жашап, болуштуктун калкынын 27,3%ын түзгөн [69, с. 35-68]. Кокон уездинин башка айрым болуштуктарында бир-экиден кыргыз айылдары болгон. Мисалы, Кайнар болуштугунун Бек-Абад айыл жамаатынын Гунча, Тилла, Ак-Дөбө курганчы айылдарында 70 түтүн кыргыз жашап, болуштуктун 2% калкын түзгөн. Кененгез болуштугунун Курбан-Кашкар айыл жамаатында, Кара-Калпак болуштугунун Хаузак айыл жамаатынын Кыргыз-Бурикум жана Канапли айылдарында кыргыздар жашап, болуштуктун 3кө жетпеген пайызын түзгөн. Ошондой эле Заидан болуштугунун Жалайыр айыл жамаатынын Жайылма айылы кыргыз айылы болуп, анда 171 түтүндө 797 жан калк жашаган жана болуштуктун калкынын 3%дан ашыгын түзгөн. Ошондой эле Канибадам болуштугунун да 24 түтүндүү Кыргыз айылында 100 кыргыз жашаса, Кудаш болуштугунда Жумабай-Чек калктуу конушунда 18 түтүн кыргыз болгон [69, с. 35-36, 48, 53, 65, 67-68].

Таблица 3.3. – Кокон уездиндеги кыргыздар жашаган болуштуктар

| № | Болуштук | Саны | | Этникалык курамы % менен | Азыркы аймагы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Түтүн | Калк | | |
| 1 | Лейлек | 807 | 4497 | Кыргыздар 84,1% (Калгандары Кара-Калпак деп каттоого алынган) | КР, Лейлек району |
| 2 | Нойгут-Кыпчак | 1737 | 9836 | Кыргыздар 81,4% (Калгандары Кара-Калпак деп каттоого алынган) | КР, Баткен району |
| 3 | Сох | 2594 | 12154 | Кыргыздар 27,1% | КР, Баткен району Өзбек Рес. Фергана обл. Сох р-ну |

Кокон уездинин калкынын эң көп бөлүгүн сарттар түзгөн. 1911-жылга карата уезддеги калктын 76%ын сарттар, 9%ын тажиктер, 6%ын өзбектер, 4%ын кыргыздар, 2%ын кара-калпактар, 1%дан көбүрөөгүн орус ж.б. европалыктар түзүшкөн [72, с. 127].

Диаграмма 3.2. – Кокон уездинин этникалык курамы (1911-ж.)




Жогоруда келтирилген диаграммада Кокон уездинин этникалык курамы боюнча кыргыздар 4%ды гана түзгөн. Тактай кетүү жагдай, көрсөтүлгөн булакта Баткен облусунун Баткен, Лейлек райондорунун кыргыздар жашаган кадимки кыргыз айылдарында, жайлоолорунда жашаган калктын айрымдары улуту боюнча Кара-Калпак деп катоого алынып калган. Биз аталган маселе боюнча жергиликтүү улуу муундагы тургундар менен сүйлөшкөндө кыргыздар эзелтен эле ал жерлерди жердеп келишкендигин, каттоо учурунда калпыстык кетиши мүмкүндүгүн билдиришти. Кара-Калпак деп каттоого алынган кыргыз айылдарынын жашоочуларын, алардын элүү башы, старчын, бий жана болуштук админстрация өкүлдөрү жөнүндө толтурулган маалыматтарда алардын улуту кыргыз деп жазылгандыгы архивдик материалдардан көрүүгө болот. Ошол эле учурда башка булактарда кыргыздын ават, кыпчак, нойгут уруулары байырлагандыгы көрсөтүлөт [53, с. 56-62-68] Демек, Кокон уездинин Нойгут-

Кыпчак, Лейлек болуштуктарындагы калктын дээрлик бардык пайызын кыргыздар түзгөн.

*Маргалаң уездинде* 4 участок, 19 болуштук болуп, алардын ичинен 3 болуштук, тактап айтканда Ичкилик, Найман, Жоокесек-Бостон болуштуктары нагыз кыргыз болуштуктары болгон.

Алсак, отурукташкан типтеги Ичкилик болуштугунда 100% кыргыздар жашаган. Болуштук азыркы Ноокат районунун батыш тарабындагы ичкилик уруулары жайгашкан аймактарда түзүлгөн. Мындан тышкары азыркы Чоң-Алай районунун чыгыш тарабындагы Кашка-Суу, Кара-Кабак айылдарын камтыган. Ичкилик болуштугунун борбору азыркы Ноокат районунун батышындагы Караван айылы эсептелген. Болуштукта жалпысынан 8 айыл жамаат, 51 айыл болуп, 4301 түтүн, 18804 киши жашап, алардын баарын кыргыздар түзгөн [69, с. 70-72].

Найман болуштугу алгач көчмөн, кийинчерээк отурукташкан типтеги болуштук болуп, азыркы Баткен облусунун Кадамжай районунун борбордук жана чыгышындагы көпчүлүк аймактарды жана Ош облусунун Чоң-Алай районунун борбордук, батыш тарабындагы көпчүлүк жерлерин камтыган. Болуштукта 8 айыл жамаат, 2415 түтүн, 13208 калк жашап, баарын кыргыздар түзгөн [69, с. 77-80].

Жоокесек-Бостон болуштугу да кыргыздардын көчмөн, кийинчерээк отурукташкан типтеги болуштук болгон. Болуштуктагы 8 айыл жамааттын 7си нагыз кыргыз, 1и тажик айыл жамааты болгон. Болуштукта 1261 түтүндө 6812 калк жашаган [69, с. 81-82]. Болуштуктун аймагы азыркы Кадамжай районунун батыш бөлүгүн, башкача айтканда Баткен району жана Сох анклавы менен чектешкен аймактарын камтыган.

Маргалаң уездинин башка айрым болуштуктарында кыргыздар жашаган. Маселен, Араван болуштугундагы Төлөйкөн, Мангыт жана Улуукатын айыл жамааттары, Эрке-Кашка, Бостон, Жаннат ж.б. кыргыз айылдар болуп, болуштуктагы жалпы 23063 кишинин 8550сүн (37%) түзгөн. Куля болуштугунда жалпы 17258 жан калктын 5239ун (30,36%), Язяван болуштугундагы жалпы


32415 жан калктын 5726сын (17,67%), Яккатут болуштугундагы жалпы 16570 жан калктын 2244үн (13,55%) кыргыздар түзгөн [69, с. 72-99]. Мындан тышкары Файзабад болуштугунун Актепе айыл жамаатынын Камыш-Дөбө, Асаке болуштугунун Орто-Асаке айыл жамаатынын Каракаңды айылында кыргыздар жашаган. Кокон-Кыштак болуштугунун Хана-Абад айыл жамаатынын Кесекмаала, Каңды, Телмин, Ак-Коргон, Гумкана айылдары, Суфан Валик айыл жамаатынын Кул, Бостон, Жогору Валик, Паски Валик, Найман, айылдары кыргыз айылдары болгон. 16972 жан калктын 2065син (12,17%) кыргыздар түзгөн [69, с. 70-102]. Мархамат болуштугунундагы жалпы 15128 жан калктын 2529ун (16,7%), Каратепе-Чаукен болуштугундагы 27410 жан калктын 3352син (12,23%), Кува болуштугундагы жалпы 18665 жан калктын 2156сын (11,55%), Аувал болуштугундагы жалпы 14650 жан калктын 666ын (4,55%), Чимион болуштугундагы жалпы 25767 жан калктын 1186сын (4,6%) кыргыздар түзгөн жана Сегаза болуштугунун Мырза-Абад айыл жамаатынын 61 түтүндүү Чоң-Багыш айылы да кыргыз айылы болгон [69, с. 69-102].

Таблица 3.4. – Маргалаң уездиндеги кыргыздар жашаган болуштуктар

| № | Болуштук | Саны | | Этникалык курамы % менен | Азыркы аймагы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Түтүн | Калк | | |
| 1 | Ичкилик | 4301 | 18804 | Кыргыздар 100% | КР, Ноокат району |
| 2 | Найман | 2415 | 13208 | Кыргыздар 100% | КР, Кадамжай, Чоң-Алай р. |
| 3 | Жоокесек-Бостон | 1261 | 6812 | Кыргыздар 83% | КР, Кадамжай району |
| 4 | Араван | 3361 | 23063 | Кыргыздар 37% | КР, Араван району<br>Өзбек Рес., Анжиян обл. |
| 5 | Куля | 3175 | 17258 | Кыргыздар 30% | Өзбек Рес., Фергана обл. |
| 6 | Язяван | 7257 | 32415 | Кыргыздар 17,7% | Өзбек Рес., Фергана обл. |
| 7 | Мархамат | 3089 | 15128 | Кыргыздар 16,7% | КР, Араван р-ну, Өзбек Рес. Анжиян обл., Мархамат р. |
| 8 | Яккатут | 3259 | 16570 | Кыргыздар 13,6% | Өзбек Рес., Фергана обл. |
| 9 | Каратепе-Чаукент | 4447 | 27410 | Кыргыздар 12,2% | Өзбек Рес., Фергана обл. |
| 10 | Кокон-Кыштак | 3151 | 16972 | Кыргыздар 12,2% | Өзбек Рес., Фергана обл. |
| 11 | Кува | 3567 | 18665 | Кыргыздар 11,6% | Өзбек Рес.,Ферг.обл. |
| 12 | Чимион | 4857 | 25767 | Кыргыздар 4,6% | Өзбек Рес., Фергана обл. |
| 13 | Аувал | 2765 | 14650 | Кыргыздар 4,6% | Өзбек Рес., Фергана обл.,<br>КР, Кадамжай району |
| 14 | Файзабад | 4809 | 24847 | Кыргыздар 4,2% | Өзбек Рес., Фергана обл. |
| 15 | Асаке | 3697 | 24159 | Кыргыздар 2,1% | Өзбек Рес., Анжиян обл. |

1911-жылга карата расмий отчеттогу маалыматтарга таянсак, Маргалаң уездинин калкынын жалпы саны 479079 кишини түзгөн. Этникалык курамы боюнча сарт 273622 киши же жалпы уезд калкынын 57%ын түзгөн. Экинчи орунда кыргыздар 77158 кишини же 16,1%ды, тажиктер 35894 киши же 7,49%, кашкарлыктар 33787 киши же 7%, түрктөр 14991 киши же 3,13%, өзбектер 13701 киши же 3%, орустар 12292 киши же 3%, кыпчактар 7490 кишини же 1,6%ды, калган этностор 10144 кишини же 2,11%ды түзүшкөн [72, с. 127].

Диаграмма 3.3. – Маргалаң уездинин этникалык курамы (1911-ж.)




*Наманган уездинде* 1909-жылы жалпы 5 участок, 27 болуштук 146 айыл жамаат, 524 айыл (калктуу конуш) болон. Аларда 80798 түтүн, 441228 калк жашаган [69, с. 135]. Анын арасынан Суусамыр, Багыш, Кырк-Уул, Саруу, Кутлук-Сейит, Чаткал болуштуктары нагыз кыргыз болуштуктар болгондугун тарыхый булактардан көрүүгө болот [69, с. 103-128].

Мындан тышкары Баястан болуштугу толугу менен азыркы Ала-Бука районунун аймагын камтып, андагы эки айыл жамаат, тактап айтканда Ала-Бука (412 түтүн), Санач (388 түтүн) айыл жамааттарында кыргыздар жашап, болуштуктун 53% көпчүлүк калкын түзгөн. Нанай болуштугунун Заркент айыл жамаатынын Шилви, Узак, Хадыкен, Жогору Ялангач айылдары, Булак-Башы айыл жамаатынын Куи-Ялангач айылы, Исховат айыл жамаатынын Газнан айылы, Нанай айыл жамаатынын Каракчы-Сай, Хазрет-Шах айыл жамаатынын Нау айылдары кыргыз айылдары болуп, аларда жашаган кыргыздар болуштуктун 20%га жакынын түзгөн. Ашт болуштугунун Ашаба айыл жамаатында кыргыздар жашап, жалпы болуштуктун 19%дан ашыгын түзгөн. Пишкаран болуштугунун Куи-Пишкаран айыл жамаатынын Жогору-Сасыксай айылында, Бек-Абад айыл жамаатынын Куи-Сасыксай (төмөнкү Сасыксай) айылында, Алихан айыл жамаатынын Арык-Багыш, Кундалянг айылында,

Ходжа-Шуркент айыл жамаатынын Паски-Чоңбагыш айылында кыргыздар жашап, болуштуктун жалпы калкынын 6,7%ын түзгөн. Жаңы-Коргон болуштугунун Кушан айыл жамаатынын Гулдурау айылында, Ноокен айыл жамаатынын Рабат, Булак-Башы айылдарында 171 түтүн кыргыздар жашаган. Чартак болуштугунун Карабак айыл жамаатынын Сарай айылында да 120 түтүн кыргыз жашаган. Төрө-Коргон болуштугунун Сайрам айыл жамаатынын Елхан айылында 24 түтүн кыргыз жашаган [69, с. 103-134].

Таблица 3.5. – Наманган уездиндеги кыргыздар жашаган болуштуктар [69, с. 103-134]

| № | Болуштук | Саны | | Этникалык курамы % менен | Азыркы аймагы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Түтүн | Калк | | |
| 1 | Суусамыр | 1942 | 9373 | Кыргыздар 100% | КР, Токтогул району |
| 2 | Багыш | 1842 | 9234 | Кыргыздар 100% | КР, Аксы району |
| 3 | Кырк-Уул | 2169 | 11544 | Кыргыздар 100% | КР, Аксы району |
| 4 | Саруу | 2070 | 10346 | Кыргыздар 100% | КР, Аксы району |
| 5 | Чаткал | 804 | 4378 | Кыргыздар 100% | КР, Чаткал району |
| 6 | Арым | 1379 | 6213 | Кыргыздар 95%<br>Орустар 5% | КР, Токтогул району |
| 7 | Кутлук-Сейит | 2470 | 12783 | Кыргыздар 100% | КР, Ала-Бука, Чаткал р-ну |
| 8 | Баястан | 1481 | 10082 | Кыргыздар 53% | КР, Ала-Бука району |
| 9 | Нанай | 1875 | 12805 | Кыргыздар 18% | Өзбек Рес., Наманган обл.<br>КР, Аксы, Ала-Бука р-ну |
| 10 | Ашт | 2723 | 12260 | Кыргыздар 19,6% | Тажик Рес., Согди облусу |
| 11 | Пишкаран | 2117 | 12602 | Кыргыздар 6,14% | Өзбек. Рес. Наманган обл. |
| 12 | Жаңы-Коргон | 4092 | 20223 | Кыргыздар 4,8% | Өзбек. Рес. Наманган обл. |

1911-жылдагы расмий отчеттогу маалыматка таянсак, Наманган уездинин калкынын жалпы саны 479473 кишини, этникалык курамы боюнча сарттар 315103 кишини же жалпы уезддин 66%ын түзгөн. Экинчиде кыргыздар 78555 кишини же 17%ды, андан ары тажиктер 40360 киши же 8%, кыпчактар 30980 киши же 6%, орустар 2672 киши же 0,56%, кара-калпактар 2367 киши же 0,5%, өзбектер 1294 киши же 0,27%, калган этностор 2812 кишини же 0,59%ды түзүшкөн [72, с. 127].

Диаграмма 3.4. – Наманган уездинин этникалык курамы (1911-ж.)




*Ош уезди* отурукташкан жана көчмөн болуп, эки участкалык райондорго бөлүнгөн. Мындан тышкары Ош болуштугу Ош шаарынын жергиликтүүлөр (туземдик) бөлүгү деп эсептелип, орус бөлүгү менен бирге полициялык (шаардык) участокко караган. Отурукташкан участокко Ак-Буура, Ноокат, Кашкар-Кыштак, Турук,  Булак-Башы, Мөнөк болуштуктары кирген. Көчмөн участокко Гүлчө, Алай, Капчыгай жана Куршаб болуштуктары караган. Куршаб болуштугу чарбалык мүнөзү боюнча аралаш типтеги болуштук болгон. Куршаб болуштугунун жарым калкы көчмөн болгондуктан, уезддин чыгыш тарабында көчмөн болуштуктарга чектеш жайгашкандыктан жана уезддердеги участоктордун тең салмактуулугу үчүн көчмөн участокко кирген болуу керек.

Ош болуштугу бир эле учурда шаардын туземдик (жергиликтүү) бөлүгү катары да эсептелген. Бул боюнча тарыхый булактардын биринде төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилет: "Ош болуштугу шаардын чегинен тышкаркы жакта жайгашканы менен полициялык (шаардык) участоктун туземдик (жергиликтүү) бөлүгүнө тиешелүү. Бул болуштукту түзгөн айдоо аянттары шаардыктарга таандык. Кышындасы ал жерлерде болуштуктун жашоочулары дээрлик болбойт, алар жайындасы дыйканчылык иштерин жүргүзүү үчүн гана шаардан көчүп барышат. Ошондуктан, бул болуштук Ош шаарынын полициялык приставынын туземдик (жергиликтүү) администрациясынын башкаруусунда болот" [69, с. 135]. Ош болуштугу, же шаардын жергиликтүү бөлүгү деп эсептелген бул болуштукта калктын саны 42694 адамды түзүп, этностук курамы боюнча дээрлик баары сарттар (өзбектер) эсептелген. Ал эми көчүп келген орус бөлүгүндө 789 киши жашаган [69, с. 135].

Ак-Буура болуштугу азыркы Ош шаарынынан айланасын, түштүк-чыгыш, түштүк жана түштүк-батыш тарабы, т.а. Мады, Асан-Чек, Ак-Жар, Озгур, Төлөйкөн, Жапалак, Ишкаван ж.б. аймактарын камтыган. Бул болуштуктун

калкынын 90%дан көбүн кыргыз улутундагылар түзгөн. [69, с. 140] Ак-Буура болуштугу Ош уезди түзүлгөн алгачкы күндөн эле уюшулган.

Булак-Башы болуштугунда 18 айыл болуп, алардын Тээке (Тээке – К.у.Н.), Катаган, Навах, Бостон, Манчит айылдарында кыргыздар жашаган. Жалпысынан Булак-Башы болуштугунда 23641 адам жашап, Ош уездинин эң калктуу болуштук болгон. Анын 6 миңге жакынын кыргыз улутундагылар түзгөн [69, с. 136]. Болуштук Ош шаарына жакын турган жана азыркы учурда аймагы Өзбекстан Республикасынын Анжиян облусунда калган.

Мөнөк болуштугу да азыркы административдик бөлүнүш боюнча Өзбекстан Республикасынын Анжиян облусунун аймактарында калган. Бул болуштукта 24 айыл болсо, анын 10у, т.а. Элчибек, Соколок, Мидикул-Ардай, Күюк-Мазар, Чувангачи, Карачунас (Жору уруусунун курамындагы Каракунас этнониминен келип чыккан этнотопоним болушу мүмкүн – К.у.Н.), Калмаки, Кадаксын, Ардай ж.б. кыргыз айылдары болгон. Болуштукта жалпысынан 14475 адам жашап, алардын 5952си кыргыз улутундагылар түзгөн [69, с. 137]. Аталган болуштук да Ош шаарына жакын жайгашкан.

Кашкар-Кыштак болуштугу азыркы Кара-Суу районунун Кашкар-Кыштак, Жоош, Ак-Таш, Савай, Сарай айыл аймактарынын, Барак анклавынын ж.б. аймактарында болгон. Болуштукта жалпысынан 28 айыл болуп, аларда жашаган калктын саны 13167 кишини түзсө, 2100гө жакыны сарт жана тажик улутундагылар болуп, 11 миңден ашыгы кыргыз улутундагылар болгон [69, с. 139]. Көрүнүп тургандай, болуштуктун аталышы азыркы Кашкар-Кыштак калктуу конушунан улам аталган.

Ноокат болуштугуна азыркы Ноокат районунун борбордук жана чыгыш тарабы, башкача айтканда негизинен отуз уул уруулук бирикмеси жайгашкан Кыргыз-Ата, Т.Зулпуев, Кеңеш, Н.Исанов, Көк-Бел айылдык округдары, мындан тышкары Кара-Таш, Жаңы-Ноокат, Мирмахмудов, Гулистан айылдык округдарынын жана Ноокат шаарынын аймактарын камтыган. Райондун батыш тарабы Маргалаң уездинин Ичкилик болуштугуна караган. Ноокат болуштугунда 1909-жылга карата 35 айыл болгон жана аларда жашаган калктын

саны 20161 кишини түзүп, анын 14678и б.а. 73%ы кыргыз улутундагылар болгон [69, с. 142]. Ноокат болуштугу да Ош уездинде эң алгачкы уюшулган болуштук экендигин архивдик материалдардан көрүүгө болот.

Турук болуштугу азыркы Кара-Суу районуна караштуу Папан айыл аймагынын, Мады айыл аймагынын айрым айылдарын камтыган. Турук болуштугунда 1909-жылы 22 айыл болуп, аларда 11173 киши жашаган жана этностук курамы боюнча баарын кыргыздар түзгөн [69, с. 41]. Турук болуштугу кезинде Ак-Буура болуштугунан бөлүнүп чыккандыгын жогоруда белгиледик.

Алай болуштугуна Алай районунун азыркы Ленин, Алай, Сары-Таш, Үч-Дөбө, Бүлөлү, Талды-Суу айылдык округдарынын ж.б. аймактарын камтыган. Болуштукта 6586 адам жашап, баары кыргыз улутундагылар болгон [69, с. 144].

Гүлчө болуштугу алгач Алай району толугу менен, Кара-Кулжа районунун тең жарымынан көбүн, Кара-Суу районунун бираз аймактарын камтыган абдан чоң болуштук болуп, кийин Гүлчө болуштугунан Алай болуштугу, кийинчерээк Капчыгай, андан кийин Кара-Таш болуштугу бөлүнүп чыккан. Натыйжада Гүлчө болуштугунун аймагы кичирейип, 1913-жылдан кийин негизинен азыркы Алай районунун Гүлчө, Жошолу, Коңур-Дөбө, Кабылан-Көл, Будалык айылдык аймактарынын, Чыйырчык ашуусунун атарабын ж.б. камтыган. 1909-жылы (Кара-Таш болуштугу бөлүнө элек мезгилде) Гүлчө болуштугунда 12582 адам жашап, баары кыргыз улутундагылар болгон [69, 146]. Гүлчө болуштугу да уездде эң алгачкы түзүлгөн болуштуктардын бири эле.

Капчыгай болуштугу азыркы Кара-Кулжа районунун Алайкуу, Сары-Булак, Капчыгай, Кызыл-Жар, Чалма, Ой-Тал, Ылай-Талаа ж.б. айылдык округдардын аймактарын камтыган. Ал эми Кара-Кочкор, Кара-Кулжа, 1-Май айылдарынын аймактары Анжиян уездинин Өзгөн болуштугуна караган. Капчыгай болуштугунда 13762 адам жашап, баары кыргыздар болгон [69, с. 149].

Куршаб болуштугу азыркы Өзгөн районунун Куршаб, Кызыл-Октябрь, Кароол, Жалпак-Таш ж.б. айылдык округдарынын, Кара-Кулжа районуна караштуу Кара-Гуз айылдык округунун аймактарында түзүлгөн. [69, с. 150]

Таблица 3.6. – Ош уездинин болуштуктарындагы түтүндүн жана калктын саны, этникалык курамы, азыркы аймагы

| № | Болуштук | Саны | | Этникалык курамы % менен | Азыркы аймагы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Түтүн | Калк | | |
| 1 | Ак-Буура | 2457 | 12867 | Кыргыздар 97% | КР, Ош ш., Кара-Суу р-ну |
| 2 | Гүлчө | 2566 | 12582 | Кыргыздар 100% | КР, Алай району |
| 3 | Ноокат | 3366 | 20161 | Кыргыздар 73% | КР, Ноокат району |
| 4 | Ош | 6287 | 43483 | Орус 2%, Сарт 98% | КР, Ош шаары |
| 5 | Алай | 1628 | 6586 | Кыргыздар 100% | КР, Алай району |
| 6 | Куршаб | 3520 | 16121 | Кыргыздар 97 % | КР, Өзгөн району |
| 7 | Капчыгай | 2352 | 13762 | Кыргыздар 100% | КР, Кара-Кулжа району |
| 8 | Кашкар-Кыштак | 2609 | 13167 | Кыргыздар 84,2% | КР, Кара-Суу району |
| 9 | Турук | 1795 | 11173 | Кыргыздар 100% | КР, Кара-Суу району |
| 10 | Кара-Таш | | | Кыргыздар 100% | КР, Кара-Суу району |
| 11 | Мөнөк | 2191 | 14475 | Кыргыздар 42% | Өзбек Рес., Анжиян обл. |
| 12 | Булак-Башы | 3424 | 23641 | Кыргыздар 25% | Өзбек Рес., Анжиян обл. |

1911-жылга карата расмий отчеттогу маалыматтарга таянсак, Ош уездинде жалпы 202758 киши жашап, этникалык курамы боюнча кыргыздар 110188 киши же жалпы уезддеги калктын 54,34%ын түзгөн. Экинчи орунда сарттар 72470 киши же 35,74%ды түзгөн. Андан ары кашкарлыктар 8575 киши же 4,23%, Түрктөр 7015 киши же 3,46%, Орустар 3630 киши же 1,79%, калган этностор 0,43%ды түзгөн [72, с. 129].

Диаграмма 3.5. – Ош уездинин этникалык курамы (1911-ж.)




Ал эми бүтүндөй Фергана облусу боюнча 1911-жылга карата жалпы калктын саны 2125977 кишини болсо, этникалык курамы боюнча көпчүлүктү, т.а. 1310267си же 61,63% сарттар, 404452 кишини же 19,02%ды кыргыздар түзгөн. Андан ары тажиктер 126466 киши же жалпы калктын 5,95%ын, кыпчактар 64333 киши же 3,02%, кашкарлыктар 55761 киши же 2,62%, өзбек

51395 киши же 2,42%, орустар ж.б. европалыктар 50665 киши же 2,38%, түрктөр 22890 киши же 1,07%, кара-калпактар 19571 киши же 0,92%ды түзгөн [72, с. 129].

Диаграмма 3.6. - Фергана облусунун калкынын этникалык курамы (1911-ж.)




Административдик-аймактык бөлүштүрүү саясатынын ишке ашышы көчмөн кыргыздар үчүн эки жактуу натыйжаларга алып келген. XIX к. аягы – XX к. башында Фергана облусунда отурукташкан кыргыз айыл-кыштактар жана болуштуктар көбөйүп, айдоо аянттары кеңейген, айыл чарбанын өнүгүшүнө өбөлгө болгон. “XIX к. аягы – XX к. башында жергиликтүү калктын, өзгөчө жакыр бөлүгүнүн отурукташууга умтулушу – деп жазат К.Үсөнбаев, кыргыздардын жашоосундагы прогрессивдүү окуялардын бири болгон, анткени, отурукташуу эмгектин коомдук бөлүнүшү, отурукташкан калктуу конуштардын калыптанышы, адамдардын жашоо-тиричилик образынын өзгөрүшү менен байланышкан” [142, с. 271].

Колониалдык доордо Фергана облусун, анда жашаган кыргыздардын аймагын админстративдик бөлүштүрүүдө калпыс көрүнүштөр да орун алган. Көчмөн кыргыздардын майда административдик бөлүнүүлөрү тууралуу К.Пален “аймакты жана жергиликтүү калкты майда айылдык бирдиктерге бөлүштүрүү фиктивдүү түрдө ишке ашкан жана өзгөчө көчмөн райондордо калктын чарбалык топтошуусу менен дал келбейт” [63, с. 142] деген жыйынтыкка келген.

Фергана өрөөнүнүн алкагында азыркы Өзбекстан, Кыргызстан жана Тажикстандын өз ара чек араларын белгилөө татаал болуп, айрымдары бүгүнкү күнгө чейин чечилбей келет. Албетте, аймактык, экономикалык, руханий жактан көп кылымдар бою жуурулушуп жашашкан Фергана өрөөнүнүн элдеринин арасында улуттук-мамлекеттик чек араларды так бөлүштүрүү мүмкүн эмес эле. Мындай татаал маселе колониалдык доодогу аймактык башкаруу киргизилип, бирок, улуттук өзгөчөлүктү атайлап четке сүрүү шартында чечилбеши айкын

болчу. Ошондуктан, бул маселенин совет мезгилинде ишке ашышын калыстык үчүн белгилеп кетүүгө туура келет.

Жыйынтык:

- Колониалдык доордогу “аскердик-элдик башкаруу” системасынын киргизилиши менен уруулук түзүлүшү боюнча жашаган кыргыз эли ырааттуу түрдө аймактык-административдик бирдиктерге бөлүштүрүлгөн. Көчмөн кыргыздарды аймактык принципте башкаруу жана бөлүштүрүү алардын отурукташуусун шарттап, натыйжада калктын социалдык-экономикалык түзүлүшүндө прогрессивдүү өзгөрүүлөр коштолгон;
- Учурда өлкөбүздүн түштүк аймагы Түркстан генерал-губернаторлугунун Фергана облусунун бардык уезддерине бөлүнгөн. Ал эми азыркы Лейлек районунун батыш тарабы Самарканд облусуна караштуу Кожент уездинин курамында калган. Муну падыша өкмөтүнүн бул аймакта жүргүзгөн “бөлүп сал да, бийлей бер” деген саясатынын белгилеринин бири катары кароого болот;
- Административдик-аймактык бөлүштүрүүдө метрополиянын аскердик, административдик кызыкчылыктары жана мындай зор байлыктуу аймактын экономикалык жана адамдык ресурстарын эксплуатациялоону эң арзан жана “эффективдүү” уюштуруу милдеттери менен коштолгон. Өрөөндөгү этностордун ортосундагы аймактык маселелер чечилген эмес.

# IV БАП. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЭЛДИК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ

## 4.1. Болуштук башкаруу

“Волость” термини жалпы Славян элдерининде орто кылымдардан эле белгилүү болуп, “власть” (бийлик), кийинчерээк “владеть” (ээлөө, ээлик кылуу) маанилеринде колдонулган [114, с. 75]. XIX к. экинчи жарымында Россия империясында “волость” майда административдик бирдик болуп, анын башчысы “волостной управитель” деп аталган.

Биздин лексиконго “волость” сөзү XIX к. экинчи жарымынан Россия империясынын каратып алуусу менен кирген. “Волость” сөзүн кыргыздар кыргыз тилинин фонетикалык айтуу ыргагына жараша “болуш” деп айтышкан. Ал эми колдонуу маанисинде “болуш” (волость) сөзү орус тилиндегидей административдик бирдикти эмес, анын башчысын, орусча айтканда “волостной управитель” (болуштук башкаруучу) маанисин туюндурган. Мисалы:

“Өңү сары, көзү көк,

Орус чыгат.

Миң түтүнгө бир киши,

Болуш чыгат...” [58, 52-б.] – деп, XIX к. биринчи жарымында Калыгул Бай уулунун айткандары маалым. Ал эми административдик бирдикти туюндуруу үчүн “болуштук” деп колдонушкандыгы тарыхый булактардан белгилүү.

Биз өзүбүздүн изилдөөбүздө да негизинен “болуштук” сөзүн административдик бирдик (волость) маанисин туюндуруу үчүн, ал эми “болуш” сөзүн анын башкаруучусун (волостной управитель) туюндуруучу маанинде колдондук. Ошол эле учурда болуштук башкаруучу деп да колдонулат.

Кошумчалай кетүүчү жагдай, Кыргызстандын түштүк аймактарында “болуш” терминининин ордуна “миң башы” термини да колдонулган. Ал тууралуу көптөгөн жергиликтүү булактардан көрүүгө болот. Алсак, Молдо Нияздын чыгармаларында болушту (болуштук башкаруучуну) төмөнкү саптар менен сүрөттөйт:

“Бир жыл болду сайлоого,

Биригип журттун баариси,

Миң башы наамга миндирип,


Бу кылганы түзүкпү?” [56, 33-б.] Мындан тышкары, миң башылар тууралуу жергиликтүү тургундардын айткандарын архивдик булактар менен салыштырганда XX кылымдын башында болуштук башкаруучулар болгондугу белгилүү болду. Орус тарыхчысы С.Абашин да өзүнүн макаласында “болуштук башкаруучуларды “миң башы”, б.а. миңдин башчысы деп атай башташты” – деп жазат [81]. Түштүк кыргыздарында кеңири колдонулган миң башы термини Кокон хандыгынын мезгилинде калыптанган. Хандыкта миң башы эң жогорку кызмат даражаларынын бири болгондугу, Омор хандын мезгилинде киргизилгендиги изилдөөлөрдө белгиленет [137, с. 90]. Колониалдык доордо “миң башы” кызматы расмий түрдө жоюлгандыгына карабастан, түштүк кыргыздарынын арасында термин аталган доорго трансформацияланып, саясий мааниде кеңири колдонула берген. Аймакты башкаруу жөнүндө Жоболордо (мыйзамдарда) болуштук миңден эки миңге чейин түтүн болгондуктан “миң башы” термини шарттуу түрдө болуштук башкаруучуга калк тарабынан ыйгарылган расмий эмес аталыш болгон.

Түркстан генерал-губернаторлугунун Фергана облусунда 1876-жылдан баштап жер-жерлерде болуштук жана айылдык административдик бирдиктер түзүлүп баштаган. Болуштуктун түзүлүшүнүн негизги принциптери Түркстанды башкаруу жөнүндө Жоболордо белгиленген.

*Болуштук.* 1886-жылы кабыл алынган Түркстан крайын башкаруу жөнүндө Жобонун 75-беренесине ылайык отурукташкан болуштуктар бири-бирине чектеш, жакын турган бир нече айыл жамааттардан турары жана 110-беренеге ылайык көчмөн болуштуктар кыштоо мезгилиндеги жерлери боюнча жакын турган айылдардан турары белгиленген [65, с. ]. Мисалы, 1909-жылы Ош уездинин Ноокат болуштугу Эски-Ноокат, Жаңы-Ноокат, Кара-Таш, Кыргыз-Ата, Шаңкол, Кошчан, Көк-Бел, Кыркоол айыл жамааттарынан турган. Ошондой эле Маргалаң уездинин Ичкилик болуштугу Караван, Айтамга, Чавай, Кожо-Арык, Каңды-Борбаш, Алашан, Меркит, Гереит-Шорон деген айыл жамааттардан турган [69, с. 71-72]. Демек, болуштуктар бир нече айыл

жамааттарга бөлүнгөн. Ал эми айыл жамааттар бир нече айылдарга, калктуу конуштарга бөлүнгөн.

Кыргыздарда болуштуктар уруулук түзүлүш боюча эмес, аймактык принцип боюнча: арыктарды (дарыялар – К.у.Н.) бойлой, өрөөндөр боюнча, көл жээктери жана өзөндөр боюнча уюшулган [79, с. 24]. 1911-жылы Ош уездинин землемери И.Попов тарабынан түзүлгөн Ош уездинин болуштуктарга бөлүнгөн картасынан [25, с. 49] болуштуктар дарыяларды бойлой, башкача айтканда ар бир болуштуктун аймагынан жок эле дегенде бир же эки дарыя кесип өткөндүгүн көрүүгө болот.



CS Сканировано с CamScanner

Сүрөт 4.1. – Ош уездинин 1911-жылдагы болуштуктарга бөлүнгөн картасы

Фергана облусундагы кыргыз болуштуктарынын аталыштары боюнча да анализ жасап көрдүк жана төмөнкүдөй жыйынтыкты алдык: 1) уруу-уруктардын аталышы (этнотопоним) ыйгарылган болуштуктар, мисалы: Жоокесек-Бостон, Нойгут-Кыпчак, Найман, Ичкилик, Кыркуул, Багыш, Саруу ж.б.; 2) болуштук түзүлгөн өрөөндүн тарыхый аталышынан, мисалы: Көгарт, Ноокат, Ош, Лейлек ж.б.; 3) болуштуктун борбору деп көрсөтүлгөн аймактын же калктуу конуштун тарыхый аталышынан, мисалы: Гүлчө, Куршаб, Кашкар-Кыштак ж.б.; 4) болуштук жайгашкан аймактагы гидронимдердин аталышынан, мисалы: Ак-Буура, Яссы, Каракөл-Сересуу ж.б.. Демек, кыргыз жерлеринде болуштуктар XIX кылымдын экинчи жарымынан кийин аймактык принцип боюнча уюшулуп баштагандыктан алардын аталыштары ал аймактагы топонимдердин (ойконим, ороним, гидроним, этнотопоним ж.б.) негизинде аталган.

1886-жылы кабыл алынган Түркстан крайын башкаруу жөнүндө Жобонун 76-беренесине ылайык отурукташкан болуштуктарда түтүндүн саны 1000ден 2000ге чейин болору, ал эми 109-беренесине ылайык көчмөн болуштуктарда 2000 түтүндөн ашпаган өлчөмдө облустук башкармалык тарабынан аныкталары жазылган [65, с. ]. Ю.Д.Южаков өзүнүн эмгегинде болуштук 6дан 12ге чейин айылдан (айыл жамаатынан – К.у.Н.), же болбосо 1000ден, ал тургай 800, 900дөн 2000ге чейин жана андан да көп түтүндөн турат деп белгилейт [79, с. 24]. Болуштук жана айылдык административдик бирдиктердеги түтүндүн Жободо белгиленген сандык өлчөмү тең салмактуулукту, башкаруу жана салык жыйноо маселелериндеги ыңгайлуулукту камсыздаган мыйзам болгон.

Анткен менен болуштуктардагы түтүндүн саны жободо көрсөтүлгөн өлчөмдөн көп болгондугун тарыхый булактардан кезиктирүүгө болот. Бул боюнча К.Пален өзүнүн отчетунда таблица менен көрсөтүп, Түркстандагы 4 облус боюнча 269 көчмөн болуштуктан 29унда түтүндүн саны 2000ден көп болгондугун, ал эми отурукташкан 205 болуштуктан 116 болуштукта кожолуктун саны 2000ден көп болгондугун жазат. Ал тургай Фергана облусунун Анжиян уездинин 1 болуштугунда, Маргалаң уездинин 2 болуштугунда, Кокон уездинин 1 болуштугунда түтүндүн саны 5000ден көп экендигин көрсөтөт [63, с.

68-70]. Статистикалык булакта Ош уездинин көчмөн районуна кирген Гүлчө болуштугунда 2566 түтүн, Капчыгай болуштугунда 2352 түтүн, отурукташкан Ноокат болуштугунда 3366 түтүн, Ак-Буура болуштугунда 2457 түтүн болгондугу жазылат [69, 141-150]. Демек, болуштуктагы түтүндүн саны жободо көрсөтүлгөн өлчөмдөн көп болгон учурларга жол берилген.

Болуштуктар түтүндүн саны менен өлчөнгөндүктөн, алардын аянттары ар түрлүү болгон. 1911-жылы Ош уездинин болуштуктарга бөлүнгөн картасында андагы болуштуктардын чек аралары менен аянты да көрсөтүлгөн. Ал боюнча Алай болуштугунун аянты 5500 квадрат верста (квадрат верста 1,13806224 $км^2$ барабар), Гүлчө болуштугу 950 кв. в., Капчыгай болуштугу 4400 кв. в., Куршаб болуштугу 650 кв. в., Ак-Буура болуштугу 712 кв. в., Ноокат болуштугу 810 кв. в., Кашкар-Кыштак болуштугу 289,35 кв. в., Ош болуштугу 113,60 кв. в., Маняк болуштугу 233,30 кв. в., Булак-Башы болуштугу 122,10 кв. верстага барабар болгон [25, с. 49]. Көрүнүп тургандай, бул мезгилде Алай болуштугунун калкы Куршаб болуштугунун калкына салыштырмалуу 2 эсе аз болгондугуна карабастан, аянты 8,5 эсе чоң болгон.

К.Палендин иликтөөсү боюнча отурукташкан аймактардагы болуштуктардын, айылдык жамааттардын жана айылдардын чек аралары (территориялары) жетиштүү деңгээлде аныкталып, административдик жактан алар маселе жараткан эмес. Ал эми көчмөн жана жарым отурукташкан аймактарда майда административдик бирдиктердин чектери жөнүндө маселе бир топ кыйынчылыктарды туудурган. Жоболордо көрсөтүлгөндөй көчмөн болуштуктар жергиликтүү шарттарына ылайык, кыштоо мезгилиндеги жер пайдалануу боюнча коңшу жайгашкан айыл жамааттарынан түзүлгөн. Демек, болуштуктардын административдик аймагын белгилөөдө алардын кыштоосунун жайгашкан жерлери негиз кылынган. Бирок, калкты административдик бөлүштүрүүлөрдө айылдардын жана болуштуктардын аймактык чек аралары так аныкталбагандыгы белгиленет [63, с. 87].

Кыргыздар жаңы административдик-аймактык бирдиктен мурдагы уруулук принциптеги түзүлүшкө өтүүгө ар дайым умтулушкан. Анын

себептеринин бири кызмат адамдарын шайлоо көпчүлүктүн добуш берүүсү менен жүргүзүлгөндүктөн, мындай болуштуктарда бийлик көбүрөөк сандагы топко өтүп, жеңилген азчылыктын укуктары чектелип калган. Алар бул болуштуктун курамынан чыгып, туугандары менен биригүүгө аракет кылышкан. Бул болсо белгиленген болуштуктардын же айылдардын бөлүнүшүнө алып келип, кээде айылдардын же чарбалык топтордун болуштуктан болуштукка кошулуу жолу менен ишке ашкан [63, с. 87-88].

Болуштуктардын административдик жактан которуштурууну орус бийлиги ишке ашырган. Мисалы, бир болуштукту бир уездден башка уезддге өткөрүү генерал-губернатордун, ал эми айыл жамааттарды бир болуштуктан экинчисине өткөрүү облустун аскер губернаторунун уруксаты менен жүргүзүлгөн [65, с.]. Жергиликтүү жашоочулардын жаңыдан болуштук түзүп чыгуу жөнүндө орус бийлигине кайрылышкан көптөгөн арыздарын, суранычтарын кезиктирүүгө болот.


Жоболордо болуштукта түтүндүн саны 1000ден 2000ге чейин деп белгиленгендиктен, калктын саны өскөн сайын улам жаңы болуштуктарды бөлүп чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлүп, облуста жыл сайын болуштукардын саны өсүп турган. Болуштуктардын саны табигый көбөйүүгө караганда саясий максаттан улам болуштук бөлүп чыгуу активдүүлүк кылган. Анткени, айрым учурда болуштук кызматка жетүү үчүн болуштуктагы азчылыкты түзгөн бир уруу (уруу башчысы) көпчүлүктү түзгөн экинчи уруунун саясий үстөмдүгүнөн кутулуу керек болгон. Албетте, ал жоболордо көрсөтүлгөн талаптарга туура келген учурда ишке ашкан.

Алсак, 1913-жылы Ош уездинин Гүлчө болуштугунан Кара-Таш болуштугу бөлүнүп, өзүнчө болуштук болуп түзүлүшү тууралуу архивдик документи кезиктирүүгө болот. Анда айыл старчындар өздөрүнүн жана тургундардын атынан орус администрациясына өтүнүчтөрүн жазышкан. Өтүнүчтө: “Биздин Кызыл-Суу, Кара-Таш жана Кара-Кыя айыл жамааттарыбыз бири-бирине жакын жайгашышып, ошол эле учурда Гүлчө болуштугунун башка айыл жамааттарынан обочолонуп бөлүнүп турат. Гүлчөдөн бизге чейинки

аралык орто эсеп менен 40 верстти түзүп, эки бийик тоону ашып өтүүгө туура келет. Аба-ырайы ачык мезгилде да Гүлчө менен байланыш биз үчүн оңойго турбайт. Ал эми кыштагы карда жана жазында жааган жамгырларда дээрлик байланышуу мүмкүн эмес, мүмкүн болгон учурда да абдан кыйынга туруп, алтургай адам өмүрүнө кооптуу болот. Тигил же бул маселе боюнча болушка же элдик сотко жолугуу үчүн ар дайым Гүлчөгө барууга туура келет. Табигый кыйынчылыктардан тышкары да болушка же элдик сотко ар ирет Гүлчөгө баруу кедей кыргыздар үчүн чоң чыгымды талап кылат. Жеке иштерди бүтүрүүгө аба-ырайынын ыңгайлуу мезгилинде барууга мүмкүнчүлүк болот. Ал эми жергиликтүү же орус администрациясы чакырган учурда кандай кырдаал болбосун тез арада барууга туура келет. Андай учурда айылдан өкүл жиберүү ыктыярдуу барганга караганда кымбат туруп, чыгымдарды төлөп берүүгө туура келет. Гүлчөгө барып келүү үчүн элдин баарында эле жылкы боло бербейт. Чакырууну орундатуу  үчүн 5-10 рубль чыгым менен 80-100 чакырым жол жүрүп ден-соолугун, өмүрүн тобокелге салышат. Айыл жамааттарыбыздагы мындай оор кырдаал биздин 3 айыл жамаатыбыздын чегинде өз алдынча болуштук түзүү үчүн орус башкармалыгына кайрылууга аргасыз кылды. Учурдагы кыйынчылыктардын алдында өзүнчө болуштук администрацияга кете турган чыгымдарга төлөм төлөө биз үчүн алда канча жеңил жана ыңгайлуу. Биздин 3 айыл жамаатыбызда 1200дөй түтүн бар. Жакынкы эл каттоодо бул көрсөткүч мындан да жогору болот. Аталган 3 айыл жамаатын бөлүп, өзүнчө болуштук түзүү үчүн айылдардын ар бири чечим чыгарышып, алардын атынан бизди облустук башкармалыкка кайрылууга укук беришкен. Айыл жамааттардын ошол чечимдеринин негизинде облустук башкармалыктан биздин 3 айыл жамаатыбызды өзүнчө болуштукка бөлүп, болушка, эл сотторуна жана старчындарга шайлоо уюштуруу боюнча өтүнүчүбүздү канааттандырууну суранабыз. - Батыр Тойчубеков, Турдукул Ташибеков, алар менен кошо сабатсыз тургундар өздөрүнүн колтамгаларын коюшкан” [17, с. 8]

Облустук башкармалык жогорудагы келтирилген өтүнүчтөрдүн негизинде Гүлчө болуштугунун жана андан бөлүнүп чыккан Кара-Таш болуштугунун

картасынын чиймесин даярдаган. Анын экспликациясында көрсөтүлгөндөй, мурдагы Гүлчө болуштугунун жалпы аянты  950 кв. верст болсо, андан бөлүнүп чыккан Кара-Таш болуштугунун аянты 306 кв. верстти түзүп, Гүлчө болуштугунун карамагында 644 кв. верст аянттагы аймак калган [17, с. 10].




Сүрөт 4.2. – Гүлчө жана андан бөлүнүп чыккан Кара-Таш болуштуктарынын картасы [17, с. 10]

Ошентип, Гүлчө болуштугунун түндүк-батыш аймагындагы жогоруда аталган айыл жамааттардын негизинде өзүнчө Кара-Таш болуштугу бөлүнүп чыккан. Ал болуштук азыркы административдик бөлүнүү боюнча Ош облусунун

Кара-Суу районуна караган Кызыл-Суу айыл аймагын жана анын атарабын камтыган.

Расмий документте, т.а. айыл старчындары жана тургундар жазган өтүнүчтө көрүнүп тургандай, болуштукту бөлүү зарылдыгы деп андагы 3 айыл жамааттын болуштуктун администрациясы жайгашкан Гүлчөдөн алыста болуп, жашоочуларга жана административдик жактан бир топ кыйынчылыктарды, ыңгайсыздыктарды жараткандыгы жүйө келтирилет. Анткен менен, бул жерде да кандайдыр бир деңгээлде саясий кызыкчылык бардай. Болуштук түзүлгөндөн эки жылдан кийинки документтерден Гүлчө болушу Асанбек Алымбековдун убактылуу өргүүгө чыккандыгына байланыштуу анын ордуна убактылуу милдетин аткаруучу болуп Чыйырчык айыл жамаатынын старчыны Туманбай Мусаев дайындалгандыгы, анткени, болушка кандидат Мамарасул Досбаев Кара-Таш болуштугуна болуш болуп дайындалгандыгы жазылган [3, с. 176]. Мында Гүлчө болуштугу бөлүнө элек мезгилде болуштук башкаруучулука өткөрүлгөн шайлоодо Асанбек Алымбековго утулуп калган Мамарасул Досбаевдин болуштук башкаруучуга кандидат болгондугу, ошодон көп өтпөй ал жаңыдан бөлүнүп чыккан Кара-Таш болуштугуна болуш болуп шайлангандыгы көрүнүп турат. Демек, бул жерде жеке жана уруулук түзүлүшкө негизделген топтун кызыкчылыгы (негизинен бийликке жетүү) көрүнүп тургандыгын байкоо кыйын эмес.

*Болуштук башкаруу органы.* Болуштукту 3 жылдык мөөнөткө шайланган болуш (волостной управитель) башкарган. Түркстан крайын башкаруу жөнүндө Жобонун 83-беренесине ылайык, болуш кызматына калк арасында кадыр-баркка ээ, соттолбогон, 25 жаштан жогорку адамдар шайлана алары белгиленген [65, с.].

Болуштук администрацияда болуштун түздөн-түз кол астындагы чакан аппараты болуп, ал болуштун өзүнөн, болушка кандидаттан, катчыдан (писарь) жана кабарчы (рассыльный) жигитинен турган.





Схема 3.1. – Болуштук башкаруу органынын структурасы

Болуш ишмердигин негизинен өзүнүн катчысы менен жүргүзгөн. Катчылар көп учурда орус же татар улутунан болушкан. Талып Молдо болуштук башкаруу структурасына токтолуп, “болуштук башкаруу тутумуна төмөнкүлөр кирчү: Болуш; Кандидаты (болуш өлсө анын ордун баса турган киши); Бесир (писарь)” – деп эсептейт. Автор андан ары “болуштук ишти болуш менен бесири гана жүргүзүүчү. Бесирлер орустан болучу. Кандидат болсо болуш өлсө анын милдетин аткаруучу. Болуш өлбөсө кандидатта эч канчалык бийлөө укугу жок болуучу” – деп белгилейт [57, 552-б.]. Архивдик документтер көрсөткөндөй, болуш кызматына ат салышкандардын шайлоодо жеңип чыкканы (кээде орус бийлигинин ыктыярындагылар) болуш кызматына, ал эми добуштардын саны боюнча экинчи орун менен чыккан талапкер болушка кандидат болуп бекитилген. Чындыгында кандидатта бийлик болгон эмес. Болуш иштеп турган учурда анын кандидаты номиналдуу гана кызмат болгон. Болуш кандайдыр себеп менен өзүнүн кызматтык мөөнөтүндө убактылуу же кызматтык мөөнөтүнөн биротоло кеткен учурда анын милдеттери кандидатка берилген. Мисалы, 1915-жылы Гүлчө болуштугунун болушу Асанбек Алымбеков өзүнүн арызынын негизинде (ден соолугуна байланыштуу – К.у.Н.) Гүлчө болуштугунун болушу кызматынан бошотулгандыктан, анын ордуна кандидаты Дейди Бекботоев болуш милдетин аткаруучу болуп, 1915-жылдын 4-декабрындагы облустун аскер губернаторунун №662- буйругу менен дайындалган [3, с. 49]. Кандидаттар кээде болуштун ордуна милдетин аткаруучу болуп орус бийлик өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарынан улам дайындалбай калган учурлар да болгон.

Болуштун негизги функциялары Түркстанды башкаруу жөнүндө Жоболордо аныкталган. Мисалы, 1886-жылы кабыл алынган Жобонун 99-беренеси боюнча болуш соттун чечимдерин жана өкмөттүн буйруктарын аткаруу, айылдардагы үйлөрдүн тизмесин жүргүзүү, калктын киреше-чыгашасын көзөмөлдөө, бардык жыйымдардын түшүүн жана аткарылышын көзөмөлдөө, айылдарда уруксатсыз жыйымдар жана белгиленбеген алымдарды болтурбоого милдеттүү болгон [65, с.]. Мындан тышкары, жергиликтүү башкаруулар (болуш, старчын) коомдук түрдүү иштерди, мисалы, жол салуу, сугат иштерин жөнгө салуу, арык тазалоо, көпүрө жана башка имараттарды куруу сыяктуу иштерди аткаруу үчүн жергиликтүү калкты уюштурушкан.

Жергиликтүү элдик башкаруучулардын эң негизги милдети салыктарды убагында чогултуп берүү болгон. Салык жыйноодо мерчемделген өлчөмдү так, өз убагында чогултуп, казынага тапшырган жергиликтүү администрация башчылары орус администрациясы тарабынан өзгөчө белгиленген. Мисалы, 1914-жылы Ош уездинин начальниги расмий түрдө: “Ноокат болуштугунда 1914-жылга карата мамлекеттик салык толугу менен жыйналып, 10-октябрга чейин казынага тапшырылгандыгын уездге жарыялайм. Салык жыйноодо көрсөткөн кызматына ынталуулугу үчүн аталган болуштуктун болуштук башкаруучусуна жана айылдык старчындарга ыраазычылык билдирем” – деп жарыялайт [4, с. 20]. Ушундай эле маанидеги билдирүүлөрдүн биринде “Алай болуштугунун болушу өз болуштугунун кыргыздарынан алынуучу салыктардын бардыгын толугу менен тапшырды. Алай болуштугу Памир чек ара өткөрмөсүнүн жолунда жаткан чоң аймакты камтып, аны башкаруу жана салыктарды өз убагында чогултуу жана жеткирүү абдан кыйын. Ага карабастан болуштук башкаруучу Бекмырза Диванаевдин өзгөчө көрүнүктүү жеке сапаттары жана эмгекчилдигинин арты менен ишке ашып турат. Мен ага ыраазычылыгымды билдирип, башка болуштук башкаруучуларга үлгү катары көрсөтөм” – деп жазылат [5, с. 258]. Чындыгында Түркстандын биринчи генерал-губернатору К.П.Кауфман Түркстанды башкаруунун 14 жылдыгынын отчетунда: жергиликтүү элдик башкаруусуз алык-салык иштерин ийгиликтүү

аткарууга жана ачылып жаткан мекемелерге элде бейкапар мамиле түзүүгө мүмкүн эмес эле [52, с. 165] – деп жазганы Түркстандагы орус бийлиги үчүн жергиликтүү администрациянын салык жыйноодогу алмаштыргыс ордун көрсөтүп турат. Муну менен жергиликтүү “элдик” деп аталган төмөнкү бийлик кайсы бир деңгээлде колониялдык бийликтин жер-жерлердеги социалдык-экономикалык маселелер менен алектенип, падышалык кызыкчылыктарга жооп берген, такай көзөмөлдө болуп турган акткаруучу органы катары эсептелинген.

Болуш өз колуна административдик бийликти топтогон. Кабыл алынган мыйзамдарды жана орус бийликтеринин көрсөтмөлөрүн жарыялап, “зыяндуу ушактардын таркашына жол бербей коомдук тартипти камсыз кылып, уезддик начальниктерге кылмыштуулук жана тартипсиздиктер жөнүндө билдирип туруу, соттук өкүмдөрдүн ишке ашырылышын” көзөмөлдөө, ошондой эле полициялык милдетти да аткарган. Демек, болуштар өз карамагындагы аймактарда чоң бийликке ээ болушкан. Болуштун коомдук тартипти, жашоо эрежелерин бузгандарга карата 3 күнгө чейин камоо жөнүндө чечим чыгарууга же белгилүү суммадагы жазаны салууга укугу болгон. Жергиликтүү автор Талып Молдо болуштардын бийлигин, иш аракеттерин сүрөттөп, ал: “болуштун айтканы айткан, дегени деген. Болуш элди кандай башкарам десе болуштун өз ыктыяры” – деп жазат [57, 556-б.].

Ошол эле учурда жергиликтүү башкаруучулардын иш аракеттери көпчүлүк учурда орус колониялдык бийликтин өкүлдөрү тарабынан чектелип, катуу көзөмөл жүргүзүү астында ишке ашкан. Жергиликтүү башкаруу органдарынын өкүлдөрү эгерде орус бийлигинин өкүлдөрүнүн мүдөсүнө ылайык келбесе, анда аларды кызматтан алуу, жоопкерчиликке тартууну да ишке ашырышкан. Ошол эле учурда Жободо белгиленгендей “талыкпаган эмгеги үчүн жергиликтүү элдик администрациянын башчылары генерал-губернатордун кароосу боюнча ардактуу кийимдер менен же ага бөлүнгөн өзгөчө суммадан акчалай сыйланышы мүмкүндүгү” белгиленген [65, с.].

Болуштар аткарган кызматы үчүн кызматтык маяна алышкан. Кызматтык маяна болуштуктагы калктан жыйналып, ал мамлекеттик салыктардан тышкары

атайын чогултулган. 1886-жылы кабыл алынган Жобонун 96-беренесине ылайык, болуштардын (катчы, кабарчы кызматкерлери менен бирге – К.у.Н.) кызматтык маяналары мамлекеттик салыктар менен катар атайын өзүнчө коомдук жыйым таризинде элден жыйналган жана ал уезддик казынада сакталып, облустук башкармалык белгилеген мөөнөттө маяналар чегерилген [65, с.].

Фергана облусунда алгачкы мезгилдерде, тактап айтканда 1886-жылга чейин болуштун бир жылдык кызматтык маянасы 700 рубль, кызматчы жигиттке 500 рубль, башкы мурапка 700 рублга чейинки өлчөмдө белгиленген. Мисалы, 1877-жылы Анжиян уездинин начальниги облустун аскер-губернаторуна жазган рапортунда уезддеги 24 болуштун ар бирине жана алардын ар биринин кызматчы жигитине биригип жылына 1200 рубльды, баарына 28800 рублду түзөрүн, мындан тышкары 8 мурапка 700 рублдан эсептегенде аларга 5600 рубль акча керектелери белгиленген. Жалпы Анжиян уезди боюнча жогоруда аталган жергиликтүү администрация башчыларынын бардык өкүлдөрүнүн (анын ичинде 130 айыл аксакал жана старчындын ар бирине 150 рублдан чегерилгенде баары болуп 19500 рубль кошулуп) бир жылдык кызматтык маяналарына орто эсеп менен 53900 рубль керектелери жазылган [6, с. 4-5].

Жогорудагыдай эле рапорт менен Чимион уездиндеги 5 болуштук башкаруучуга жылына 700 рубддан 3500 рубль, алардын кызматчы жигиттерине 500 рублдан 2500 рубль, бир мурапка 700 жана анын жардамчысына 300 рубль болуп, жергиликтүү администрация башчыларынын бардык өкүлдөрүнө (26 айыл аксакал жана старчынга 150 рубдан жалпы 3900 рубль кошулуп) 10900 рубль сарпталарын жазган [6, с. 29].

1886-жылы Түркстанды башкаруу боюнча кабыл алынган Жобо боюнча жергиликтүү администрация башчыларынын кызматтык маяналары башкача өлчөмдө болгон. Мисалы, аталган Жобонун 91-беренесине ылайык болуштун кызматтык маянасы болуштуктун көлөмүнө жана бардарчылыгына жараша жылына 300 рублдан 500 рублга чейинки өлчөмдө болору белгиленген. Кызматтык маянанын конкреттүү суммасы шайлоого жыйналган болуштук

жыйындарда шайлоо өнөктүгүнүн алдынан аныкталган. Мындан тышкары болуштук администрациядагы катчы (писарь) жана башка кызматчыларды (жигит, кабарчы ж.б.) иштетүү үчүн жылына 300дөн 400 рублга чейинки өлчөмдөгү сумма каралган. Болуштук жыйында белгиленген маяналардын өлчөмү облустук башкармалык тарабынан бекитилген [65, с.].

Архивдик документтерден 1914-жылы Ош уездинин Өзгөн жана Акжар болуштуктарындагы жыйында болуштун бир жылдык эмгек акысынын суммасын болуштук жыйын 500 рубль деп белгилегендигин көрүүгө болот. Ал эми катчы жана кабарчыга бир жылга 400 рубльдан эмгек акы белгиленген. Жогорудагы белгиленген эмгек акылар мыйзамдуу түрдө уезддин начальнигинин 27-августтагы 4134-номурдагы рапортунун негизинде облустук башкарууда бекитилген [12, с. 91].

К.Пален өзүнүн иликтөөсүндө кыргыз болуштуктарындагы катчылар (писарь) бир жылга 200дөн 240 рублга чейин, айрым гана учурларда 300 рублга чейин маяна алышкандыгын, ал эми отурукташкан болуштуктарда катчылар 50дөн 105 рублга чейин гана суммада кызмат акы алышкандыгын белгилейт. Кызматчы жигиттер жылына 100-150 рубль алышкан. Катчы жана башка кызматчылар жол жүрүү үчүн жылкы кармоо, жумушка зарыл болгон дагы башка каражаттарды камсыздоого милдеттүү болуп, аларга белгиленген жогорудагы суммадагы маяна жетишсиз болгон. Мындан улам болуштуктардагы катчылар, кызматчылар дээрлик тажрыйбасыз, ишеничсиз болушкан. Болуштук башкаруучулар аларды иштеткенге аргасыз болгон же өз эсебинен кошумча акы бериш керек болгон. Ошондуктан, болуштук катчылар да, чабармандар да, өз каражаттарын мыйзамсыз жол менен толуктоого аракет жасашып, алтургай бул үчүн опузалап акча талап кылышкан. Уезддин начальниктери бул көрүнүш менен күрөшүшкөн эмес, анткени аларга мындай арзыбаган маяна үчүн жакшы чабармандарды табуу кыйынга турган [63, с. 105].

Болуштук жана айылдык жамааттардын өз алдынча башкаруусунда жергиликтүү башкаруучулар колониялдык бийликтин таасиринен тышкары, элдин кызыкчылыгына ылайык иштерди жасап, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн

чегинде ак кызмат кылгандары болгондугун калыстык үчүн белгилеп кетебиз. Маселен, Көгарт болуштугунун болушу Кошдатка уулу Мырзакул болуш өзүнүн кызматтык мезгилинде жергиликтүү эл үчүн көптөгөн иштерди жасагандыгы ооздон оозго айтылып жүрөт. Ошол эле учурда “аскердик-элдик башкаруу” системасынын ишке ашышы менен, өзгөчө жергиликтүү башкарууда терс натыйжалар алгачкы күндөн эле байкала баштаган. Эң ириде паракорлук, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу ж.б. бузуку иштер алгачкы жылдарда эле пайда боло баштап, улам барган сайын күчөгөндүгү тарыхый булактардан белгилүү.

К.Пален “болуштардын, өзгөчө айыл страчындарынын сабатсыздыгы участкалык приставдарга ашыкча иш туудурат” – деп жазат [63, с. ]. Чындыгында жергиликтүү элдин болуштук же айылдык администарция башчыларына кандайдыр деңгээлдеги билим талап кылынган эмес. Өзбекстан улуттук архивинин 19-фондунан алып келген биздеги материалдарыбыз боюнча Фергана облусундагы айрым кыргыз болуштуктарындагы болуштук башкаруучулукка талапкерлердин көпчүлүгү, тактап айтканда 22 талапкердин 15и сабатсыз, 7си кайсы бир деңгээлде сабаттуу болгон.

Тарыхый булактардын биринде “болуштар негизинен элүү башчылардын паракорлугу (подкуп) аркылуу шайланышкандыктан кызматтык милдеттерин жана элдин кызыкчылыгын ойлошкон эмес. Алардын көбү жеке иштери менен алектенип, шайлоого кеткен акчаны кайтарууга аракет кылышкан жана келечектеги кызматына ишенбей, мыйзамдын талаптары менен таанышууну каалабайт деп белгилеген [78, с. 188].

К.Пален өзүнүн иликтөөсүндө болуштук жана айылдык администрациянын иш алып баруусундагы айрым кемчилдиктерге токтолуп, төмөнкүлөрдү белгилеген: 1) Калктан жыйналган салыктар айрым болуштар, айыл старчындары тарабынан өз убагынан кечиктирилип тапшырылган. Жыйналган салыкты кечигип тапшырууну жашыруу үчүн каттоо журналына салыкты төлөнгөн күнү эмес аны тапшырган күнү каттаган; 2) Калктын кирешесине жана чыгашасына байкоо жүргүзүү абдан канааттандырарлык эмес

болуп чыкты. Старчындар бул маселеде дээрлик эч кандай активдүүлүгүн көрсөтүшпөйт жана уезддик администрация талап кылганда гана эң жакшы дегенде керектүү маалыматты араң чогултушат; 3) Болуштар жогорку жактан келген жарыяларды жана өкмөттүк буйруктарды аткарууга алууда аны старчындарга өздөрүнүн расмий мөөрлөрү басылган жарыялоосу менен гана чектелишет; 4) Көпчүлүк учурда соттук чечимдер өтө жай аткарылат, көбүнчө аларды аткаруудан толук баш тартуу менен чектешет; 5) Жергиликтүү башкаруучулар өз демилгеси менен жолдорду жана көпүрөлөрдү өз убагында оңдоону көзөмөлдөшпөйт, орус администрациясынын талабы боюнча гана тиешелүү чараларды көрүшөт [63, с. 109].

Болуштук башкаруу боюнча орус булактарынан тышкары жергиликтүү булактарда да бир топ чагылдырылат. Негизинен ошол мезгилдин билимдүү кишилери болгон тарыхчы, санжырачылардын, молдолордун, акындардын эмгектеринде болуштар, алардын иш-аракеттери, өзгөчө терс жактары бир топ сүрөттөлөт. Мисалы, Молдо Нияздын чыгармасынан:

Нактайы ишти кылбадың.

Намарттыгың билдирип,

Найманнын баарин жедирип,

Нарктуу ишти кылбадың [56, 33-б.] - деген саптарын мисал келтирүүгө болот. Ушундай эле маанайдагы пикирлерди Токтогул, Барпы ж.б. акындардын ырларынан да жолуктурууга болот. Демек, жаңыдан киргизилген жергиликтүү башкаруу системасы айрым прогрессивдүү жактарын эске албаганда жергиликтүү эл үчүн терс көрүнүштөрү көбүрөөк байкалган.

Фергана облусунун архивдик материалдарында аталган облустагы болуштук башкаруучулардын үстүнөн келип түшкөн арызданууларды облустагы бир нече уезддерден кезиктирүүгө болот. Мисалы, Ош уездинин Ноокат болуштугунун жашоочулары Нурмугаммед Алим-Мир Калянов, Молдо Алим Усманов жана Рахманкул Мусин Ноокат болуштугунун болушу Асанбек Алымбековдун үстүнөн мыйзамсыз иш-аракеттер, такап айтканда ашыкча салык жыйноо боюнча даттанышкан. Бул иш бир топ убакытка созулуп, адегенде элдик

сот Чоңмурун бий тарабынан каралып, андан кийинки инстанцияларга чейин жеткен. Жыйынтыгында Асанбек Алимбековдун мыйзамдуу аракеттерде болгондугу, ал болуштук кызматын андан ары уланткандыгын көрүүгө болот [22, с. 1]. Ушундай эле мүнөздөгү даттануу менен Маргалаң уездинин Ичкилик болуштугунун элүү башылары болуш Мирзакул Султанбаевдин үстүнөн мыйзамсыз салымдары үчүн арызданышкан [23, с. 1]. Бул сыяктуу даттануулар абдан көп учураган. Архивдик документтерден дээрлик ар бир болуштуктан кезиктирүүгө болот.

Жергиликтүү элдик башкаруудагы жана уезддик администрациялардын ишиндеги кемчилдиктерди, мыйзам бузууларды 1882-жылы крайды изилдеп келген сенатор Ф.Гирс да өзүнүн отчетунунда белгилеген. Ал болуштар жана айыл старчындарынын көпчүлүгү элден жыйнаган салыкты казынага өз убагында төкпөстөн аны колунда кармап же биротоло иштетип жиберишкендери тууралуу фактылар кездешкендигин жазат. “Орус начальниктеринин жана жергиликтүү администрациянын башчыларынын кылмыштары жана жоруктары үчүн административдик жазалоону жана жоопкерчиликке тартууну текшерүү” учурунда бир топ фактыларды келтирген. Анын иликтөөсүндө мындай мыйзам бузуу фактылары боюнча акыркы 3 жылда, тактап айтканда 1880-81-82-жылдары 238 иш келип түшкөн, мындан тышкары 1879-жылдан калган 153 иш, жалпы болуп 391 иш катталган, алардын 240ына чечим чыгып, 151 иш 1883-жылга калтырылган. Бул түркүмдөгү жалпы иштердин 105и боюнча тергөө жүргүзүлүп, алардын ичинен 18и кызматтык кылмыштары үчүн соттолсо, 8 иш боюнча административдик жазага тартылышкан, калган иштер жабылган. Жогоруда аталган категориядагы иштерди элден чогултулган жыйымды орунсуз жок кылуу (растрата) жана ээлеп алуу фактыларынын улам барган сайын көбөйүп баратканына көңүл бурган. 1880-жылы 3 мындай иш келип түшсө, 1882-жылы 21 иш, б.а. 7 эсе көп катталган. Ал эми аларга байланыштуу кызматтык жасалмачылык фактылары боюнча 1881-жылы 1, 1882-жылы 9 иш катталган. Каражаттарды уурдоо фактыларын негизинен элден салык чогултуп, бирок казынага өткөрүп бербеген жергиликтүү администрациянын кызмат адамдары

түзгөн. Мындай фактыларынын көбөйүшүнөн улам элдин карызы боюнча салык жыйноочулардын көрсөтмөлөрүнүн тууралыгына шектенген администрация аларды текшергенде, карыздын көбү эл эмес, салык жыйноочулар экени аныкталган. Фергана облусунун уезддик начальниктеринин мүнөздөмөсү боюнча, элдин мойнуна жүктөлгөн карыздардын көбүн, кыязы, жергиликтүү бийлктин башында турган аткаминерлер берген эмес. Ревизияда Анжиян жана Ош уезддик башкармалыктарынын иштеринде жергиликтүү администрация өкүлдөрү тарабынан салыктарды иштетишкендиги аныкталып, Анжиян уездинде 67 миң рублга чейин, Ош уездинде 19 миң рублга чейин жеткен – деп белгилейт [44, с. 82].

Жогорудагы келтирилген мисалдардан көрүнгөндөй элдик администрациянын башчылары өзүнүн 3 жылдык мөөнөтүн ак кызмат кылып өткөргөндөр чындыгында аз болгон. Ал акча шайланган болуштук башкаруучу үчүн анча деле мааниси жок, негизги маселе көбүрөөк акча таап, баюу үчүн ыңгайлуу шарт түзүүгө гана керек. Окумуштуу Т. Кененсариев: “эл оозуна алынып”, “аткаминер” атыгып, “чоң” болуу менен мансаптуулардын катарына кирүү маанилүү болгондугун белгилейт [105, 157-б.].

Алгачкы эле күндөн тартып Фергана облусу боюнча үч жылдын ичинде 98 болуштук башкаруучудан 45и, же 45%дан бир аз көбү администрацияда башкара билбегендиги, милдеттерин адилеттүү аткарбагандыгы, мыйзамсыз аракеттери ж.б. үчүн, орус бийлиги тарабынан кызматтан алынгандыгын ревизор Ф.Гирс жазып өтөт [44, с. 64]. Эске сала кетсек, Ф.Гирс Фергана облусуна алгачкы мезгилдерде эле (облус түзүлгөндөн 6 жылдан кийин) келгендиги белгилүү. Мындай көрүнүш улам кийинки жылдарда күчөгөн. Болуштук башкаруу систмасы жогорудагы көрсөтүгөн айрым кемчиликтерге карабастан көчмөн кыргыздар үчүн өзүнүн оң натыйжаларын да берген. Алсак, болуштук системанын түзүлүшү менен кыргыздардын урук-уруулук конфликттер токтоп, көчмөн кыргыз эли жаңы башкаруу системасына көнө баштаганын көрүүгө болот.

Жыйынтык:

- Кыргыз коомуна болуштук административдик бирдик жана болуштук башкаруу органы XIX к. экинчи жарымынан баштап, Россия империясынын каратып алуусу менен киризилген. Ал Россия империясынын колониалдык саясаттарынын максаттарына ылайык келген принциптердин негизинде ишке ашкан.
- Болуштук башкаруу жергиликтүү (туземдик) башкаруу системасынын жогорку баскычы болуп эсептелген.
- Болуштуктун башкаруучусун кыргыздар "болуш" деп аташкан жана алар шайлануу аркылуу кызматка бекилген. Тарыхый булактардан маалым болгондой, шайлоо принциптеринин киргизилишинин себептеринин бири жергиликтүү (туземдик) элдеги (анын ичинде кыргыздардын) таасирдүү, кадыр-барктуу адамдардын таасирин төмөндөтүү болгон. Анткени, алар колониалдык орус бийлиги үчүн ыңгайсыз, кооптуу болушкан.
- Россия империясынын административдик саясаты "бөлүп салып бийлей бер" деген ыкма менен ишке ашкандыгын, анын жергиликтүү башкаруудагы белгиси катары болуштуктар кыргыздын мурдатан келаткан уруулук түзүлүшү менен эмес, аймактык (территориялык) принцип боюнча түзүлгөндүгүн белгилөөгө болот. Орус бийлиги кыргыздагы уруулук түзүлүштү жоюуга кызыкдар болгон. Ошол эле учурда аталган мезгилдеги ишке ашып баштаган уруулук түзүлүштү жоюу, отурукташкан чарбага өтүү сыяктуу маселелерди экинчи тараптан кайсы бир деңгээлде прогрессивдүү көрүнүш катары да баалоого болот.

### 3.2. Айылдык башкаруу

Кыргыз коомунда адамдардын айыл тибинде биригип жашоосу мурдатан эле калыптанган. Айылдын өзөгүн уруулук туугандыгы боюнча жакын адамдар түзгөн. Бир атанын балдары урукка, андан ары урууга айлангандай, айыл коому да жетилүүнүн ар кыл баскычына өтүп, майда айылдарга бөлүнүп турган.

Уруулук жамааттын экономикалык негизин уруу мүчөлөрүнүн жерлери (жайкы жана кышкы жайыты) жана мүлктүк кызыкчылыктары түзгөн. Талаалар жана жерлер бүткүл жамааттын менчиги деп эсептелген. Белгилүү территорияны ээлөө менен уруу жамааты өзүнүн административдик аймагын түзгөн [84, с. 167].

Уруулук түзүлүшкө жана көчмөн чарбага байланыштуу кыргыздарда айылдардын көлөмү ар түрлүү болгон.

Кыргызстандын Россия империясына каратылышы менен айыл түзүлүштөрү бир катар өзгөрүүгө учураган. Алсак, мурдагы уруулук түзүлүшкө негизделген ар түрдүү көлөмдөгү чарбалык айылдардын бир нечесин бириктирген административдик айылдар же Жободо айтылгандай айыл жамааттар (аульное/сельское общество) түзүлгөн. Административдик айылдар аймактык (чарба жүргүзүүдөгү жалпылык боюнча) жана көлөмдүк (түтүн саны) принциптерге негизделген.

Административдик айылдар Түркстанды башкаруу жөнүндө Жоболордо белгиленгендей "сельское общество" (отурукташкан элдерде) же "аульная общества" (көчмөндөрдө) деп аталган. Аталган түшүнүктөр кыргыз тилиндеги илимий адабияттарда "айыл жамааты", "айыл коому" ж.б. аталыштарда берилет. Биз өзүбүздүн изилдөөбүздө "айыл жамааты" деп колдондук.

*Айыл жамааты.* Айыл жамаат бири-бирине жакын жайгашкан, жерди жана сугат арыктарды пайдаланууда жалпылыкка ээ болгон бир же бир рече майда айылдардан, кыштактардан, хуторлордон, чектерден жана коргондордон турган [65, с. ]. Мисалы, Ош уездинин Ноокат болуштугунун Кыргыз-Ата айыл жамааты Ымам-Ата, Кыргыз-Ата, Ак-Булак, Токмок-Булак, Көтөрмө, Борко, Баргы-Барын жана Кашкалдак деген 9 айылдан турган [69, с. 143]. Дагы бир мисал, 1909-жылы Анжиян уездине караган Өзгөн болуштугунун № 1 айыл жамаатында Акжар, Көлдүк, Левый берег Яссы (Яссынын сол жээги – авт.) деген айылдардан турган [69, с. 18]. Демек, бир нече чарбалык айылдар (кыштоолор) айыл жамаатка бириктирилип, ал "айылдык башкаруу" деп аталган. Айыл жамаатты (айылдык башкарууну) бүгүнкү административдик-аймактык түзүлүш менен алганда айыл аймакка (айыл өкмөткө) салыштыруу туура болот.

Түркстан аймагын башкаруу жөнүндөгү Жоболор боюнча айыл жамааттарда 100дөн 200гө чейин түтүн болууга тийиш болгон [65, с.]. Ю.Д.Южаков өзүнүн эмгегинде айылдар (айыл жамааттар – К.у.Н.) 70тен 250гө чейин түтүндөн турган деп белгилейт [79, с. 24]. Демек, айылдык

административдик бирдиктер андагы түтүндүн саны менен өлчөнгөн. Кээ бир айыл жамааттарда түтүндүн саны жоболордо көрсөтүлгөндөн көп боло берген. Мындай көрүнүштү болуштук бирдиктен да мисал келтиргенбиз. Бирок, эмненин негизинде жол берилгендиги боюнча түшүндүрмөнү булактардан, адабияттардан ала албадык. Мисалы, Наманган болуштугунун Нанай участогуна караган Арым болуштугунун №1 айыл жамаатында жалпысынан 391 түтүн, Багыш болуштугунун Караван айыл жамаатында 457 түтүн, Баястан болуштугунун Ала-Бука айыл жамаатында 412 түтүн калк жашагандыгы боюнча расмий документтерден көрүүгө болот [69, с. 104-106]. Буларда түтүндүн саны Жободо белгиленген 200 түтүндөн эки эсе, андан да көп болгондугу көрүнүп турат.

Чарбалык айылдардын (кыштоочу, жаздоочу) аталыштары колониалдык доордо деле негизинен андагы тарыхый топонимдеринин негизинде аталган. Ал эми орус империясынын келиши менен уюштурулган административдик айылдар (айыл жамааттар), өзгөчө көчмөн болуштуктардагы айыл жамааттар номурлаштырылган. Мисалы, XX кылымдын башында Анжиян уездинин Ноокен, Майлы-Сай, Каракол-Сересуу, Кенкол-Карагыр, Көгарт, Чангет, Өзгөн (Өзгөн айыл жамаатынан тышкары) жана Яссы (орус поселогунан башкасы) болуштуктарындагы административдик айылдардын (айыл жамаатардын) ар бирине атайын номур ыйгарылган. Мисалы, Яссы болуштугунун №1, №2, №3, №4, №5 айыл жамааттары болгон [69, с. 20]. Бул ыкма Түркстандын башка облустарында да кеңири колдонулган. Мисалы, Казактардын турмушун изилдеп чагылдырган макалалардын биринде административдик айыл жамааттарынын номурлаштырылышы боюнча маалымат берилип, анда жергиликтүү калктын арасында өзүнүн айыл жамаатын номуру менен атоо колдонулбагандыгын, номурлаштырып атоонун орус бийлигинин кеңсе иштерин ыңгайлаштыруудан башка эч кандай мааниге ээ эместигин жазган [77, с.79]. Советтик кыргыз тарыхчысы М.Айтбаев да административдик айыл жамаатарга орус бийлиги тарабынан катар номур берилгендигин белгилеп, “орус бийлиги шарттуу түрдө “айыл” деп аташкан жана көзмөлдөө үчүн жана элден салык жыйноо үчүн оңой

болуу үчүн катар номур ыйгарышкан” – деп жазат [84, с. 170]. Демек, айыл жамааттарды номурлаштыруу орус администрациясы тарабынан кеңсе иштеринде өздөрүнө ыңгайлуу шарт жаратуу максатында киргизилген.

Тургундардын тигил же бул административдик бирдикке таандык экендигин аныктоочу укуктук белгилер алгачкы Жоболордо көрсөтүлгөн эмес. Адатта, айылдардагы салык төлөөчү өз алдынча түтүндөр болуштук шайлоолордун алдына тизмеге алынган. Ошол салык төлөөчүлөрдү каттоого алуу үчүн түзүлгөн тизмелер менен гана административдик бирдикке тиешелүүлүгү шарттуу түрдө аныкталган. Кийинки Жоболордо гана болуштуктардагы кожолуктардын тизмесин түзүү жана калктын келип-кетүү кыймылын көзөмөлдөө милдеттерин болуштарга жүктөө аркылуу бир аз тартип киргизилген [63, с. 86] - деп белгилейт К.Пален өзүнүн изилдөөсүндө.

Жобо боюнча айыл жамааттарын бир болуштуктан экинчи болуштукка которуу же кошуу облустун аскер-губернаторунун уруксаты менен ишке ашкан. Ал эми майда айылдарды бир айыл жамаатынан экинчисине которууда айыл жамаатынын макулдугу менен уезддин начальниги уруксат берген [65, с.]. Демек, орус бийлиги айылдагы жашоочулардын көчүп-конуусун да такай көзөмөлгө алышкан.

*Айылдык башкаруу органы.* Административдик айылдын же айыл жамааттын өзүнүн башкаруу органы болгон. Айылдык башкаруу органын айылдык жыйын (сельский сход) жана айыл старчыны, анын чакан аппараты түзгөн.

Айыл жамааттарын 3 жылдык мөөнөткө шайланган айыл старчындары (аульный/сельский старшина) башкарган. Мындан улам, административдик айылды же расмий документтерде аталгандай айыл жамаатты старчындык (старшинство) деп да аталган. Айыл старчыны кызматына жобо боюнча сот жообуна тартылбаган, 25 жаштан жогорку адамдар шайлана алган [65, с.].

Эгерде, Жобо боюнча алсак, анда айылдык башкаруу органынын курамын айыл старчыны, старчындыкка кандидат (орун басары), старчындын жардамчысы түзгөн. Иш жүзүндө мындан тышкары өкүлчүлүк функцияны

аткарган шайланма кишилер, тактап айтканда элүү башылар, он башылар да айылдык башкаруу органына айланып калган. Айылдык башкаруу ишин жүзөгө ашырууда алар өзүнө караштуу түтүндөргө жооптуу болуп калышкан.

Айыл старчыны туруктуу катчы кармаган эмес. Алар керектүү учурда, негизинен салык жыйноо мезгилинде гана болуштун катчы кызмачысынан убактылуу пайдаланышкан.






Схема 4.2. – Айылдык башкаруу органынын структурасы

Старчындын кандидаты болуп бекитилген адамдын да ыйгарым укугу дээрлик болгон эмес. Ал старчын өз кызматында болгон мезгилде башкаруу иштерине аралашпаган. Качан гана старчын өз кызматынан кандайдыр бир себеп менен убактылуу же биротоло бошогондо гана (дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу, өзүнүн каалоосу менен же орус администрациясы тарабынан) кандидат анын ордуна кийинки шайлоо уюшулганга чейин убактылуу милдетин аткарган.

Түркстанды башкаруу жөнүндө Жобонун 97-беренесинде айыл старчындарга кызматтык мөөрлөр берилери каралган. Айыл старчыны жергиликтүү административдик орган катары өзүнүн айылындагы маселелерге байланышкан тийиштүү документтерге кепилдик же күбөлүк берүү же жоопкерчилик алуу сыяктуу өңүттөрдө мөөрүн баскан.

Мөөрдүн формасы генерал-губернатор тарабынан бекитилген. Архивден алынган материалга таянсак, старчындардын мөөрү тоголок формада болуп, орус тилинде мөөрдү тегерете тийиштүү болуштуктун аталышы көрөстүлүп, айыл жамаатынын старчыны деп жазылган. Ортосуна тийиштүү уезд жана облустун аталышы горизонталдык тартипте жазылган.



Сүрөт 4.3. – Ош уездинин Ноокат болуштугунун Кыргыз-Ата айыл старчынынын кызматтык мөөрү, 1903-жыл [29, с. 7]


Элүү башы бир эле учурда болушту жана элдик сотторду шайлоочу өкүл болуу менен айылдагы элүү түтүнгө жооптуу болушкан. Он башы да айыл старчынды шайлоочу гана болбостон өзүнө караштуу он түтүнгө жооптуу адам болгон. Алар өздөрү башкарган элдин арасындагы коомдук тартипти көзөмөлдөө (полициялык) функциясын аткарышып, калкты тизмеге алуу, салык жыйноо ж.б. иштерде айылдын старчынына көмөктөшкөн. Бирок, аларга болуш же айыл старчындарына атайын Жоболордо белгиленгендей белгилүү бир суммадагы маяна каралган эмес. Алар негизинен калктын арасында социалдык жактан бардар адамдардан шайлангандыктан көбүрөөк жер үлүштөрүнө ээ болуу ж.б. сыяктуу артыкчылыктары гана болушу мүмкүн эле. Бирок, аткарган кызматтары үчүн алардын айрымдары элден мыйзамсыз акча талап кылышса, башкалары кызматтык маяна бөлүү же коомдук тартипти көзөмөлдөө милдетинен бошотуу өтүнүчү менен кайрылышкандыгын Ф.Гирс өзүнүн отчетунда жазат. Ал тургай, элүү башчылар маяна албагандыгы үчүн аларга мамлекеттик салыктарды алуу укугун берүү өтүнүчү менен кайрылган учурлар болгондугун, ошондой эле элүү башчылар жана он башчылар болуштардан жана айыл старчындарынан толук түрдө көз каранды болуп, алардын кызматчы жигиттерине айланып калышкандыгын да белгилейт [44, с. 64.]

Элүү башылардын коомдогу орду, аткарган иштери тууралуу башка орус булактарына таянсак, айылдык башкарууну старчындар өзүнүн жардамчысы

менен гана ишке ашыргандыктан, бир топ жумуштарды алар элүү башыларга жүктөшкөн. Ал кызматтары үчүн эч кандай маяна каралбагандыктан, убакыттын өтүшү менен элүү башылар аткарган кызматтары үчүн калктан акы талап кыла башташкан. Көпчүлүк учурда күзүндө, эгин-тигин бышып жетилип, жыйым-терим мезгилинде натуралай алышкан. Айыл эли мурап кызматына да элүү башынын өзүн дайындап башташкан. Анткени, эки кызмат адамына (элүү башы жана мурап) аткарган кызматтары үчүн эки башка каражат жыйнабай, бир адамга гана үнөмдөшкөн. Натыйжада, элүү башы айыл старчындан жана болуштан тышкары арык аксакалдын да буйруктарын аткарууга аргасыз болгон. Ошентип, элүү башы өзүнүн түпкү функциясы болгон элүү түтүндүн атынан шайлоочу өкүл болуудан тышкары жергиликтүү администрациянын бардык даражаларына баш ийген адам болуп калган [55, с. 96-101]. Он башы жана элүү башылар да негизинен социалдык абалы боюнча жогорку катмардагылардан болгон.

Элүү башылардын да өздөрүнүн жеке мөөрлөрү болгон. Алар болушту жана элдик сотторду шайлашкан соң шайлоонун жыйынтыгы түшүрүлгөн баракка (баллотировочный лист) жана текст түрүндө жазылган протоколго өздөрүнүн аты-жөнү менен бирге мөөрлөрүн басышкан.

Ал мөөрлөрдө өздөрүнүн аты-жөнү, макамы (элүү башы) жазылган. Фергана облусунун материалдарына таянсак, аталган чөлкөмдөгү калктын, анын ичинде кыргыздардагы элүү башылардын мөөрлөрүнүн дээрлик баары чагатай тилинде (араб ариби менен) жазылган.



Сүрөт 4.4. – Наманган уездинин Кырк-Уул болуштугунун элүү башыларынын мөөрлөрү. 1882-жыл [15, с. 194]

Айыл старчындары да өз карамагындагы айылдардын чегинде чоң бийликке ээ болуп, болуштукундай эле ыйгарым укуктан пайдаланышкан.

Алардын милдеттерине чогулуштарды уюштуруу, айылдарда салык төлөө мүмкүнчүлүгү бар шайлоочу өкүлдөрдү тактоого, шайлоонун жүрүшүнө кийлигишпестен ал жыйындарга катышууга, тартипти көзөмөлдөөгө милдеттүү болгон. Андан тышкары, калктан бардык салыктарды жана жыйымдарды чогултуу жана акча алынгандыгын күбөлөндүргөн дүмүрчөктөрдү берүү, чогултулган суммаларды болушка тапшыруу милдеттери болгон. Бирок, алар болуштан көз каранды болушкан. Ошондуктан тигил же бул орчундуу чечимди болуш менен кеңешип туруп, анын уруксаты жана көзөмөлү менен чечкен.

Айылдык башкаруу органында старчын жана анын жардамчысы кызматтык маяна алышкан. Архивдик документтер көрсөтүп тургандай, старчындын бир жылдык маянасы 150 рубль өлчөмдө белгиленген. Мисалы, 1877-жылы Анжиян уездинин начальниги облустун аскер-губернаторуна жазган рапортунда уезддеги 130 айыл аксакал жана старчындын ар бирине жылына 150 рубльдан маяна эсептегенде, 19500 рубль сарпталары белгиленген [6, с. 4-5]. Ушундай эле рапорт менен Чимион уездиндеги 26 айыл аксакал жана старчынга 150 рубьдан 3900 рубль сарпталары жазган [12, с. 29].

1886-жылы Түркстанды башкаруу боюнча кабыл алынган Жобо боюнча айыл старчындардын кызматтык маяналарынын суммасы башкачараак болгон. Мисалы, аталган Жобонун 91-беренесине ылайык айыл старчындардын кызматтык маянасы жылына 200 рубльдан ашпаган өлчөмдө болору белгиленген. Кызматтык маянанын конкреттүү суммасы айылдык жыйында аныкталары жазылган. Мисалы, 1886-жылы Наманган уездинин Кутлук-Сейит болуштугунун айыл старчындарынын жардамчыларынын жылдык маяналары төмөнкүдөй болгон: 1) Көк-Серек айыл жамаатында 13 айыл болуп, жалпы 439 түтүн калкы болгон. Старчындын бир жардамчысы болуп, ал жылына 72 рубль маяна алган; 2) Орто-Токой айыл жамаатында 4 айыл болуп, аларды 253 түтүн эл жашаган. Старчындын бир жардамчысы болуп, жылына 48 рубль маяна алган; 3) Сумсар айыл жамаатында 3 айыл болуп, 256 түтүн эл жашаган. Старчындын бир жардамчысы болуп, жылына 48 рубль маяна алган; 4) Шакаптар айыл

жамаатында 8 айыл болуп, 261 түтүн калк жашаган. Старчындын бир жардамчысы болуп, ал жылына 48 рубль кызматтык маяна алган [24, с. 13].

Айылдык башкарууда катчы (писарь) жана башка кызматчыларды иштетүү, аларга маяна төлөө маселеси Жободо каралган эмес. Ошондуктан, айрым учурларда ушул муктаждыктарды аткаруу үчүн айыл старчындары өзүнүн маянасынан жумшоого аргасыз болушкан. Адатта, айыл старчындары айылдык жамаатарда жыйым-терим мезгилинде салык жыйноо иштери жүргүзүлүп жаткан учурда гана катчы жалдап, жылына 50дөн 80 рублга чейин акча коротушкан. Айыл старчындары болуштук катчылардын кызматынан пайдаланышып, бул үчүн аларга акы төлөшкөн. 1886-жылы кабыл алынган Жобо боюнча Айыл старчындарынын жардамчылары дээрлик старчындардай эле айлык алып, бирок жогорудагыдай муктаждыктарга коротушкан эмес [63, с. 105]. Жергиликтүү администрация башчыларынын баарынын салык жыйноо, коомдук тартипти көзөмөлдөө сыяктуу мамлекеттик кызматы үчүн кеткен эмгек маяналары, башка чыгымдары падыша өкмөтүнүн казынасынан эмес жергиликтүү элдин эсебинен каржыланган.

К.П.Кауфмандын жеке демилгеси менен Түркстан крайынын отурукташкан аймактарда ирригациялык маселелерде иш алып барган арык-аксакал жана мурап (сугат сууну бөлүштүрүүгө жооптуу адам) кызматтары уюшулган [52, с. 66]. Дыйканчылык менен алектенген, отурукташкан жана жарым отурукташкан болуштуктардын администрацияларынын курамында жергиликтүү элден арык-аксакал жана мурап кызматтарына көрсөтүлгөн.

Облуста суу-чарба (ирригация) кызматчыларынын төрт баскычы: 1) мурап, 2) арык-аксакал, 3) ирригация ишери боюнча уезддин начальниги жана 4) облустун ирригация башчысы кызматтары аныкталган. Булардын төмөнкү эки баскычы жергиликтүү элден, жогорку эки баскычы орус бийлигинин өкүлдөрүнөн болгон. Мисалы, 1912-жылы Фергана облусунун ирригация иштери боюнча башчысы кызматында К.Н.Синявский иштеген [35, с. ].

Арык-аксакалдар негизги чоң арыктын (дарыянын, каналдын) сугат системасына жооптуу болуп, суу бөлүштүрүү боюнча өздөрүнүн карамагындагы

негизги дамбаларды, тосмолорду, жана магистралдык каналдардын жээктерин көзөмөлдөгөн. Арык-аксакалдар облустун аскер губернатору тарабынан дайындалган. Алардын эмгек акысы болуштукунан ашпаган өлчөмдө аныкталып, ал жергиликтүү элдин эсебинен каралуусу белгиленген. Алсак, 1896-жылы Ош уездинин болуштуктарынын жыйындарында бекилген арык аксакалдар үчүн бир жылдык кызматтык акыларынын өлчөмү төмөнкүдөй болгон: Булак-Башы болуштугунда 700 рубль (сыягы эки арык аксакалга – авт.), Ак-Буура болуштугунун болуштук жыйынында арык аксакалга 350 рубль, Ноокат болуштугунун жыйынында арык аксакалга 360 рубль, Куршаб болуштугунун жыйынында арык аксакалга 350 рубль, Ош болуштугунда арык аксакалга 350 рубль бекитилген [10, с. 2]. Ал эми 1904-жылы Фергана облусундагы 51 арык аксакалга кызматтык акылары үчүн 27950 рубль чогулган [70, с. 10].

Тарыхый булактардан арык аксакал кызматында иштегендер тууралуу тизмени көрүүгө болот. Алсак, 1912-жылы Ош уездинин отурукташкан болуштуктарынын кээ бирлеринде, мисалы, Ак-Буура болуштугунда Ак-Буура сугат системасынын улук (старший) арык аксакалы болуп Чанышев Мулла Ибрай, кенже (младший) арык аксакалы болуп Исламбеков Ибрагимбек иштеген. Ноокат болуштугунда Ноокат системасынын арык-аксакалы кызматында Ашурбаев Саидали иштеген [35, с. 42].

Ал эми мураптар ар бир арыктан (дарыя) таралуучу жер-жерлердеги суу бөлүштүрүү, жеткизүү ж.б. иштерине жооптуу болушкан. Мураптар айылдык жыйын тарабынан шайланышып, жергиликтүү коомчулуктун чечимдерин аткарууга милдеттүү болушкан [65, с. ]. Алар бир жылдык мөөнөткө шайланышкан [71, с. 13]. Бирок, иш жүзүндө мураптар уезддин сугат начальниги тарабынан дайындалып, бошотулуп, колониялык администрацияга толук көз каранды болуп калган. Мураптарга кызматтык акыларынын өлчөмү каралган эмес. Алар эмгек акыларын элден натуралай түрдө (буудай, пахта у.с.) чогултушкан.

1904-жылы Фергана облусу боюнча 57 арык аксакал, 1560 мурап болгон [70, с. 9]. Арык-аксакалдар жана мураптар өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө толук түрдө облустун жана уезддин ирригациялык иштер боюнча башчыларына баш ийишкен. Жыйынтыктап айтканда Кокон хандыгынын мезгилинде эле уюшулган арык аксакал жана мурап кызматтары колониалдык доордо да сакталган. Анткени, Россия империясынын Түркстандагы экономикалык кызыкчылыктарын ишке ашыруунун үчүн белгилеп кетүү зарыл.

Айылдык башкаруу системасынын да бир топ терс жактары тарыхый булактарда, илимий адабияттарда чагылдырылат.

Орус падышачылыгына чейинки кыргыз коомунун башкаруу чөйрөсү эски, уруулук-патриархалдык деңгээлде болгондугуна карабастан, негизинен өзүнүн наркын билген, баатыр мураскерлерге ыйгарылгандыгы, ошону менен бирге түштүк чөлкөмдө Кокон хандыгынын түзүлүштөрү менен тыгыз байланышта жашаган кыргыздар диний мекемелерден кат таанып, билим алышып, натыйжада бул да коомдогу статуска таасир бере баштагандыгы маалым. Падышачылыктын алгачкы жылдары мурдатан калыптанган ошол башкаруучулар жер-жерлерде бийлик жүргүзүп турушкан. Убакыттын өтүшү менен башкаруу түзүмдөрүн бийликти сүйгөндөр жана акчалуулар ээлей башташкандыгын орус изилдөөчүлөрү баяндайт [79, с. ]. Бул көрүнүштү шайлоо процессиндеги сатып алуу (подкуп) сыяктуу терс көрүнүштөрдүн кесепеттери катары кароого болот. Натыйжада көпчүлүк учурда алардын каражаттары негизги ролду ойноп калган.

Пален өзүнүн иликтөөсүндө айылдык администрациянын иш алып баруусуна тиешелүү айрым кемчилдиктер боюнча төмөнкүлөрдү белгиленген: 1) Калктан жыйналган салыктар айрым айыл старчындары тарабынан өз убагынан кечиктирилип тапшырылган. Жыйналган салыкты кечигип тапшырууну жашыруу үчүн каттоо журналына салыкты төлөнгөн күнү эмес аны тапшырган күнү каттаган; 2) Калктын кирешесине жана чыгашасына байкоо жүргүзүү абдан канааттандырарлык эмес болгон. Старчындар бул маселеде дээрлик эч кандай активдүүлүгүн көрсөтүшпөйт жана уездик администрация талап кылганда гана

эң жакшы дегенде керектүү маалыматты араң чогултушат. Жергиликтүү башкаруучулар өз демилгеси менен жолдорду жана көпүрөлөрдү өз убагында оңдоону көзөмөлдөшпөйт, орус администрациясынын талабы боюнча гана тиешелүү чараларды көрүшөт [63, с. 109]. Мындан тышкары “айыл страчындарынын сабатсыздыгы участкалык приставдарга ашыкча иш туудурат” – деп белгилейт. Түркстанды башкаруу жөнүндө жоболордо айылдык старчынга карата сабаттуулук боюнча эч кандай шарт коюлган эмес.

Жергиликтүү акындардын ырларында да айылдык башкаруу органынын өкүлдөрүнүн кызматтык абалынын арты менен баюусу, карапайым элди жөнү жок кыйноолору, алардын адамдык касиеттери сүрөттөлөт. Алсак, бул көрүнүштү ошол мезгилдин күбөсү, жазгыч акын Молдо Нияз өзүнүн ырларында бир нече жолу чагылдырат. Мисалы, жергиликтүү элдик администрация башчыларынын орус администрациясынын жүргүзгөн колониалдык саясатынын алкагынан чыга алышпагандыгын, тескерисинче колониалдык эзүүчүлүк саясатты алар менен биригип жүргүзүшкөндүгүн:

Бутпарас каапыр орусту,
Эллик башы эргешти,
Биригип кетти миң башы,
Ойрон болду он башы [56, 59-б.] – деген саптар менен сүрөттөйт.

Жогорудагыдай көрүнүштү илимий таризде да тарыхчы-окумуштуулар бышыкташат. Маселен, Кушбек Үсөнбаев өзүнүн изилдөөсүндө “Ошентип, жергиликтүү феодалдар падыша өкмөтү менен бат эле бир пикирде болуп алышкан жана эл массаларын мурдагысындай эле эксплуатациялай берүүгө жетишишкен” – деп жазат [144, 40-б.]. XIX к. аягы XX к. башындагы Кыргызстандагы жергиликтүү башкаруу системасынын уюшулушу, өнүгүшү орус колониялык саясатынын кызыкчылыгынын негизинде жүргөн. Бул жергиликтүү калк үчүн айрым бир прогрессивдүү көрүнүштөрдү элестеткени менен көптөгөн калпыстыктарды, кесепеттерди шарттаган. Т.Кененсариев “жергиликтүү “элдик” деп аталган төмөнкү бийлик кайсы бир деңгээлде колониялык бийликтин жер-жерлердеги социалдык-экономикалык маселелери

менен алектенип, падышачылык кызыкчылыктарга жооп берген, такай көзөмөлдө болуп турган аткаруучу органы катары эсептелинген” [105, 152-б.] – деп белгилеген.

Кыргызстандын аймагында XIX к. экинчи жарымында, тактап айтканда Фергана өрөөнүндө XIX к. төртүнчү чейрегинен баштап жергиликтүү башкаруу системасынын киргизилиши кыргыз коомунда айрым оң натыйжаларга да алып келген. Тарыхчы Ж.Алымбаев белгилегендей, кыргыздардагы ич ара уруу-уруулук согуштар, барымталар токтолгон [85, 63-66-бб.]. Кыргыз коомчулугу артта калган уруулук башкаруудан сапаты жакшы болбосо да иш жүзүндө мыйзамдын принциптерине негизделген жергиликтүү административдик бийлик органдарынын башкаруусуна өтүшкөн.

Жыйынтык:

- Колониалдык доордо жалпы башкаруу системасынын, анын алкагында жергиликтүү башкаруу системасынын эң төмөнкү баскычында айылдык башкаруу туруп, анын өкүлдөрү өзүнө тийиштүү болгон аймактагы жалпы элдин аткаруучу, башкаруучу, ошондой эле полициялык да органы болгон.
- Айылддык башкаруу органы болуштук жана уезддик администрацияларга түздөн-түз баш ийип, алардын өкүмдөрүн ишке ашырышкан. Уруулук бирикмеге негизделген чарбалык айылдар аймактык жалпылык боюнча административдик айылдарга өтүшкөн.
- Колониалдык доордогу административдик саясаттын натыйжасында айылдык башкаруу органынын өкүлдөрү орус мыйзамдарына жана өздөрүнүн башка мүмкүнчүлүктөрүнө, күчтөрүнө (рычагдарына) таянып элдин үстүнөн эзүүчүлүк бийликтерин да жүргүзүшкөн.

### 4.3. Элдик сот түзүмү

XIX кылымдын ортосуна чейин Кыргыз коомунда сот бийлигин кадимки уруу башчылары болгон бийлер ишке ашырып келгендиги белгилүү. Алар бир эле учурда уруу башчысы болуу менен соттук функцияны да аткарышкан. Аталган мезгилдерде кыргыздарда укуктук нормалар адатка негизделген. Сот тутумун, сот процессин айрым изилдөөчүлөр архаикалык ыкма менен ишке

ашкан деп сүрөттөшкөн. Чындыгында да укуктук нормалар мыйзам менен эмес, адатка негизделгендиктен, айрым учурларда жеке адамдын же уруунун кызыкчылыктарын көздөп, субъективдүү чечилген учурлар да болгон. Бирок, көпчүлүк учурда уруунун бийлери өздөрүнүн адатын, каада-салтын жакшы билген жана жалпы ишенимге, урмат-сыйга ээ болгон кишилер болушкан. Ошондуктан, кыргыздар ошол эле адамдарды сот катары ишеним арткандыгы, мунун натыйжасында аларга соттук наам кошо ыйгарылган.

Н. Южаков белгилегендей, "элдин аң-сезиминде бий деген бийик жана ардактуу наам чынчылдык менен өзгөчөлөнүп, элдин түпкү каада-салтын толук жана терең билүү менен табигый акыл-эс менен айкалышкан саналуу адамдарга ыйгарылган" [79, с. 36]. Демек, колониялык доорго чейин көчмөн кыргыз коомундагы сот тутуму элдин аң-сезиминде калыптанган адат, салттарга негизделип, аны ошол каада-салтты, үрп-адатты билген, атайын кадыр-барктуу, таасирдүү адамдар жүргүзүшкөн.

Кокон хандыгынын таасири менен Фергана чөлкөмүндөгү тоолуу аймактардагы кыргыздардан башкаларында шариятка таянып соттук иштерди жүргүзгөн казылардын соту өкүм сүрө баштаган. Ал тууралуу айрым тарыхый булактарда жазылган. Алсак, Ф.Гирс өзүнүн отчетунда "Сарттар менен тынымсыз байланышта болгондуктан Фергана чөлкөмүнүн кыргыздары адат түшүнүгүн жоготуп, бийлердин сотуна кайрылбастан, алардын ордуна казыларды коюу үчүн эл алдында өкүм чыгарышкан. Андыктан Ош уездинин 3 болуштугун (Гүлчө, Алай болуштуктары – Кубанычбек у.Н.) эске албаганда бул чөлкөмдө бийлердин соту жок" [44, с. 325] – деп белгилейт.

Элдик соттордун ишмердүүлүгү менен таанышуу үчүн аймакка командировкага келген капитан Давлетшиндин отчетунда "Ферганалык кыргыздардын көпчүлүгү ата-бабаларынын сотун калтырып, шарияттын негизиндеги сотко өтүшкөн. Мунун негизги себеби катары Россияга каратылганга чейин кыргыздар Кокон хандыгына карап турган кезде өздөрүнүн доо арыздарын казылар аркылуу шарияттын негизинде чечип көнүшкөн" [46, с. 40] – деп жазат.

Жогоруда келтирилген фактылардан улам, биз изилдөөгө алып жаткан Фергана өрөөнүндөгү, башкача айтканда түштүк кыргыздарынын сот тутумунун өзгөчөлүгү катары андагы эки типтеги: адат укугунун негизинде иш алып барган бийлердин соту жана шарияттын негизинде иштеген казылардын соту болгондугун белгилеп кетүү зарыл.

Россия империясы Түркстанды караткандан кийин жергиликтүү элдин мурдагы сот системасын толук жоюп салган эмес. Мунун себебин изилдөөчү Токтакун кызы Гүлнура “жергиликтүү элдин келечектеги нааразычылык маанайынан чочулаган орус бийлиги элдик сот түшүнүгүн киргизип саясий мүнөздөгү чыккынчылык жана коомдук тартипти сактоо боюнча тартип бузуучулуктан башка мүнөздөгү соттук иштерди алып баруу укугун элдик соттун өкүлдөрү болгон бий жана казыларга сот иштерин жүргүзүү укугун берген” – деп түшүндүрөт [164, с. 106].

Чынында да орус бийлиги өзүнүн соттук саясатын алгач этияттык менен, ошол эле учурда оторлоштурууну үзгүлтүксүз алдыга жылуу үчүн жергиликтүү сот системасын колониалдык саясаттын кызыкчылыктарына ылайык реформаларды улам жүргүзүп турган.

Айрым реформалар менен коштолгон сот тутумунун уюшулушу, алардын ыйгарым укуктары Түркстанды башкаруу жөнүндө Жоболордо аныкталган. Мында, Кыргыздар жашаган аймактарга мурдагы уруулук принциптеги башкаруу жоюлуп, административдик-аймактык принциптеги башкаруу киргизилгендигине байланыштуу салттуу сот системасы эң ириде административдик бийликтен ажыратылып, өз алдынча уюштурулгандыгын жана аларга шайлоонун киргизилишин өзгөчө белгилөөгө болот.

Архивдик материалдарга таянсак, түштүк кыргыздары орус бийлигине караган алгачкы 2 жылда айылдарда административдик жана сот бийлиги ажыратылган эмес. Алсак, архивдик документтердин биринде Ош уездинин көчмөн кыргыздарынын аймагында 3 болуштук түзүлгөндүгүн жазып, “болуштуктар башында бийлер турган урууларга (отделения) бөлүнгөндүгү” [28, с. 55] жазылат. Мисалы, 1877-жылдын 20-августунда Ош уездинин

начальнигинин Фергана облусунун аскер губернаторуна жазган рапортунда аталган уезддеги кыргыздар жашаган бардык аймактардын бийлерин тизмесин, алардын кызматка бекитилген мезгили ж.б. боюнча маалымат берилет [24, с. 7]. Анда Ак-Буура болуштугунун Жапалак урууcуна (Жапалак уруусу жашаган айылга деп түшүн) Пулат бий, Кодогочун уруусуна Кулы бий, Сарылар уруусуна жана Казыбек, Чу жана Кутчу тобуна Атантай бий, Төлөйкөн уруусуна Хал-Соф бий, Мөнөк жана Бөрү урууларына Джиган бий, Жылкелди, Сары жана Көкжатык урууларына Дивана бий, Жоош уруусуна Атакара бий, Тэзке уруусуна Муллагадый бий, Бөрү уруусуна Матраим бий бекитилгендиги, көпчүлүгү 1876-жылдын май айынан бекилгендиги жазылат. Уезддеги башка болуштуктардагы кызматка бекилген бийлердин тизмелери да, тактап айтканда Гүлчө болуштугунда 9, Ноокат болуштугунда 5, Булак-Башы болуштугунда 4, Жалал-Кудук болуштугунда 6, ал эми жалпы Ош уезди боюнча 33 бийдин тизмеси аталган рапортто көрсөтүлөт [21, с. 7-10]. 1878-жылдан кийинки документтерден айыл старчыны өзүнчө, бийлер өзүнчө катталган тизмелерди кезиктирүүгө болот.

Фергана облусунда соттук башкаруу иштери алгачкы жылдары 1867-жылы кабыл алынган Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын башкаруу жөнүндө Жобонун долбоору (Проект Положения об управлении в Семиречинской и Сыр-Даринской областях) менен жүзөгө ашырылган. Аталган Жобонун 129-беренесине ылайык Түркстанда сот системасынын үч институту, тактап айтканда *аскер соту*, империянын жалпы мыйзамдарына негизделген *жалпы сот* жана *элдик сот* иштеген [33, с. 20]. Демек, орус мыйзамдарынын негизинде иштеген соттун эки баскычы менен бирге жергиликтүү элдин шариятка (отурукташкан элде) жана адатына (көчмөндөрдө) таянып, мурдатан иштеп келаткан салттуу сот тутумдары калтырылып, Жобонун тиешелүү беренелеринде алардын функциялары, ыйгарым укуктары, негизги принциптери белгиленген.

Жободо көрсөтүлгөндөй, аскер сотунда орус өкмөтүнө өз уруулаштарын каршы чыгууга үндөө, мекенге чыккынчылык кылуу, аскердик транспортко жана почтага чабуул коюу, христяндарды жана христянчылыкты кабыл алууну

каалаган башка адамдамдарды өлтүрүү, ошондой эле кызматтык орундагы адамдарды өлтүрүү сыяктуу кылмыштар каралууга тийиш болгон [33, с. 20-21].

Империянын жалпы мыйзамдары менен иштеген жалпы сотто каракчылык, тоноо, соода кербендерине кол салуу, башка ээликтерге качуу, өрт коюу, бийликке ачык каршылык көрсөтүү, жасалма тыйындарды жасоо жана өткөрүү, мамлекеттик мүлктү уурдоо, ошондой эле сарттардагы адам өлтүрүү иштер каралары белгиленген [33, с. 21]. Көрүнүп тургандай, саясий мүнөздөгү иштерди, оор кылмыштарды жана орус улутундагыларга карата жана алардын катыштыгындагы бардык иштерди орус мыйзамдары менен соттогон.

Ал эми сот тутумунун жогорудан төмөн карай үчүнчү баскычында жергиликтүү элде буга чейин ишке ашып келген сот тутуму эсептелген. Жоболордо ал *“элдик сот”* (народный суд) деп аталып, эки типке бөлүнгөн. Укуктук нормалар көчмөндөрдө адатка, ал эми отурукташкан элдерде шариятка негизделген.

Элдик сот тутумунун кароосуна орус мыйзамдары менен иштеген аскер жана жалпы сот тутумдарынын кароосуна жатпаган бардык башка кылмыш иштери, анын ичинде кыргыздардагы барымта, бири-бирин өлтүрүү иштери да каралары белгиленген [33, с. 21]. Жергиликтүүлөр менен орустардын, сарттар менен кыргыздардын ортосундагы иштер да империянын жалпы мыйзамдарынын негизинде иш алып барган жалпы соттун кароосуна жатары жазылган [33, с. 22].

1867-жылы кабыл алынган Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын башкаруу жөнүндө Жобонун долбоорунун 181-беренеден 213-беренеге чейинкиси кыргыздардагы элдик сот тутуму боюнча жазылган. Ал боюнча кыргыздардын арасындагы элдик соттун кароосуна жаткан иштерди атайын шайланган бийлер адат укугу боюнча караган.

Элдик соттун функциясын аткарышкан бий жана казы кызматтарына шайлоо тартиби киргизилген. Аларга карата элдин ишенимине жана урматына ээ, жашы 25тен кем эмес, соттолбогон жана тергөөдө болбоо талаптары коюлган. Бийлер жана казылар болуштук шайлоо менен бирге ошол эле шайлоочулар

тарабынан, ошол эле тартипте, ошол эле жерде, ошондой эле мөөнөткө шайланышкан. Шайланган бийлер облустун аскер губернатору тарабынан бекитилген [33, с. 27]. Демек, жергиликтүү администрациянын башчыларын жана элдик сотторду шайлоо бирдей шартта жүргүзүлгөн. Көрүнүп тургандай аларга коюлуучу талаптар да бирдей болгон.

1867-жылдагы Жободо элдик сот тутуму, анын ичинде кыргыздардагы бийлердин соту да карала турган иштин көлөмүнө жараша төмөкүдөй үч инстанциядан турган:

1) бийлердин жекече соту;
2) бийлердин болуштук жыйыны;
3) бийлердин атайын (чукул) чакырылган жыйыны [33, с. 27].

Ал эми 1886-жылы Түркстан крайын башкаруу жөнүндө кабыл алынган Жобого ылайык мурдагы “бий” жана “казы” аталышы жоюлуп, 208-беренесинде белгиленгендей алар жалпыланып “элдик соттор” (народные суды) деп аталган [65, с. ]. Муну менен сырткы аталышы универсалдуу формага келтирилген, бирок, көчмөн болуштуктарда бийлер адаттын негизинде, отурукташкан болуштуктарда казылар шарияттын өкүмү менен сот иштерин жүргүзө беришкен. 1886-жылдагы жобонун 230-беренесине ылайык элдик соттордун мурдагыдай эле үч инстанциясы аныкталган:

а) жекече сот;

б) элдик соттордун жыйыны;

в) элдик соттордун атайын (чукул) жыйынынан турган [65, с. ].

*Жекече (единоличный) сот.* Элдик сот системасынын биринчи инстанциясы катары жекече соттор (единоличные судьи) эсептелишкен. Көчмөн болуштуктарда ар бир жекече сот өзүнүн айыл жамаатында сот процессин жүргүзгөн. Ошол эле учурда, көчмөн болуштуктагы элдик соттор өзүнүн айыл жамаатынын жашоочусу болбосо да, болуштуктун ичиндеги башка айыл жамааттын жашоочуларынан келген даттанууларды, кайрылууларды карай алган [62, с. 39]. Ал эми казы соттору соттук иштерди кароодо өзүнүн аймагынан тышкары чыга алган эмес. Көчмөндөрдө жекече соттор ишти жеке кайрылуунун

гана негизинде эмес, болуштун билдирүүсүнүн негизинде да караган. 1867-жылдагы Жобо боюнча бийлердин жекече соту 100 рубльдан (5 жылкы, 50 кой) ашпаган өлчөмдөгү иштерди карай алган. Алар сот процессин жүргүзүп жаткан учурда тагынуу үчүн уезддин начальниги тарабынан берилген колодон жасалган өзгөчө значок тагынышкан. Мындан тышкары чыгарган чечимдерине басуу үчүн атайын даярдалган мөөрлөрдү алышкан. Алар судялык мөөнөтү бүтүп же каза болуп, ыйгарым укуктарын токтоткон учурда мөөрлөрү жана ордендери уезддик начальникке кайтарылып берилген.

Элдик соттордун саны, алардын участкалары тууралуу Жоболордо белгиленген. Алсак, 1867-жылы кабыл алынган Жобо боюнча көчмөндөрдө ар бир болуштукта 4төн 8ге чейин бий шайланары (182-берене), алардын саны болуштуктагы түтүндүн санына жараша аныкталары (184-берене) жазылган [33, с. 36]. Ал эми казы соттору ар бир шаар жана айыл боюнча калктын санына жараша аскер-губернатору тарабынан аныкталары (216-берене) белгиленген [33, с. 40].

Ал эми 1886-жылы кабыл алынган Жобо боюнча элдик соттордун саны жана алардын соттук участкалары (райондору) шайлоо алдында облустук башкармалык тарабынан аныкталары белгиленери жазылган. Отурукташкан калкта ар бир элдик сотко белгилүү бир соттук район белгиленген. Мында, эреже катары бир болуштукта элдик соттун саны бирден ашпоого тийиш болгон. Ал жалгыз өзү бүтүндөй болуштуктун элдик соту эсептелген. Ал эми көчмөндөрдө бир болуштукта 4төн кем эмес жана болуштуктагы айыл жамааттын санынан ашпоого тийиш болгон [65, с.]. Адатта, көчмөн болуштуктарда ар бир айыл жамаатта бирден элдик сот шайланса, отурукташкан калкта бир болуштукка бир элдик сот шайланган. Демек, көчмөндөрдө отурукташкан калкка караганда элдик соттордун саны алда канча көп болгон. Мисалга алсак, 1912-жылы Анжиян уездинин отурукташкан типтеги Базар-Коргон болуштугунда элдик сот Шамирзаев Юлбарс, Массы болуштугунда элдик сот Маулян Ходжаев Мулла Исак, Ноокен болуштугунда элдик сот Игамбердыев Ирисали, Жалал-Абад болуштугунда элдик сот Супи Кулбаев Мулла Разык, Өзгөн болуштугунда

Тажиев Мулла Исхан аттуу бирден гана элдик соттор иштеген [35, с. 30-32]. Ош уездинин Ноокат, Турук, Ак-Буура, Кашкар-Кыштак, Маняк, Булак-Башы жана Куршаб сыяктуу отурукташкан болуштуктарда да бирден элдик сотту шайлашкан. Ал эми көчмөн Алай болуштугунда 5, Капчыгай болуштугунда 8 элдик сот болгон [35, с. 41-42]. Адатта, көчмөн болуштуктарда жекече (бий) соттору ар бир айыл жамаатта бирден шайланган. Мисалы, Наманган уездинин Багыш болуштугунда 4 айыл жамаат болуп, 1892-жылдагы элдик сотторго шайлоодо Падыша-Ата айыл жамаатына элдик сот Манас Уразбаев, кандидат Хайдарали Мирзабаев шайланган. Ринжит айыл жамаатына элдик сот Ашур-Али Рустамбеков, кандидат Тыныбек Мусаев, Итокар айыл жамаатына элдик сот Умур Али Сарытаев, кандидат Чыныбек Сарытаев, Кербен айыл жамаатына элдик сот Мавлянбий Атабай бийев, кандидат Урман Мирза Атабай биев шайланышкан [].[1]

Сот системасынын тарыхын изилдеген Токтакун кызы Гүлнура бий соттору тууралуу изилдөөсүндө бир нече ирет “временные правила для аульных судей” [27] деп аталган архивдик документке таянат. Белгилей кетүүчү жагдай, айыл сотторуна байланыштуу аталган убактылуу эрежелер кыргыздын бий сотторуна таптакыр тиешеси жок болчу. Ал ошол учурдагы Кавказ аскер округунун курамында түзүлгөн Закаспий облусунун (1897-жылы Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына өткөрүлгөн) Ахалтекин уездинин (1890-жылы Ашкабад уезди болуп өзгөртүлгөн) аймагындагы элдик соттор үчүн иштелип чыккан “убактылуу жобо” болчу. Бул тууралуу Пален өзүнүн отчетунда белгилегендей, 1882-жылы кабыл алынган Закаспий облусун башкаруу жөнүндө “убактылуу жободо” сот системасы тууралуу каралбагандыктан, облустун ошол кездеги башчысы генерал Рерберг Ахалтекин уездинде сот системасынын эки инстанциясын: 1) курамы үч судядан турган эл тарабынан шайлануучу айыл соттору; 2) уезд начальниги башында турган уезддик сот (мурас жана нике маселелеринде кезеги менен чакырылып турган беш айыл соту жана казылар

[1] ЦГА Уз., И-19, дело 4062, Лист – 14-14 обр. лист.

менен) түзүүгө буйрук берген. Буга байланыштуу Ахалтекин уездинин начальниги полковник Невтонов тарабынан “Временная правила для аульных судей” деп аталган “убактылуу жобо” иштелип чыккан [62, с.128]. Кошумчалай кетүүчү жагдай, Токтакун кызы Гүлнура пайдаланган “Временная правила для аульных судей” деп аталган “убактылуу жобонун” аягында “Подписал: Ахал-Текинский уездный начальник полковник Невтонов” деген жазууну көрүүгө болот [27, с. 2]. Токтакун кызы Гүлнура өзүнүн изилдөөсүндө жогорудагы булакка таянып “демек, айылдык соттордун курамы үч кишиден туруп, соттук териштирүүлөрдү коллегиалдуу кароого тийиш болгон. Соттордун бирөөсү күн мурунтан жүйөлүү себептер менен сот отурумуна катышпоону айылдык старшинага билдирүүгө укуктуу болгон. Айылдык старшина ордуна башка кандидатты дайындаган” – деп жаңылыштык менен жазат. Кыргыздарда тескерисинче Түркстан крайын башкаруу жөнүндө Жобого ылайык айылдардагы жекече бий соттору сот процессин ар бири өзү жүргүзгөн. Анткени, жогоруда белгилегендей ар бир айылга бирден гана элдик сот (бий) шайланган. Ал эми бийлердин болуштук жыйыны коллегиялуу орган болуп, ал экинчи инстанция катары эсептелген.

*Элдик соттордун жыйыны (съезди)*. Элдик сот системасынын экинчи инстанциясы катары элдик соттордун жыйыны белгиленген. 1867-жылдагы Жобо боюнча бийлердин болуштук жыйынында 1000 рубльга (50 жылкы, 500 кой) чейинки иштерди карашкан. Ал жыйынга болуш да соттук иштерге кийлигишпестен, сөзсүз катышууга тийиш болгон. Бул жыйында ишти кароо экинчи инстанция деп эсептелген. Мындай соттук жыйын биринчи инстанциядагы чыккан өкүмгө берилүүчү аппеляциялык даттануулары да караган.

1886-жылдагы Жобого ылайык көчмөн болуштуктарда элдик соттордун жыйыны (съезд) болуштуктагы бардык бийлерден түзүлүп, кеминде үчтөн кем эмес бий катышканда мыйзамдуу деп эсептелинген [65, с. ]. Адатта, көчмөн болушуктарда элдик соттордун жыйыны болуштуктун борборунда өткөрүлгөн.

Ал эми отурукташкан болуштуктарда аталган жыйын атайын белгиленген соттук райондордун чегинде өткөн. Элдик соттордун жыйыны үчүн атайын соттук райондор (судебный район) долбоорлонуп, облустук башкармалыктан белгиленген. Алсак, 1885-жылга таандык архивдик материалда Анжиян уездинин отурукташкан типтеги Базар-Коргон, Жалал-Абад, Куршаб, Өзгөн сыяктуу кыргыз болуштуктарынын элдик сотторунун жыйыны ар бир айдын 15и өтөөрү белгиленгенип, жыйын өтүүчү жай Ханабат айылы деп көрсөтүлгөн. Ал эми Ош уездиндеги Ош, Жалал-Кудук, Ак-Буура, Гүлчө (Гүлчө көчмөн болуштук болгондугуна карабастан XIX к. 80-жылдардын ортосунан тартып бир эле элдик сот иштеген), Булак-Башы, Ноокат сыяктуу отурукташкан болуштуктарында элдик соттордун жыйыны эки этап менен өтүп, Сарттардын элдик сотторунун жыйы ар бир айдын 1ине, ал эми кыргыз элдик сотторунун жыйыны ар бир айдын 15ине белгиленип, аталган эки жыйындын тең өтүүчү жайы Ош шаары деп көрсөтүлгөн [].[2]

*Элдик соттордун атайын (чукул) чакырылган жыйыны.* Элдик сот системасынын үчүнчү инстанциясы катары атайын (чукул) чакарылган жыйыны да турган. Ал жыйын элдик соттордун кадимки жыйынындай тартипте, ошол уезддин начальнигинин катышуусунда өткөрүлгөн. Уезд начальниги ал жыйынды чакырган. Алар болуштуктар жана уезддер аралык талаш болгон чоң иштерди караган.





Схема 4.3. – Элдик сот системасынын баскычтары

[2] ЦГА Уз., И-19, дело 30090, Список казиев с показанием их постоянного пребывание и проектируемых судебных районов съезда их. Лист – 26-41

Элдик сотторго кызматтык маяна болуш же старчындыкындай тартипте каралган эмес. Алар ар бир караган иштин чечими үчүн “бийлик” деп аталган алым алышкан. Анын өлчөмү каралып жаткан иштин ондон бир бөлүгүнөн ашпоого тийиш болгон. Ал эми өлтүрүү, жеке кемсинтүү сыяктуу иштерди чечүүдө бийлик адат боюнча аныкталган.

Казылар соту менен бийлердин сотунун негизги олуттуу айырмасы катары казылар соту иштерди кылмыш жана жарандык деп бөлгөн [111, с. 40].

Нике жана үй-бүлө маселелери элдик адат боюнча каралган. Элдик соттор келип түшкөн иштерди жана чыгарган өкүмдөрүн атайын китепчеге каттоо милдеттендирилген. Ар бир жыл үчүн уезддик башкармалык тарабынан каттоо китепчеси берилип, жыл аягында алынган.

Империяга караган алгачкы жылдары элдик соттордун орду чоң болгон. Анткени, жергиликтүү элдин салтын жана шариятты жакшы билген, кадыр-барктуу адамдар бий, казылык кызматтарда болуп, сот иштерин аткарып келишкен. Жергиликтүү элдин арасында таасирдүү адамдардын болушу крайды башкаруу үчүн ыңгайсыздык жаратат деген тыянак менен алардын таасирин азайтуу үчүн шайлоо принциптери киргизилгендиги маалым. Ал эми шайлоо учурунда кийинки жылдарда терс көрүнүштөр жаралып, сатып алуу (подкуп) ж.б. көптөгөн ыплас аракеттер пайда болгондугу көптөгөн булактарда маалым. Натыйжада, бул эреже элдик сот кызматына салт-санааны, шариятты мыкты билбесе да акчалууларга жол ачып берген. Сот болуп шайлангандан кийинки алардын ишинде да коррупциялык схемалар түзүлгөндүгүн бир топ изилдөөчүлөр тарыхый булактарга таянып белгилешет. Натыйжада элдик соттор сапаттык жактан бир кыйла начарлаган.

Буга байланыштуу Давлетшиндин эмгегиндеги фактыларды мисал келтирсек болот. “Көчмөндөр көпчүлүк учурда өздөрүнүн доо-арыздарын түздөн-түз бийлердин жыйынына кайрылууну туура көрүшөт” – деп жазат. Ал эми отурукташкан элдердеги элдик соттун абалы тууралуу жергиликтүү элдин арасынан маалыматтуу сарт аксакалынын пикирин жазып алган. Ал аксакал элдик соттор тууралуу төмөнкүдөй пикирин айтат: “Бизде эл үчүн адилет сот

жок, баары паракорчулукка таянат, бей-бечара эч жерден акыйкат издеп таба албайт. Орустар аймакты каратып алгандан кийин тынчтык орноп, мамлекет байып, элдин жыргалчылыгы өсүп жатат, бирок орустар бизди жакшы билбейт, жакшы түшүнбөйт. Жакшыраак кылалы деп ойлоп, шайлоо принцибин орнотуп, ошону менен элди да, шайланган башкаруучуларды да бузушкан. Хандыктын мезгилинде ар дайым болуп турган башаламандыктан жана үзгүлтүксүз согуштан эл жапа чеккен, бирок, адилеттүүлүк көбүрөөк болгон. Ал мезгилде бай адамдардын арасынан эң кадыр-барктуу, пара алууну жек көргөн адамды хан өзү казы кылып дайындап, бул кызмат муундан-муунга өткөрүлгөн. Азыр шайлоого ким эң көп каражат сарптаса ошону шайлашат. Мурда муфтийлер да дайындалуу аркылуу кызмат кылышып, казылардын ишин көзөмөлдөшкөн. Азыр муфтийлер кээде адвокат болуп, өзүнүн адамдарынын кызыкчылыгын коргоп жатышат. Хандын катаал башкаруусу астында жергиликтүү башкаруунун бардык тармактарында азыркыдай паракорчулук болгон эмес. Бул жагынан алып караганда элдер үчүн жеңилирээк болуп, адилеттүүлүккө жетүү оңой болгон. Сот процесстери жана жазалар тез болгон. Анжиян көтөрүлүшүнүн башкы себеби элдин караңгылыгы жана диний фанатизм деп эсептешет. Бул чындык. Бирок, ошол эле учурда, алар адилеттүүлүктүн жоктугуна элдин нааразычылыгы да ошончолук маанилүү себеп экенин унутушат.” – деп белгилейт. Ушундай эле пикирлерди мындан башка да бир нече жергиликтүү адамдардан кезиктиргенин жазат Давлетшин [46, с. 58-59]. Жогорудагы тарыхый адабиятта отурукташкан элдердеги шариатка негизделген элдик сотторго болгон элдин ишениминин деңгээлин көргөзүп турат.

К.Пален да өзүнүн отчетунда бул тууралуу “чыгыш деспотунун принциптерине кылымдап тарбияланып калган жергиликтүүлөр сотторду дайындоодогу шайлоонун пайдалуу жактарын түшүнө алышпаган жана үйрөнүшкөн эмес деп белгилейт. Топтук интригалар пайда болуп, шайлоочуларды сатып алуу системасы кеңири кулач жайып, соттордун мыктылары эмес, билими, моралдык сапаттары соттук наамдарга туура келбеген, жеке кызыкчылыгын көздөгөн, элпек адамдар келе баштаган” [62, с. ] деп жазат.

Изилдөөчү Токтакун кызы Гүлнура Россия империясынын элдик сот системасына карата жүргүзгөн саясатын айтып келип “Россия империясы Түркстан крайына өзүнүн админстративдик бийлигин орноткондон тарта эле көчмөндөрдөгү сот системасын орус мыйзамдарына жакындатуу, укуктук ченемдерди “орусташтыруу” саясатын жүргүзүп, көп жылдык тарыхы бар кыргыздардын, казактардын адатка негизделген укугун чектөөгө умтулган” [164, с. 134-б.] деген жыйынтыкка келген.

Колониалдык доордо элдик сот системасы расмий түрдө жергиликтүү сот органы болуп калтырылган. Анткени, жаңыдан каратылган орус бийлик өкүлдөрүнө жергиликтүү элдин салты жат болгон. Мындан улам соттук иштерди алгач эле жергиликтүүлөргө жат болгон орус мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашыруудан кооптонушкан. Экинчиден, колониялаштыруунун жүрүшүнө каршы келбеген, орус бийлигинин көзү менен караганда “анчейин маанилүү эмес” делген иштерге алар “баш ооруткусу” келген эмес.

Бирок, акырындан орус колонизаторлору аймакта күч алуусу менен алар тарабынан элдик соттордун укуктары бара-бара чектеле баштаган. Фергана өрөөнүндөгү мусулмандардын шариятка негизделген казы соттору орустар үчүн “диний фанаттык” маанайда көрүнгөн. Өзгөчө Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин орус бийлиги өздөрүнүн колониалдык саясатына карашы жергиликтүү калктын наразычылыктарын ушул өңүттөн изилдеп баштагандыгы маалым. Мындан улам, жергиликтүүлөрдү орус мыйзамдарына бириктирүү максатын көздөшкөн.

Россия империясына карагандан кийин жергиликтүү сот системасына карата жүргүзүлгөн кээбир реформалар прогрессивдүү өзгөрүүлөргө алып барган. Россиянын курамына киргенден кийин падышалык бийлик тарабынан кулчулук жоюлган, бул падышалык Россиянын улуттук чет жакаларында орус элинин алдыңкы маданиятынын прогрессивдүү таасирлеринин бири болгон [109, с. 102] деп белгилейт окумуштуу С.Кожоналиев. Кыргыздын соттору да замандын агымы менен бара-бара мыйзамдын өкүмүнө өтүп башташкан.

Жыйынтык:

- Колониалдык доордо Түркстандагы калктардын (анын ичинде кыргыздардын) салттуу сот системалары сакталып калган. Ошол эле учурда ал орус мыйзамдарына, колониалдык саясатынын кызыкчылыктарына ылайык айрым реформаланган. Элдик соттордо негизинен анча маанилүү эсептелбеген жергиликтүү калктын арасындагы майда иштер гана калтырылып, колониалдык саясатка каршы келген саясий мүнөздөгү иштер, оор кылмыштар жогорку инстанциядагы орус сотторунун кароосунда өткөрүлгөн. Акырындап, элдик сотторду орус мыйзамдарына бириктирүү аракеттери жүргөн.

- Фергана өрөөнүнүн кыргыздарында элдик сот системасынын эки тиби: бий соту да, казылардын соту да өкүм сүргөн. Колониалдык мезгилде калктын чарбалык түзүлүшүнө ылайык көчмөн же отурукташкан деген макамына жараша бий же казы соттору шайланган.

- Кыргыз коомундагы сот системасы колониалдык доордо административдик бийликтен ажыратылган. Муну кыргыз тарыхында сот системасы бийликтин бир бутагы катары өз алдынча өнүгүүсүнүн башаты катары кароого болот.

- Элдик сотторго шайлоо системасы киргизилген. Шайлоодогу паракорчулук татыксыз соттордун шайланышына, сот өндүрүшүндө коррупциялык элементтердин пайда болуусуна алып келген. Мындан улам, калктын элдик сот системасына ишеними улам төмөндөп, нааразычылыктар пайда боло баштаган жана алардын үстүнөн даттануулар көбөйгөн.

### 4.4. Шайлоо системасы

Орус падышачылыгына карагандан кийин кыргыз коомчулугундагы жергиликтүү башкаруу органдары (болуш, айыл старчыны, элдик соттор) эл тарабынан шайлануу аркылуу ишке ашырылган. Колониалдык орус бийлигинин Түркстандагы административдик саясатынын алкагындагы мындай реформа жергиликтүүлөргө (анын ичинде кыргыздарга) жаңылык болчу. Жергиликтүүлөрдүн башкаруучулары болгон таасирдүү адамдардын болушу орус бийлигине ыңгайсыз, ал тургай кооптуу болуп эсептелген. Колониалдык

бийликке көз каранды болгон жергиликтүү башкаруу администрациясы шайлоо аркылуу уюштурулган.

Түркстанды башкаруу боюнча Жоболорго ылайык аталган кызмат орундарына 3 жылдык мөөнөткө шайланышкан. 1886-жылы Жобонун 83-беренесинде белгиленгендей, бул кызматтарга падышачылыктын оторчулук саясатына каршылык көрсөтпөгөн, жашы 25 жаштан жогору болгон адам шайлана алган [65, с. ]. Жоболордо болуштук жана айыл старчындык кызматка кайсы бир деңгээлдеги билим талап кылынган эмес.

Болушка, элдик сотторго уюштурулган шайлоо системасы түз (тикелей) шайлоо болбостон, эки этап менен ишке ашкан. Алгач айылдагы бардык түтүн ээлери катышкан айылдык жыйналышта ар бир 50 түтүн өздөрүнө бир элүү башыны ачык добуш берүү аркылуу шайлашкан. Элүү башыларды шайлоо жөнөкөй тартипте жүргүзүлүп, алар добуштардын салыштырмалуу көпчүлүгүн алуу менен шайланышкан. Андан ары ал элүү башылар болуштук жыйынга барып, болушту жана элдик сотторду шайлашкан.

Айыл старчынын шайлоо да ушул сыяктуу эле принцип менен жүргүзүлүп, айылдардардагы жыйналыштарда ар бир 10 түтүн өздөрүнө он башыны шайлашкан. Шайланган он башылар да айылдак жыйналышта айыл старчынын жана ага кандидатты, ошондой эле старчындын жардамчысын шайлашкан. Демек, айылдык башкаруу органынын башчыларын (старчын жана анын кандидатын, жардамчысын) шайлоо да эки этап менен ишке ашкан.

К.Пален өзүнүн отчетунда болушту жана айыл старчындарды шайлоо принциптерин төмөнкүдөй жазат: “Ар бир айылдын 10 түтүнү бир шайлоочуну (он башыны) дайындашкан; дайындалган шайлоочулардын (он башылардын) жыйналышы айыл старчынын шайлашкан; ал эми ар бир болуштуктун 50 түтүнү биригип бир шайлоочуну же болбосо элүү башыны шайлашкан; элүү башылар өз жыйналышында болушту жана элдик сотторду шайлашкан. Демек, болушту шайлоо эки баскычтан туруп, алгач айылдык чогулушта ар бир 50 түтүндөн бир шайлоочу шайланган. Андан кийин ал шайлоочулар болуштук жыйынга чогулушуп болуштук башкаруучуну шайлашкан [63, с. 93-98].

Жогоруда белгиленгендей, шайлоонун жүрүшүнүн принциптерин архивдик документтер да ырастайт. Мисалы, 1881-жылы Ош уездинин Ноокат болуштугу боюнча алгач жер-жерлерден шайланган жалпы 14 элүү башынын 13ү 25-апрелде өткөрүлгөн болуштук шайлоого катышып, болушту жана элдик сотторду шайлашкандыгын көрүүгө болот [14, с. 246-247].

1886-жылдагы Жобонун 85-беренеси боюнча болуштук жыйындын өкүлдөрүн, тактап айтканда элүү башыларды шайлоо атайын айылдык жыйналышта жалпы түтүндөрдүн жарымынан көбү катышкан учурда, айыл старчынын катышуусу менен анын көзөмөлү астында өтүүсү белгиленген. Ал эми аталган Жобонун 93-беренесине ылайык айыл старчынын, ага кандидатын жана жардамчысын шайлоо болуштун катышуусу, шайлоого өзүнүн таасирин тийгизбестен тартипти көзөмөлдөөсү менен өткөрүлөрү көрсөтүлгөн [65, с.].

Шайланган айыл старчынын жана ага кандидатты, анын жардамчысын уезддин начальниги бекиткен. Ал эми шайланган болушту, ага кандидатты уезд начальнигинин сунушу менен облустун аскер губернатору бекиткен.

Шайлоонун мындай тартиби, башкача айтканда өкүлчүлүктүү же эки баскычтуу уюшулушу коомдук коопсуздукту камсыз кылуу менен түшүндүрүлөт. Бүтүндөй болуштук боюнча түз шайлоону башаламансыз уюштуруу, техникалык жактарын тыкыр көзөмөлдөө чындыгында бир кыйла татаал болгон. Анткени, шайлоолор демократиялуу, укуктук принциптерге ылайык көрүнгөнү менен иш жүзүндө бир топ татаал болгон.

Архивдик документтерден февраль революциясынан кийин белгилүү бир убакытка дейре болуштарга жалпы элдик шайлоо уюшулгандыгын көрүүгө болот. Мисалы, 1917-жылы 27-майда Ош уездинин Ноокат болуштугуна өткөрүлгөн болуштук шайлоо болуштуктагы жалпы түтүн ээлеринин катышуусунда түз шайлоо аркылуу өткөрүлгөн. Анда 4 талапкер көрсөтүлүп, жыйынтыгында Сыдык Ысманов 2347 добуш менен жеңип чыкса, экинчи болуп Кадыр Байбача Байтейитов 1970 добуш менен экинчи болуп чыккан. Ал эми Гаиб Жаныбеков 1497, Исраил амин Аюббаев 1483 добуш алышкандыгын,

натыйжада Сыдык Ысманов болуштукка, Кадыр Байбача Байтейитов кандидат болуп бекитилген [11, с. 33].

Талып Молдо өзүнүн эмгегинде он башы жана элүү башы менен катар айыл страчынын да өз ара баш кишилер дайындашкан деп белгилеп, аны төмөндөгүдөй баяндайт: “Болушка шайлоо үч жылда бир өтүүчү, болушту шайлоодон мурун он башы, элүү башы, старчындар дайындалуучу. Буларга шайлоо болучу эмес. Өз ара баш кишилер кеңешип отуруп тигил он башы, бул элүү башы, ал старчын болсун дешип өзүлөрү дайындап коюучу” [57, 552-556-бб.]. Талып Молдонун берген маалыматтары боюнча он башы, элүү башылар сыяктуу эле айыл старчыны да ачык типтеги шайлоо аркылуу дайындалган. Сыягы, бул “талаштуу” эмес айылдарда болуу керек.

Ар бир шайлоонун алдынан болуштуктагы түтүндүн саны каттоого алынып, алардын санына жараша элүү башылардын саны аныкталган. Айылдын ар бир элүү түтүнү бир бүтүн эсептелинип, аягында калдык түтүндөр 25тен көп болсо алар да бир шайлоочуну чыгара алышкан [65, с.]. Мисалы, бир айылда 175 түтүн болсо анда 150 түтүнгө 3 элүү башы жана калдык деп эсептелген 25 түтүндөн да 1 элүү башы шайланып, жалпы 4 элүү башыны түзгөн. Ошентип, ар бир элүү түтүн бир шайлоочуну дайындашканда, орто эсеп менен 1500 түтүндү бир болуштукта 30 шайлоочу дайындалган.

Болуштукка талапкерлер өздөрү тараптан шайлоочулардын санын көбөйтүүгө аракет кылышкан. Аны өз тарабындагы айылдарда түтүндүн санын көбөйтүү: айылга жаңы үй-бүлөлөрдү кабыл алуу, же жаштарга, кээде жашы жете электерге да жаңы үйлөрдү бөлүү аркылуу ишке ашырышкан. Мындай амал менен да мүмкүн болбогон кырдаалда башкача айтканда шайлоочунун санын көбөйтүү үчүн өтө көп түтүн кошуу зарыл болгон учурда талапкер катары көрсөтүлгөн уруу башчылар бир айылды экиге бөлүүгө өтүшкөн. Бул боюнча Белек Солтоноев өзүнүн эмгегинде “эгерде эл эки тарап болсо, өз жагынан элүү башы (выборный) арттырмак үчүн ар айылдан эки тарап кылып, ичинен жик салып, тамырлашкан” [136, 79-б.] – деп жазат.

Шайлоонун мындай жагдайларына К.Пален да кенен токтолуп, түшүндүрмө берет. Мисалы, айылда 225 түтүн болуп, беш гана шайлоочусу болсо, анда шайлоочунун санын дагы бирге көбөйтүү үчүн, айылга жок дегенде 50 жаңы түтүндү кошуу керек болчу. Мындай чаранын татаалдыгынан улам алар 225 түтүндөн турган бир айылды биринде 112, экинчисинде 113 түтүндөн турган эки жаңы айылга бөлүп, андан кийин ал айылдарга өткөрүп берүү жолу менен же жаңы түтүндөрдү түзүү жолу менен ар биринин түтүндөрүнүн жалпы санын 125ке жеткиришет. Эки айылга биригип 25 гана түтүндү кошуунун натыйжасында айылдардын ар биринен 3төн шайлоочуну, ал эми эки айылдан биригип 6 шайлоочуну дайындай алышкан. Мындай өзгөртүүлөр өз тарабындагы айылдык жамааттарда оңой эле аткарылып, айыл тургундарынын ортосунда толук макулдашуу өкүм сүргөн жана керектүү сунуштар эч кандай каршылыксыз, талашсыз ишке ашкан. Бирок, бул жерде паракорчулук дагы бар: аздыр-көптүр таасирдүү аксакалдар көрсөткөн кызматы үчүн партиянын (топтун) лидерлери тарабынан сыйланыш керек [63, с. 93-98]. Ушул сыяктуу, жана башка жасалма жолдор менен болуштуктардагы түтүндүн саны көбөйтүлгөн.

Анжиян уездининдеги кыргыздардын жер пайдалануусу тууралуу 1913-жылга таандык материалда Өзгөн, Яссы, Чангет, Көгарт, Каракөл-сересуу, Майлысай жана Кенкол-карагыр болуштуктарында жана Базар-Коргон болуштугунун 1-2- айыл жамаатарында салык тизмеси боюнча 14163 түтүн саналса, чындыгында, изилдөөнүн маалыматтары боюнча 11405 гана түтүн болуп чыккандыгы жазылат. Мындай олуттуу сандагы жасалма үй-бүлөлөрдүн пайда болушу уруулук топтордун шайлоодо көбүрөөк добушка ээ болууну каалагандыгы менен түшүндүрүлөт” [54, с. 38] – деп белгиленет. Шайлоодо жеңип чыгуу үчүн өз тарабынан искусстволук түрдө түтүндүн санын арттыруу шайлоо өнөктүгү башталар алдындагы мыйзам бузуучулук аракеттердин бири болгон.

Шайлоо өнөктүгү башталганда, көп уруулар жашаган болуштуктарда ар бир уруу өздөрүнүн туугандык жамаатынан бирден талапкерди көрсөтүшкөн.

Адатта мындай болуштуктарда атаандаштык, негизинен, эки, кээде үч чоң партиянын (уруунун) ортосунда жүргөн. Бирок үчүнчү партия шайлоодо жеңип чыгуу үчүн өздөрүнүн шайлоочулары ири деп эсептелген эки партиянын шайлоочуларынан аз болгондуктан, алар шайлоодо материалдык пайда алууну, ошол эле учурда артыкчылыкка ээ болгон партия менен достук мамилелерди түзүүнү көздөшкөндүгүн К.Пален өзүнүн изилдөөсүндө белгилейт. Эгер болушту шайлоочулардын (элүү башчылардын) жалпы саны 30 болсо, анын ичинен 13 шайлоочу биринчи талапкерге, 12 шайлоочу экинчи талапкерге, ал эми калган 5и үчүнчү талапкерге таандык болуп, негизги партиялардын эч бири, болуштук үчүн аныкталган 16 шайлоочуга жетпеген учурда негизги партиялардын жеңишке жетүүсү үчүнчү партиядагы 5 шайлоочунун кимисине кошуларынан көз каранды болгон. Адатта бул маселе көбүрөөк төлөй турган партиянын пайдасына чечилген. Бирок, сейрек болсо да айрым учурда эки чоң партиянын бири негизги атаандашы эсептелген экинчисинин жеңип кетишинен коркуп, бийликти аларга тарттырып жибербөө үчүн эң кичине партияга кошулуп кетишкен. Көбүнчө, бул үчүнчү тараптын башында турган адамдын шайлоо алдындагы үгүт иштерине кеткен чыгымдардын бир бөлүгүн кошулган партияга кайтарууга жетиштүү мүмкүнчүлүгү талапкер болгондо ишке ашкан [63, с. 93-98].

Болуштуктун аймагында жашаган бир нече уруу-уруктардын арасынан саны боюнча көпчүлүктү түзгөндөрүндө мүмкүнчүлүк көбүрөөк болуп, алар менен майда уруулар достук мамилелерин түзүүгө аракет кылышкан. Орус бийликтери уруулук түзүлүштү жоюуга аракет кылышканы менен, жогорудагы фактылардан улам уруулук мамилелер дале болсо бекем тургандыгын байкоо кыйын эмес.

Шайлоо күрөшү адатта тигил же бул партиянын жактоочулары басымдуулук кылган айылдардан айырмаланып, шайлоочулардын бир бөлүгү бир манапты, дагы бир бөлүгү экинчи манапты колдоп, алар бири-бирине тең салмактуу болгон 1-2 талаштуу айылда кызуу жүргөн.

Шайлоо өткөрүлүүчү жыйындарга катышууга айылдарда, кыштактарда жашаган ар бир кожолуктун (түтүндүн) башчысы укуктуу болгон. Демек, шайлоо принциптеринин дагы бир өзгөчөлүгү катары “үй ээлери” деп эсептелген эркектер гана шайлоого катышкандыгын белгилей кетүү керек. Болушту жана элдик сотту шайлоо жалпы болуштуктун жалпы жыйынында өткөрүлгөн. Ал жыйналыштын өткөрүлүүчү ордун жана убактысын уезддин начальниги дайындаган [65, с. ]. Талапкерлер шайлоо өткөрүлүүчү жерге боз үйлөрдү тигип, чогулгандарды тамак-аш менен өз эсебинен сыйлашкан. Жыйналышка жалпы шайлоочулардын үчтөн экиси келген учурда шайлоо уюштурулган. Ал жыйындагы шайлоонун жүрүшүнө сөзсүз түрдө уезддин начальниги же анын орун басары (жардамчысы) баштаган, салык кызматынын жана башка орус бийлигинин өкүлдөрү катышып, көзөмөлдүк кылган. Мисалы, 1883-жылдын 1-октябрында Ош уездинин Гүлчө болуштугунун болуштук башкаруучулугуна жана элдик сотторго өткөрүлгөн шайлоону Ош уездинин начальниги подполковник (ошол мезгилде) М.Ионов өзү көзөмөлдөп өткөргөндүгүн архивдик документтер күбөлөйт [8, с. 325]. Ал эми 1881-жылдын 25-апрелинде Ноокат болуштугундагы болуштук кызматка жана элдик сотторго өткөрүлгөн шайлоого Ош уездинин начальнигинин башкы жардамчысы (старший помощник) поручик Яицын катышкан [14, с. 245]. Дагы бир мисал, 1882-жылы 4-ноябрда Наманган уездинин Кырк-Уул болуштугунда өткөрүлгөн шайлоону да уезд начальнигинин башкы жардамчысы (старший помощник) капитан Дмоховский келип өткөргөн [15, с. 195].

Шайлоо болуп жаткан кезде уезд башкаруучулары үй-бүлөсү, тууган-туушкандары менен келип бир канча жума калып, айылда эс алышкан күндөрү да болгон. Падыша офицерлерин, чиновниктерин кабыл алып, коноктоого болуштар, айыл старчындары жана колунда бар бай-манаптар кызыкдар болушкан. Бул аларга өзүнүн социалдык абалын бекемдөөгө, жогорку бийлик өкүлдөрүнүн колдоосуна ээ болууга мүмкүнчүлүк берген [105, 173-б.].

Шайлоо алдында болуштукка, старчындык кызмат орунга шайланууга талапкерлер жөнүндө атайын маалымат таратылган. Анда анын аты-жөнү,

жерлиги же уруусу, жашы, билими, мүлкү жана үй-бүлөлүк абалы боюнча маалыматтар камтылган. Бул маалыматтар шайлоо барагына (баллотировочный лист) жана протоколго түшүрүлгөн. Мисалы, Ош уездинин Ноокат болуштугуна өткөрүлгөн болуштук шайлоодо талапкер Абид Умарбекдатка уулунун (Абыт Өмүрбек датка уулу – авт.) 28 жашта экендиги, сабаттуу (грамотный) болгондугу, кыргыздын баргы уруусунан экендиги, 10 жылкысы, 8 даана ири мүйүздүү малы жана атасынан бөлүнбөгөн кыймылсыз мүлкү бар экендиги боюнча маалыматтар көрсөтүлгөн. Экинчи талапкер Магомедкузы Ян-Сейид (Матказы Жансейит уулу – авт.) Кыргыздын бөрү уруусунан, сабатсыз, 38 жашта, коргончусу, 150 танап жери, 20 жылкысы, 10 даана ири мүйүздүү малы бар экендиги көрсөтүлгөн [1, с. 104].

Шайлоо жашыруун добуш берүү жолу менен жүргөн. Шайлоо кезинде добуш берүү атайын даярдалган сандыкчага (урна) тандалган ар бир талапкер үчүн бирден сака (шарик) таштоо менен өткөрүлгөн. Айрым булактарда урна катары казандарды пайдаланышкандыгы айтылат. Ал эми тандалып алынган кадимки таштар менен добуш бергендиги сүрөттөлөт.

Фергана облусуна байланыштуу архивдик материалдар көрсөткөндөй, добуш берүү эрежесине ылайык бир шайлоочу кааласа бардык талапкерге добуш бере алган. Башкача айтканда, талапкерлердин саны үчөө болсо, шайлоочуда добуш берүүгө да үч таш болуп, кааласа алардын ар бирине, кааласа бирөөсүнө же экөөсүнө таш салуу менен добуш берүү мүмкүнчүлүгү болгон. Мисалы, 1881-жылдын август айында Анжиян уездинин Көк-Арт болуштугуна өткөрүлгөн болуштук шайлоодо Чыйбыл Абдуллабий уулу (Чыйбыл болуш), Ташбай Каримкулов жана Шайдыбай Назарбековдун болуштукка талапкерлиги көрсөтүлөт. Шайлоочулардын жалпы саны 28 болуп, алардын 27си шайлоого катышкан. Шайлоонун жүрүшүндө шайлоочулар талапкерлердин ар бирине бир добуштан (единогласно) өздөрүнүн добуштарын беришип, талапкерлердин ар бири бирдей 27ден добуш алышкан [14, с. 469]. Ал эми 1881-жылдын 11-августунда уезддин начальниги бул шайлоо боюнча облустун аскер губернаторуна жазган рапортунда билдирип жатып: “Мен өз тарабымдан

Чыйбыл Абдуллабий уулун болуштук кызматка дайындоону сунуштамакмын" деп жазат [8, с. 468]. Дагы бир ушундай эле мисалды 1883-жылы 5-сентябрда Кокон уездинин Нойгут-Кыпчак болуштугунда өткөрүлгөн болуштук шайлоодон көрөбүз. Анда жалпысынан 20 шайлоочу болуп, шайлоого 17си катышкан. Болуштук кызматка көрсөтүлгөн 3 талапкердин, атап айтканда Молдо Абдулмажидкожо Касымкожоев, Рустам Мирзакулбий уулу, Эшназар Кожоназарбий уулунун ар бирине 17 шайлоочунун баары бир добуштан (единогласно) добуштарын беришкен да баары тең чыгуу менен аяктаган [8, с. 285]. Мында да уезд начальнигинин рапортуна ылайык, Абдулмажидкожо Касымкожоев болуштук кызматка сунушталып, бекитилген. Жогоруда келтирилген мисалдарда көрүнүп тургандай талапкерлердин баарын бир добуштан (единогласно) шайлоо мындан башка да көптөгөн болуштук шайлоолордо кезигет. Мындай көрүнүш өзгөчө алгачкы жылдарда көбүрөөк учурайт. Талапкерлер өз ара бири-бири менен алдын ала ымалага келүүсүнөн күмөн берет. Мындагы шайлоолор кайсы бир жагынан формалдуу болгондугун билгизип тургансыйт. Анткени, мындай учурда албетте уезддин начальнигинин жеке каалоосу боюнча талапкерлердин бири болуштук кызматка сунушталып, ал облустун аскер губернатору тарабынан бекитилип калган. Кийинки жылдардагы шайлоолордун көпчүлүгүндө талапкерлердин бири көп, бири аз добуш алуу менен жыйынтыкталгандыгын архивдик документтерден көрүүгө болот. Мисалы, 1890-жылы 12-февралда Ош уездинин Гүлчө болуштугуна өткөрүлгөн болуштук шайлоодо 34 шайлоочудан 29у шайлоого катышып, Мамытбек Алымбек датка уулу 29 добуш, Молдо Сулайман Тойчубек уулу 12 добуш, Таши-Сулайман (ов) 17 добуш берилип, Мамытбек Алымбек датка уулу болуштук башкаруучулукка бекитилген [9, с. 358].

Шайлоо альтернативдүү негизде болушу шарт болгон. Фергана облусунун материалдарын анализдөө менен, болуштук шайлоого негизинен 2 же 3 талапкер ат салышкандыгын байкоого болот. Маселен, 1883-жылы 30-ноябрда өткөрүлгөн Ноокат болуштугунун болуштук башкаруучу кызматына өткөрүлгөн шайлоодо Асанбек Алымбеков, Абдраим Абдукаримов, Маткозу Жансейитов сыяктуу 3

талапкердин ортосунда шайлоо болгон [8, с. 395] Кээде жалгыз адам деле көрсөтүлүп, шайлана алган. Элдик сотторду шайлоо да ушундай эле тартипте өткөн.

Болуштук жана старчындык, ошондой эле элдик сот (бий, казы) кызматтарга шайланган адамдардан тышкары аларга сөзсүз түрдө кандидаттар бекитилген. Болуштукка кандидат болуп негизинен шайлоодо экинчи болуп көп добуш алган талапкер бекитилген. Мисалы, 1887-жылы Ак-Буура болуштугуна өткөрүлгөн шайлоодо 32 добуш алган Карабек Асанов болуштук кызматка дайындалса, 29 добуш алган Эшмухамет бий Бучай (Кувашбаев – авт.) ага кандидат болуп бекитилген [1, с. 98].

Болуштук жыйында болуштарды шайлоодон тышкары, эл сотторун жана аларга талапкерлерди шайлоо, болуштук администрациянын кызмат адамдарынын маянасын белгилөө, көпүрө, жол, чарба курулуштары, суу пайдалануу, суу менен камсыз кылуу сыяктуу бир катар маселелер да каралган.

Болуштук шайлоонун жыйынтыгы орус бийликтеринен, тактап айтканда, уеддик администрациядан келген өкүл тарабынан угузулуп, бекитилген жана ал жыйынтык уез начальнигине жиберилген. Уезд начальниги шайлоо жана анын жыйынтыгы жөнүндө маалыматты облустун аскер губернаторуна жөнөткөн. Облустун аскер губернатору келген документтердин тактыгына ишенгенден кийин шайлоодон жеңип чыккан талапкерди буйрук менен тиешелүү кызмат ордуна (болуш, элдик сот) шайланды деп бекиткен. Шайланган болуштарга жана айыл старчындарына кызматтык милдеттерин аткарууда тагынуучу атайын белгилер, эгер сабаттуу болсо, ээлеген кызматына жараша алардан чыккан иш кагаздарга кол тамгасын тастыктоо үчүн мөөрлөрдү ыйгаруу каралган [65, с.].

Болуштарды, айыл старчындарын, элдик сотторду шайлоо жогоруда көрсөтүлгөндөй укуктук жана демократиялуу уюшулгандай көрүнгөнү менен иш жүзүндө алда канча татаал болгон.

П.Г.Галузо жергиликтүү администрациянын өкүлдөрүнө шайлоолор айыгышкан таптык күрөш менен жүргөндүгүн белгилейт. “Ошентип, дейт ал, эл массасы бардык нерседе күрөшкө өзүнүн тууган-туушкандарына болгон чыныгы

“сүйүүсү” үчүн эмес, «бөтөн» эксплуататордун баш тартпас эксплуатациясынан коргонуу жана «өзүнүн» кандайдыр бир жеңилдигин алуу үчүн катышып жаткандыгын көрүп турабыз” деп белгилейт [93, с. 51].

Эгерде шайлоого байланышкан талаш маселелер чыгып калганда уезддин начальнигинин сунушу менен облустун аскер губернатору жергиликтүү элдин арасынан жаккан адамды тигил же бул кызматка буйрук менен эле дайындап коюуга да укугу болгон. Фергана облусу 1876-жылы уюшулгандыгына карабастан, андагы жергиликтүү элдик администрациянын башчыларынын көпчүлүгү 3-4 жыл бою орус бийлиги тарабынан дайындалгандыгын Ф.Гирстин отчетунан билүүгө болот. Мындай көрүнүш Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин да кайра күчөп кеткен. Алсак, 1899-жылдын орто чендерине чейин Фергана облусу боюнча баары болуп 53 жергиликтүү администрация өкүлү (болуш, эл соту, айыл старчыны) орус бийлигинин буйругу менен кызматынан алынып [75, с. 117], алардын ордуна “ишенимдүү” кишилерин кызматка коюшкан. Булар негизинен көтөрүлүш кайсы бир деңгээлде уюшулган аймактардагы жергиликтүү администрация башчылары эле. Мындан тышкары көтөрүлүшкө түздөн-түз катышкан же жетектегендер сот жообуна тартылып, ал тургай дарга асылгандары да болгон.

Ж.Алымбаев белгилегендей иш жүзүндө шайлоо компаниясы көпчүлүк мезгилде түздөн-түз администрациянын кийлигишүүсү менен өткөрүлгөн. Натыйжада, жергиликтүү администрация башчылыгына падыша өкмөтүнө жаккан кандидатураны өткөрүүгө аракет жасашкан [90, с. 75-84]. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун уюшулушу жана аларга шайлоо системасы киргизилиши иш жүзүндө көп учурда формалдуу болуп калган. Орус администрациясынын көзөмөлү менен ишке ашкан. Болуштар орус администрациясы тарабынан дайындалып, алынып турган. Фергана облусундагы болуштук башкаруучулардын 1903-жылдын 1-сентябрындагы тизмеси боюнча Анжиян уездиндеги 20 болуштук башкаруучунун 15и, Маргалаң уездиндеги 19 болуштун 14ү, Кокон уездиндеги 23 болуштун 12си, Наманган уездиндеги 31 болуштун

17си жана Ош уездиндеги 12 болуштун 10у орус администрациясы тарабынан дайындалган [150, с. 234].

Шайлоодо сатып алуу (подкуп), шайлоочуларды коркутуу, ал турсун каршылаш партиясынын шайлоочуларын эркинен ажыратуу же аларды айыл чогулушунун жыйынына күч менен катыштырбоо, жалган айыптоолор ж.б. көрүнүштөр көптөгөн документтерде, эмгектерде чагылдырылат.

1884-жылы ушул эле Наманган уездинин Саруу болуштугунун жашоочулары өз жамаатынын мүчөлөрү Апсалам Янгулин, Мамбет Айтибаев, Айдарали Фулатбеков жана Акыл Беймурзиндин иштери боюнча калыс чечим чыгарып, аларды бошотуу үчүн облустун аскер губернаторуна кайрылышкан. Алар шайлоодогу мыйзамсыз аракеттерге өз ойлорун ачык билдиргендиктери үчүн айыпсыз абакта кармалып тургандыктарын билдиришкен [2, с. 1].

Аталган мезгилде Кыргыз коомундагы бардык шайланма кызматтарына өткөрүлгөн шайлоолор ээлөө, сатып алуу (подкуп) аркылуу ишке ашырылары көптөгөн расмий документтерде да билдирилген. Н.Д.Южаков өз эмгегинде алгачкы шайлоолор жакшы жыйынтыктарды көрсөткөндүгүн белгилеп, “элде ал мезгилде уруулук дух жашап, алар байыртадан калган ата-бабалардын салт-санаасын ыйык санашып, коомдук кызматтарга мурдагы уруу башчыларын, бийлерди жана кадырлуу аксакалдарды шайлашкан. Бирок, кийинки шайлоолордо атак-даңкты сүйүүчүлөр, ач көздөр, дүйнөкорлор пайда болгон. Жер-жерлерде атак-даңкка умтулгандардын, дүйнөкорлордун өзүнчө топтору жаралган. Түтүндүн саны же каражаты чоң болгон партиялар таасирлүү болушкан. Кийинки шайлоолордо аларда шайлоочулардын добушун сатып алуу менен бара-бара күч алган бири-бирине каршы тымызын күрөш башталган” деп жазат [79, с. 24]. Паранын өлчөмүнө да токтолгон Н.Юджаков “паракорчулук чоң көлөмгө чейин өсүп, шайлоочуларды өз тарабына сатып алуу үчүн бөлүп салышкан. Болуштукка шайлануу үчүн, адатта 2-3 миң рубль кетсе, жеңишке жеткен байкуш он миңдеген акчаларын чачкан” [79, с. 25] – деп белгилейт.

1882-жылы Түркстанды изилдеген сенатор Ф.Гирс да шайлоодогу терс көрүнүштөргө токтолуп өтөт. Ал өзүнүн отчетунда жергиликтүү элдик

администрациянын башчыларын, өзгөчө болуштарды шайлоодо өз талапкерлерин өткөрүү үчүн партиялардын күрөшү жүргөндүгүн жазып, атаандашын жок кылуу үчүн каралоолорго, даттанууларга, эң негизинен шайлоочуларды сатып алууга барышкандыгын белгилейт [44, с. 25]. Мындан тышкары элдик сотторду шайлоодо да көп жерлерде шайлоочуларды сатып алуу кеңири таркаганын айтып, “соттук кызматка шайланууда талапкерлерлердин жеке сапаттары эмес, паранын көлөмү негизги көрсөткүч болуп калган” – деп жазат [44, с. 178].

Шайлоонун жүрүшүндөгү коррупциялык жана башка терс көрүнүштөргө жергиликтүү авторлор да өз эмгектеринде токтолушат. Маселен, Белек Солтоноев “Кызыл кыргыз тарыхы” аттуу эмгегинин “1894-1916-жылга жете шайлоо тартиби” деген бөлүгүндө “бир түтүн киши 100-200 сом же төрт-беш карага жете пара алган. Кээ бир уятсыз митаимдер катын дагы алган” деген маалыматты берет. “Элүү башынын күнү шайлоодо туулуп, талашта калган (маселен, эки жагы ондон элүү башы болуп, ортодо бирөө калса, 400-500 сомго жете пара алган. Кыз алган)” деп жазат [136, 81-б.]. Шайлоонун ыплас оюндарына кайрылган автор: «Шайлоо үч жылдык болуп манаптар, бийлер, болуш (залим кулак) бүткүл кайратын, кубатын шайлоо ишине жумшаган. Шайлоодо жеңгендер жеңилген жагынан ат жыгып, киши уруп, билгенин кылган, зулумдугун аябаган. Шайлоо өткөн соң мурдагы берген парасын эки-үч эсе кылып кедейлерден алышкан» деп жазат. Ал шайлоо мезгилинде эки жаат урушканда орус төбөлдөрүнүн алдында, бирине-бири жалаа жаап, доого жыгыш үчүн, өз тарабындагы кедей кулунан бир кишини өлтүрүүчү деген маалыматты берет [136, 81-б.]. Белек Солтоноевдин өзү да болуш болгондугун белгилеп кетүү керек. Демек, кыргыздын алгачкы тарыхчысы Белек Солтоноев коомдук жана саясий иштерге да жигердүү аралашып, ал жаатты жакшы түшүнгөн деп айта алабыз.

Өз мезгилинин дагы бир билимдүү кишиси Талып Молдо өзүнүн эмгегинде “Шайлоо убагында жааттashып болуштук талашуудан эрегиш чыгып, «кара черүү», «ак черүү» болуп салгылашып, эр да өлүчү” – деп жазат [57, 556-

б.]. Пара берүү максатына жетпей калган учурда, каршылаштар бири-бирине аң каза башташкан. Талапкерлер бири-бирине каршы өз тыңчылары аркылуу ушактарды таратышкан. Начальниктерге жана прокурорго же сотторго чагым жасашып, күбөлөрдү тартышкан, калп билдирүүлөрү үчүн эч кандай жоопкерчиликтен коркпостон, эптеп өз каршылашын шайлоого жеткирбей тергөөгө алып баруу максатын көздөшкөн [79, с. 25]. Анткени, Түркстан аймагын башкаруу жөнүндө “жобого” ылайык, күнөөлүү деген адам соттун чечими менен бир жумадан ашык камалса же отуз рублдан ашык акчалай айып тартса, шайлоого катышуу укугунан ажыраган. “Жобого” ылайык күнөөлүү деп катталган адам сот тарабынан акталган учурда деле, шайлоого катышууга укугу жок болгон.

Ыплас көрүнүштөр, мыйзамсыз аракеттер дээрлик көпчүлүк уюшулган шайлоолордо орун алган. Шайлоо өнөктүгү башталган күндөн шайлоо жараяны бүткөндөн бир нече убакытка чейин болуштуктагы жалпы элдин жай турмушу бузулуп, тынч эмес абалда болушуп, кыштактарда айыл-чарба ж.б. жумуштар токтоп калган. Уезддик жана облустук администрацияга шайлоочуларды сатып алуу, жалгандан жалаа жабуу боюнча массалык өтүнүчтөр ташталган. Шайлоо өнөктүгү бүткөндөн кийин каршылашкан манаптарды жараштырышкан. Жарашуу мезгилинде карама-каршы топтор шайлоонун жүрүшүндө кеткен чыгымдарын көрсөтүп, жеңген тарап жеңилген тараптын чыгымдарын төлөп берүүгө милдеттендирилген. Чыгымдар болуштуктун элинен жыйналып, жеңилген тараптын манабына берилген. Ал боюнча Талып Молдо: “Болуштук талашканда чыгымдар болуп калдым деп элге дагы чыгым бөлүчү” - деп жазат. Белек Солтоноев элден жыйналуучу чыгымга токтолуп, ал чыгымдын көлөмүн да көрсөтүп, төмөнкүдөй жазат: “Кайсы дубанда болсо да карыздар болуп бара жаткан манап ак черүү, кара черүү деп элди эки тарап кылып чыгым бербеске, жалпы элди башка болуш кылып бөлмөккө аракет кылып, тилегине жетсе-жетпесе да, акыры эки тарап манаптар жарашып туруп, эки жагынын демейки болгон чыгымдарын кедей чарбага салып алган. Ар түтүндөн эң азында бир жылкыдан чыгым салып алган.” [136, 78-б.] Демек, жалпы элге шайлоо өнөктүгү

өз учурунда эле таасирин тийгизбестен, шайлоо бүткөндөн кийин да чыгым төлөө сыяктуу милдеттенмелер менен коштолгон.

Отурукташкан элде да көчмөндөрдө да бийликке жана кызмат субъектисине көз караш жеке байлыкка жана артыкчылыкка жетүүнүн эң ыңгайлуу жолу идеясы менен байланышкан. Ошондуктан, болуштарды жана эл сотторун шайлоодо паракорчулук, бийлик талашкан топтордун күрөштөрү, кыянатчылыктар, ал тургай Россиянын өзүндө эч качан болбогон кылмыштар менен коштолгон [63, с. ]. Шайлоонун киргизилиши башкаруу системасында оң натыйжасын бере алган эмес. Ага бир катар факторлорду белгилөөгө болот. Биринчиден шайлоо системасы көп учурда формалдуу болуп, орус бийлиги чечүүчү ролду ойногон. Экинчиден, шайлоо түшүнүгү кыргыз коомчулугуна жаңыдан киргендиктен, аны демократиялуу принциптер менен оң тарабын пайдаланып кетүү үчүн кылымдар бою уруу башчыларынын бийлиги астында жашаган карапайым калктын саясий аң-сезими, мүмкүнчүлүгү да жетишсиз болгон.

Жыйынтык:

- Кыргыз коомунда болуштарга, айыл старчындарына жана элдик сотторго шайлоолордун киргизилиши жаңылык болгон. Уруулук түзүлүштүн кайсы бир деңгээлде жоюлушуна өбөлгө болгон. Демократиялык принциптердин жана түшүнүктөрдүн элементтери айрым факторлордон улам “колдонулбаган” деңгээлде элдин аң-сезиминде пайда боло баштаган.

- Шайлоонун киргизилишин жалпы кыргыз коомунун өнүгүшүндө бир тараптуу прогрессивдүү көрүнүш катары кароого болбойт. Падышачылык тарабынан жүргүзүлгөн жаңы административдик саясатынын алкагында киргизилген шайлоо принциби кыргыздардын коомдук-саясий турмушунда коррупциялык көрүнүштөргө, өзгөчө добуштарды сатып алуу (подкуп) ж.б. мыйзам бузууларга жол ачып, ал элдин аң-сезимине сиңе баштаган.

- Шайлоолор колунда бар адамдарга гана жол ачып берген.

# КОРУТУНДУ

- XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башында Түркстанда өкүм сүргөн “аскердик-элдик башкаруу” системасы аскердик-административдик мүнөздө болуп, колониалдык саясатты ишке ашырууга ылайыкташкан.

- Фергана облусундагы кыргыздарга “аскердик-элдик башкаруу” системасы басып алуунун шартында күч менен киргизилген. Аталган облус үч жобонун негизинде: алгачкы он жылда административдик, жер, салык маселелеринде 1873-жылы иштелип чыккан жобонун долбоору жана сот иштеринде 1867-жылы иштелип чыккан жобонун долбоору менен башкарылган. 1886-жылдан Түркстанды башкаруу жөнүндө кабыл алынган жобо менен башкарылган.

- Түркстандагы “аскердик-элдик башкаруу” орус офицерлеринин колунда болгон. Алардын арасында мыйзамсыз иш-аракеттер көп учурагандыгы тарыхый булактардан маалым. Экинчи жагынан орус башкаруучуларынын баары аскер адамдары болгондуктан, алар көп учурда жарандык башкарууда, маданий өнүгүүдө бир топ аксаган. Ушул сыяктуу факторлор жергиликтүү элдин колониалдык орус бийлигине болгон ишенимин кетире баштаган.

- Россия империясынын Түркстандагы административдик саясаты “бөлүп жарып башкаруу” ыкмасында ишке ашкан. Уезддик бөлүштүрүүдө улуттук өзгөчөлүктөр эске алынбай, колониалдык кызыкчылыктардын (административдик-аскердик башкаруу, экономикалык, салык ж.б.) шартында бөлүштүрүлгөн. Ал эми айыл калкынын аймактык чектери жобо боюнча алардын уруулук бөлүнүүсүнө карата эмес, чарбалык ыңгайына ылайык бөлүү каралган. Бирок, кээ бир айылдардын чарба жүргүзүү ыңгайына ылайык бөлүнүшү фиктивдүү болуп калган.

- “Аскердик-элдик башкаруу” системасынын “элдик” бөлүгүндө жергиликтүү калкты өздөрүнүн адат-салттарынын негизинде шайланма өкүлдөрү аркылуу башкаруу уюштурулган. Иш жүзүндө Россия империясынын саясатына туура келген салттар, адаттар, мыйзамдар сакталып, туура келбегендери четке кагылган. Айыл калкынын саясий мүнөзгө ээ болбогон ички

маселелери боюнча болуштук жана айылдык башкаруу органдары уюштурулуп, алар аркылуу колониалдык саясаттын түпкү максаттары ишке ашырылган.

- Падышачылык бийлик жергиликтүү манаптардын бийлигин ооздуктап, белгилүү бир деңгээлде чектеген. Алар орус мыйзамдары боюнча уюштурулган болуштук, айылдык башкаруу органдарына жана элдик сот системасынын алкагына киришип, белгилүү бир деңгээлде өздөрүнүн коомдук статустарын сакташкан. Ошону менен бирге колониалдык орус бийлигинин жер-жерлердеги таянычы болуп калышкан. Натыйжада “аскердик-элдик башкаруунун” эки деңгээлинин карапайым калктын үстүнөн эзүүсү күчөгөн.

- Колониалдык доордо Түркстандагы калктардын салттуу сот системалары сакталып калган. Фергана өрөөнүнүн кыргыздарында элдик сот системасынын эки тиби: бий соту да, казылардын соту да өкүм сүргөн. Элдик соттордо негизинен анча маанилүү эсептелбеген жергиликтүү калктын арасындагы майда иштер гана калтырылып, саясий мүнөздөгү иштер, оор кылмыштар жогорку инстанциядагы орус сотторунун кароосуна өткөрүлгөн. Акырындап, элдик сотторду орус мыйзамдарына бириктирүү аракеттери жүргөн. Бул мезгилде кыргыздардын сот системасы административдик бийликтен ажыратылган. Элдик сотторго да шайлоо киргизилип, шайлоодогу мыйзам бузуулардын натыйжасында татыксыз соттордун шайланышына, соттордогу коррупциялык элементтердин пайда болуусуна алып келген.

- Колониалдык мезгилдеги жергиликтүү башкаруу системасынын эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири аларга карата шайлоонун киргизилиши болгон. Шайлоо системасы эки баскычтуу же өкүлчүлүктүү болуп, жергиликтүү башкаруу органдарынын башчылары жалпы калк тарабынан түз шайланган эмес. Шайлоого түтүн ээлери гана кыйыр түрдө катышып, алгач алар өздөрүнүн өкүлдөрүн: он башы, элүү башылар шайлашкан. Ошентип, жалпы түтүн ээлери өздөрүнүн өкүлдөрүн гана шайлоо менен чектелишкен. Демек, он башылар жалпы түтүн ээлеринин 10%ын, ал эми элүү башылар 2%ын гана түзүшкөн. Он башы, элүү башылар негизинен калктын оокаттуу бай-манаптык катмарынын өкүлдөрүнөн болуп, саясий иштерге ошолор гана аралашкан. Анын үстүнө,

шайлоо өнөктүгүндө алар жеке кызыкчылыктарынан, уруулук-туугандык аң сезимдеринен өйдө чыга алышпагандыгы шайлоонун маани-маңызын, принциптерин бузуп, башкаруу принциптерине туура келбеген башчылардын кызматты ээлеп калышына шарт түзүлгөн. Шайлоо учурунда кандай болбосун өзүнүн тарапташын өткөрүүгө аракеттенишкен он башы, элүү башылар “аткаминер” атыгышып, шайлоодон кийин айыл старчындардын, болуштардын кызматчылары болуп калышкан. Жалпы эл массанын көпчүлүгүн түзгөн карапайым калк бул сыяктуу саясий-башкаруу иштерине такыр эле аралаша албай сыртта калган. Натыйжада калктын саясий аң-сезими жогорулабай, социалдык ажырым алыстай берген.

- “Аскердик-элдик башкаруу” системасынын натыйжасында кыргыздар уруулук деңгээлдеги саясий түзүлүштөн борборлоштурулган мамлекеттүүлүктүн жана мыйзамдуулуктун (орус мамлекетинин) шартында жашоого адаптацияланышкан. Кыргыз коомундагы кылымдар бою бекем орноп келген уруулук түзүлүштөгү укумдан тукумга өтүүчү башкаруу эрежеси бузулуп, элдин аң-сезиминде демократиялык принциптердин жана түшүнүктөрдүн элементтери акырындык менен жайыла башаган. Аймактык принцип менен бөлүштүрүү жана башкаруу кыргыз урууларынын ортосундагы өз ара чабышууларды, барымталарды ж.б. трайбалисттик көрүнүштөрдү ооздуктаган. Россия империясынын Фергана чөлкөмүн административдик-аскердик жана экономикалык максатка ылайык аймактарга бөлүштүрүү саясаты андагы көчмөн кыргыздардын XIX кылымдын 90-жылдарынан тартып отурукташуусун күчөтүп, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү шарттаган. Салттуу сот бийлиги административдик бийликтен ажыратылышы соттордун саясий таасирлерге көз каранды болбоо, биринин укуктарынан бири пайдаланбоо сыяктуу принциптерди камтыган бийликтин бөлүнүшүнүн классикалык үлгүсүнө өтүүгө багыт алган.

Ошол эле учурда Кыргызстандын Россия империясынын “аскердик-элдик башкаруу” системасынын киргизилиши жана өрчүшү кыргыз коомчулугунун ар кайсы аспектисинде улуттук өз алдынчалуулуктун өнүгүшүн токтоткон.

Аймакта чиновниктик-бюрократиялык аппарат калыптанып, эволюцияланган. Административдик-аймактык бөлүштүрүү империянын метрополиядагы аскердик, административдик кызыкчылыктарына жана аймактын экономикалык ресурстарын арзан жана “эффективдүү” пайдаланууга ылайык ишке ашып, улуттук өзгөчөлүктөр эске алынган эмес. Фергана өрөөнүндө кыргыздардын, өзбектердин, тажиктердин ортосундагы аймактык маселелер чечилген эмес. Орус начальниктеринин жана жергиликтүү элдик администрациянын ортосунда коррупциялык иштер күчөгөн. Кыргыз коомчулугундагы шайлоо процедурасынын жүрүшүндө шайлоонун принциптерин бузган жапайы аракеттер, мурда болуп көрбөгөн паракорчулук иштер жайылган. Шайлоолор жергиликтүү башкаруу органдарына акчалуулардын келишине жол ачкан. Көпчүлүк учурда жергиликтүү башкаруу кызматтарын татыксыз башкаруучулар ээлеп калышкан. Элдик соттордун ишмердүүлүгүндө коррупциялык элементтер күч алып, аларга калктын ишеними улам барган сайын төмөндөгөн. Элдик сотторго нааразычылыктар пайда болуп, алардын үстүнөн даттануулар көбөйгөн. Айылдык башкаруу органынын өкүлдөрү орус мыйзамдарына жана өздөрүнүн башка мүмкүнчүлүктөрүнө, күчтөрүнө (рычагдарына) таянып элдин үстүнөн эзүүсү күчөтгөн.

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:**

1. Эл аралык деңгээлдеги илимий проекттерди жүргүзүүдө Фергана облусунун административдик түзүлүшүн, алардын территориялык чегин, калктын этникалык курамын эске алуу зарыл;

2. Учурда ишке ашып жаткан административдик-аймактык реформаларды жүргүзүүдө айыл-кыштактардын аталыштарын, тарыхый ордуларын сактоо жана чарбалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык жүргүзүү сунушталат.

# ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАР ЖАНА КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

## I Тарыхый булактар

Архивдик булактар

*Өзбекстан улуттук архиви (2019-ж. чейин Борбордук мамлекеттик архиви)*


1. Выборы лиц туземной администрации [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 1779, л. 104.
2. Жители Саруйской волости Наманганского уезда на неправильные выборы волостного управителя [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 1283, л. 1.
3. Копии приказов уездным начальникам [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 9820, л. 176.
4. Копии приказов уездных начальников [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 9696, л. 20.
5. Копии приказов уездных начальников [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 9960, л. 258.
6. О введение в области обществен. сбора на содержание туземной администрации [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 192, л. 4-5.
7. О вознаграждения представителей туземной администрации [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 34, л. 39.
8. О выборах волостных управителях и народных судей [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 994, л. 325.
9. О выборах должностных лиц [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 2905, л. 358, 358 обр.
10. О выборах туземной администрации по Ошскому уезду [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 5038, л. 2.
11. О выборах туземных должностных лиц по Ошскому уезду [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 10061, л. 33.

12. О назначении, перемещении, увольнении и смерти лиц туземной администрации. Часть 2-я [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 9945, л. 91.
13. О новом разграничении уездов в области [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 172
14. О переменах в личном составе волостных управителей, казиев и биев и других лиц туземной администрации [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 700, л. 246, 247.
15. О переменах в личном составе волостных, сельских... [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 881, л. 194.
16. О переменах туземной администрации [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 2608,
17. О разделение Гулчинской волости Ошского уезда на два [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 9593, л. 8, 8 обр.
18. О разделение Ферганской области на уезды [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 9593, л. 10
19. О собрании полных сведении о всех должностных лиц туземной администрации [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 451, л. 23.
20. О собрании сведении о числе волостей, аулов, аксакалство в области [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 427, л. 18-85.
21. Об удовлит. из казны содержан. аминов и аксакалов [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 203, л. 7.
22. По жалобе Нурмугаммеда Алим-Мир Калянова, Муллы Алима Усманова и Рахманкула Мусина на противозаконные действия Наукатского (Ошского уезда) волостного управителя Хасанбека Алимбекова [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 682, л. 1.
23. По жалобе пятидесятники Ичкиликской волости на незаконные поборы волостного управителя Мирзакула Султанбаева [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 1403, л. 1.

24. По требованию от уездных начальников сведени в каких селениях обществах какое число и каким содержанием они пологали бы иметь помошников селских старшин, с введением нового положения об управлении краем [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 1793, л. 13
25. Разделение Ферганской области на участки по уездам и волостям [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 33258, л. 49.
26. Со сведениями о волостных управлениях по ходатайству в области [Текст]. Национальный архив Узбекистана, Ф-И. 19, оп. 1, д. 426, л. 3, 4.

*Кыргыз Республиксынын Борбордук мамлекеттик архиви*

27. Временные правила для аульных судей [Текст]. Центральный государственный архив Кыргызской Республики, ф. 160, оп. 1, д. 105, л. 2
28. Материалы о присоединении Киргизии к России [Текст]. ЦГА КР, ф. 75, оп. 1, д. 53, л. 55.
29. О поземельно-податном обложении селения Кара-Куй Киргиз-Атинского селского общества Наукатской волости Ошского уезда [Текст]. ЦГА КР, ф. 117, оп. 1, д. 6, л. 7.
30. Об отношении военного министра Внутренних дел от 19 февраля; Указ царя об образовании Ферганской области [Текст]. ЦГА КР, ф. 160, оп. 1, д. 95, л. 6.
31. Объяснительная записка к положению и штатам военно-народного управления Семиреченской и Сыр-Даринской областей [Текст]. ЦГА КР, ф. 160, оп. 1, д. 9, С. 6
32. Проект положение об управлении в областях Туркестанского генерал-губернаторство [Текст]. ЦГА КР, ф. 160, оп. 1, д. 15, л. 28.
33. Проект положения об управлении в Семирьчинской и Сырь-Дарьинской областях [Текст]. ЦГА КР, ф. 160, оп. 1, д. 9, л. 126.

**Жалпы булактар**

34. R.N. «Кара-киргизское самоуправление [Текст] // Туркестанские ведомости. – 1906. - №149

35. Адресная справочная книга Ферганской области [Текст], г. Скобелев, 1912
36. Алибий. Сайлау (Из путевых заметок) [Текст] / Алибий // Туркестанские ведомости. – 1905. - № 58.
37. Апилов, Б. Барпы: Чыгармалар [Текст] / Б.Апилов. - Б.:, 2008 – 384 б.
38. Аулиеата [Текст] // Туркестанские ведомости. – 1905. - №149.
39. Байзаков, Т. Барпы Алыкулов - Тандалмалар [Текст] / Т.Байзаков. – Ф.: Кыргызстан, 1984. – 272 б.
40. Венюков, М.И. Международные вопросы в Азии [Текст] / М.Венюков // Русский вестник. – 1877. №6
41. Венюков, М.И. Опыт военного обозрения русских границ в Азии [Текст]. М. Венюков. – СПб.: 1873.
42. Вощинин, В. Очерки нового Туркестана. Свет и тени русской колонизации [Текст] / В. Вощинин. – СПб., 1914. – 86 с.
43. Высочайше утвержденное Временное Положение об управлении Туркестанской области. 6 августа 1865 года // Полное Собрание Законов Российской Империи: Собрание 2-е. [Текст]. – СПб.: Тип. 2-го Отдния Собств. Е.И.В. Канцелярии, 1867. – Т. 40. – Отд. 1. – С. 876-881. – № 42372
44. Гирс, Ф.К. Отчет ревизующего по высочайшему повелению, Туркестанский край, тайного советника Гирса [Текст] / Ф.К. Гирс. – СПб., 1883. – 463 с.
45. Гродеков, Н.И. Киргизы и кара-киргизы Сыр-Дарьинской области [Текст] / Н.И. Гродеков. – Ташкент, 1889. - Т.1. – Юридический быт. – 503 с.
46. Давлетшин, А. Отчет капитана Давлетшинина по командировке в Туркестанский край и степные области для ознакомлении с деятельностью народных судов – СПб, 1901
47. Ежегодник Ферганской области, том I, выпуск 1902 года [Текст]. – Новый Маргелан, 1902
48. Ежегодник Ферганской области, том II, выпуск 1903 года [Текст]. – Новый Маргелан, 1902

49. Загряжский, Г.С. Заметки о народном самоуправлении у кара-киргизов [Текст] / Г.С. Загряжский // Материалы для стат. Туркестанского края: Ежегодник. – 1874.- Вып. 3.- С.362-371.
50. Загряжский, Г.С. О народном суде у кочевого населения Туркестанского края, по обычному праву (заң) [Текст] / Г.С. Загряжский // Материалы для статистики Туркестанского края. Ежегодник. Вып. 4. – СПб.: 1876
51. Загряжский, Г.С. Юридические обычаи киргизов [Текст] / Г.С. Загряжский // Материалы для стат. Туркест. края. – СПб, 1876. – Вып.4.- С.151-190.
52. Кауфман, К.П. Проект всеподданнейшего отчета генерал-адьютанта К.П. фон-Кауфмана 1-го по гражданскому управлению и устройству в областях Туркестанского генерал-гебернаторства. 7 нояб. 1867 –25 марта 1881 г. [Текст] / К.П. Кауфман. – СПб.: Воен.- учеб. ком.Глав.штаба, 1885. – 503 с.
53. Материалы по землепользованию кочевого киргизского населения южной части Ферганской долины (Ошский, Скобелевский и Кокандский уезды). [Часть 2.] Ташкент, 1915
54. Материалы по киргизскому землепользованию: Ферганская область: Андижанский уезд. – Ташкент, 1913.- 38 с.
55. Местный народный суд в Туркестане // Туркестанский сборник. - Том. 495
56. Молдо Нияз, Санат дигарстар [Текст]. – Б., 1993.
57. Молдо Талып Орус келүү менен болгон өзгөрүүлөр [Текст] / Талып Молдо // Кыргыздар. - Бишкек, 1993.- 2 Т.
58. Мусаев, С. Акылман Калыгул: ырлар, акыл-насааттар, даректүү баяндар, илимий изилдөөлөр [Текст]. С. Мусаев, А. Акматалиев. – Б.: 2000. – 272 б.
59. Памиры и Сарыкол (Очерк возникновения, развития и современного положения Памирского вопроса) [Текст] / Составил генерального штаба капитан Зайченко / - Ташкент, 1903.
60. Обзор Ферганской области за 1898 год [Текст]. - Новый Маргелан, 1900
61. Обзор Ферганской области за 1899 год [Текст]. - Новый Маргелан, 1901

62. Пален, К.К. Отчет по ревизии Туркестанского края, произведенный по высочайшему повелению сенатором графом К.К.Паленом. Народные суды Туркестанского края [Текст] / К.К. Пален. – Спб., 1909. – 309 с.
63. Пален, К.К. Отчет по ревизии Туркестанского края, произведенный по высочайшему повелению сенатором графом К.К.Паленом. Сельское управление: русское и туземное [Текст] / К.К. Пален. – Спб., 1910. – 226 с.
64. Первая всеобщая перепись населения Российской империи 1897 г. LXXXIX. Ферганская область [Текст]. - СПб, 1904
65. Положение об управлении Туркестанского края [Текст]. - СПб, 1886.
66. Приказы по войскам, действующим в бывшем Кокандском ханстве от 6 марта 1876 года, №30 [Текст] / Туркестанские Ведомости, – Ташкент, 1876 г., №13
67. Русский Туркестан, - Ташкент, 1898 г. №3
68. Сооронов О. Залкар акындар: Токтогул [Текст] / О.Сооронов. – Б.: “Бийиктик” плюс”, 2015. – 304 б.
69. Список населенных мест Ферганской области [Текст]. - Скобелев, 1909.
70. Статистический обзор Ферганской области за 1904 г. [Текст]. - Скобелев, 1905.
71. Статистический обзор Ферганской области за 1906 г. [Текст]. - Новый Маргелан, 1908
72. Статистический обзор Ферганской области за 1911 г. [Текст]. - Скобелев, 1914.
73. Статистический обзор Ферганской области за 1913 г. [Текст]. - Скобелев, 1916.
74. Туркестанские Ведомости, – Ташкент, 1876 г., №18
75. Туркестанские Ведомости, – Ташкент, 1899 г., №20
76. Туркестанские Ведомости, – Ташкент, 1903 г., №12
77. Туркестанский сборник [Текст]. - СПб., 1908. – Т. 450, С. 79
78. Туркестанский сборник [Текст]. - СПб., 1908. – Т. 476, С. 188

79. Южаков, Н.Д. Итоги 27-летнего управления нашего Туркестанским краем [Текст] / Н.Д.Южаков. – Большая Подъяческая, 1891.

## II Пайдаланылган адабияттар

Жалпы адабияттар

80. Абаза, К.К. Завоевание Туркестана. Рассказы из военной истории Туркестана, очерки природы, быта и нравов туземцев в общедоступном изложении [Текст] / К.Абаза. – СПб. 1902
81. Абашин С.Н. Империя и местное самоуправление: идеология реформ в русском Туркестане в конце XIX - начале XX вв. // https://www.docsity.com/ru/imperiya-i-mestnoe-samoupravlenie-ideologiya-reform-v-russkom-turkestane-v-konce-xix-nachale-xx-vv/1388020/
82. Абдурахимова, Н.А. Колониальная система власти в Туркестане во второй половине XIX – первой четверти XX вв. [Текст] / Н.А. Абдурахимова, Г. Рустамова. – Ташкент: Университет, 1999. – 162 с.
83. Абрамзон, С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / Котор. С. Мамбеталиев, Д.Сулайманкулов, С.Макенов. – Б.: «Кыргызстан — Сорос» фонду, 1999. – 896 б.
84. Айтбаев, М. Историко-этнографический очерк о кыргызах по материалам севера Кыргызстана [Текст] / М. Айтбаев. – Б., 2022. – 451 с.
85. Алымбаев, Ж.Б. Туркестан крайындагы колониалдык саясаттын айрым тарыхнаамалык маселелери [Текст] / Ж.Б. Алымбаев // Наука и новые технологии. –2008. – №7–8.– С.63–66.
86. Алымбаев, Ж.Б. «Түркестан жыйнагы» – Кыргызстандын тарыхы боюнча маанилүү тарыхый булак [Текст] / Ж.Б. Алымбаев // *Вопр. истории Кыргызстана*. –2008. – №1. – 101–104 б.
87. Алымбаев, Ж.Б. Колониалдык доордогу шайлоо системасынын айрым тарыхнаамалык маселелерине карата [Текст] / Ж.Б. Алымбаев // Вестн. Кырг. нац. ун-та им. Ж.Баласагына. – 2008. – Вып. 7. – С. 43 – 47.

88. Алымбаев, Ж.Б. Кыргызтаануу тармагынын жаралышы, изилдөө багыттары XVIII к. экинчи жарымы – XX к. башы [Текст] / Ж.Б. Алымбаев // Туркияда Кыргыз таануу. – Анкара. 2019. – 28-29 бб.
89. Алымбаев, Ж.Б. Общественно-политическая жизнь кыргызов в русской историографии второй половины XVIII – начала XXвв. [Текст] /Ж.Б. Алымбаев. – Бишкек: Б.и., 2009. – 284 с.
90. Алымбаев, Ж.Б. Туркестандагы колониалдык саясат жана Фергана өрөөнүндөгү 1916-жылдагы көтөрүлүштүн башталышы [Текст] / Ж.Б. Алымбаев // Кыргыз-Турк «Манас» университетинин коомдук илим. журн. – 2007. – №17. – 75–84 б.
91. Арзамаскин Ю.Н., Принцип историзма в научном исследовании [Текст] / Ю.Н.Арзамаскин // Вестник военного университета. 2011, № 3 (27).
92. Блок, М. Апология истории или Ремесло историка [Текст] / М. Блок. – 2-е изд., доп. - М.: Наука, 1986. – 254 с.
93. Галузо, П.Г. Туркестан – колония (Очерки истории Туркестана от завоевания русскими до революции 1917 г.) [Текст] / П.Г. Галузо. – М.: Ком. ун-т труд. вост.,1929. – 164 с.
94. Глущенко Е.А. Россия в Средней Азии: завоевания и преобразования.-М. 2010
95. Джамгерчинов, Б.Д. Очерки политической истории Киргизии X1X в. [Текст] / Б.Д. Джамгерчинов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1966. – 429 с.
96. Джамгерчинов, Б.Д. К вопросу о присоединении Киргизии к России [Текст] / Б.Д. Джамгерчинов // Изв. Кирг. филиала АН СССР. – Фрунзе, 1947. - Вып. 7.
97. Джамгерчинов, Б.Д. Присоединение Киргизии к России [Текст] / Б.Д. Джамгерчинов. – М.: Издательство социально-экономической литературы, 1959. – 436 с.
98. Джуманалиев, А. Политическая история Кыргызстана. (Становление политической системы кыргызского общества в 1920-1930-е годы) [Текст] / А. Джуманалиев. – Бишкек: Б.и., 2002. - 399 с.

99. Жакыпбеков, Ж. Историография проблем истории Кыргызстана во второй половины XIX – начала XX веков. (Опыт, перспективы изучения) [Текст] / Ж. Жакыпбеков. – Бишкек: Кырг. гос. нац. ун-т, 1995. – 95 с.
100. Жакыпбеков, Ж. Социально-экономическое и политическое развитие Кыргызстана во второй половине XIX- начала XX вв. Историография проблемы [Текст] / Ж. Жакыпбеков. - Бишкек: Илим, 2003. - 287 с.
101. Зима, А.Г. Земельная политика царизма в Киргизии [Текст] / А.Г. Зима // Тр. Кирг. пед. ин-та. - Фрунзе, 1947. - Т.2, вып. 7.
102. Ильясов, С.И. Земельные отношения в Киргизии в конце XIX – начале XX вв. [Текст] / С.И. Ильясов. – Фрунзе: Изд-во Акад. наук КиргССР, 1963. - 446 с.
103. Ипполитов, Г.М. Объективность исторических исследований; достижима ли она? Дискуссионные заметки [Текст] / Г. М. Ипполитов. // Известия Самарского научного центра Российской академии наук. – 2006. –Том.8. – №3. – 676-689 с.
104. Исхаков, Ф. Национальная политика царизма в Туркестане (1867-1917 гг.) [Текст] / Ф. Исхаков. – Ташкент: Фан, 1997. - 232 с.
105. Кененсариев, Т. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917) [Текст] / Т.Кененсариев. – Бишкек: 2019. – 760 б.
106. Кененсариев, Т. Кыргызстандын Орусияга каратылышы [Текст] / Т. Кененсариев. – Бишкек: 1997. – 360 б.
107. Кененсариев, Т. Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане [Текст] / Т.Кененсариев. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 288 с.
108. Ковальченко, И.Д. Методы исторического исследования [Текст] / И. Д. Ковальченко. – М.: Наука, 1987. - 483 с.
109. Кожоналиев С.К. Обычное право [Текст] / С.К.Кожоналиев. – Выступ. ст. Т.К.Чоротегина. – Б.: Фонд “Сорос Кыргызстана”, 2000. – 332 с.
110. Кожоналиев С.К. Суд и обычное уголовное право у киргизов до Октябрьской революции [Текст] / С.К. Кожоналиев. – Фрунзе, 1963

111. Кожоналиев С.К. Суд и уголовное право киргизов [Текст] / С.К.Кожоналиев. – Алмата, 1967
112. Костенко, Л.Ф. Туркестанский край. Опыты военно-статистического обозрения Туркестанского военного округа [Текст]. Материалы для географии и статистики России. – В 3-х томах. – СПб.., 1880
113. Краф, Н.И.  Судебные системы в Туркестанском крае и Степных областях [Текст] / Н.И. Краф. – Оренбург: 1898. – 210 с.
114. Крылов, Г.А. Этимологический словарь русского языка [Текст] / Г.А. Крылов. – СПб., 2005. – 432 с.
115. Кусайынулы, К. История Туркестанского края в эпоху царизма [Текст] / К. Кусайынулы. – Алматы: Казак ун-ти, 2005. – 162 с.
116. Кушнер, П. Горная Киргизия (социологическая разведка) [Текст] / П. Кушнер. – М:, 1929. – 132 с.
117. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу тарых илимин өнүктүрүү боюнча Комиссияны уюштуруу жана Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарынын “Мурас” Фондун түзүү жөнүндө, 2024-жылдын 28-февралындагы ПЖ№47 Жарлыктардын редакцияларына ылайык
118. Кыргызстандын тарыхы. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин. Үч томдук. Экинчи том. XVIII –XIX кылымдар [Текст]. - Б.: “Кут-Бер”, 2016. - 26-34 бб.
119. Лаврентьев, В. Капитализм в Туркестане. Буржуазная колонизация Средней Азии [Текст] / В. Лаврентьев. – М.: Изд-во Ком. Акад., 1930. – 160 с.
120. Литвинов В.П. Эволюция имперской системы военно-народного управления в Средней Азии в последней трети XIX [Текст] / В.П. Литвинов. // Власть. – 2023. №4. – С. 210-2018
121. Макшеев, А.И. Исторический обзор Туркестана и наступательного движения в него русских [Текст] / А.И. Макшеев. – СПб.: Воен. тип., 1890. – 376 с.

122. Махмудов, Н.Б. “Особо высочайшее наставление” и “высочайше утверждённа инструкция” для сенаторско ревизи К.К.Палена: историко-источниковедческий обзор [Текст] / Н.Б. Махмудов // Метаморфозы истории. - 2017.- № 10.- с. 255-265
123. Махмудов, Н.Б. Историко-источниковедческий обзор отчетов ревизии сенатора К.К.Палена [Текст] / Н.Б. Махмудов // Метаморфозы истории. - 2019.- № 13.- с. 125-150
124. Медушевская, О. Методология истории [Текст] / О. Медушевская, М. Румянцева. – М.: ИАИ РГГУ, 1997. - 72 с.
125. Муравейский, С. Очерки по истории революционного движения в Средней Азии [Текст] / С. Муравейский. – Ташкент: Б.и., 1926. - 37 с.
126. Парфенов И.Д. Методология исторической науки: курс лекции. – Саратов, 2001;
127. Плоских, В.М. Очерки патриархально-феодальных отношений в Южной Киргизии (50-70-е годы 19 в.) [Текст] / В.М. Плоских. – Фрунзе: Илим, 1968. – 150 с.
128. Покровский, М.Н. Дипломатия и войны царской России в XIX столетии [Текст] / М.Н. Покровский. – М.: Красная новь, 1924. - 392 с.
129.Романовский, Д.И. Заметки по среднеазиатскому вопросу [Текст] / Д.И. Романовский. – СПб., 1868. - 291с.
130. Салиев А.С. Очерки истории судебной политики царизма в кочевых регионах Туркестана (по архивным, правовым и иным материалам) [Текст] / А.С.Салиев. – Бишкек, 2014. – 431 с.
131. Сапаралиев, Д. Система управления кыргызов в составе Российской империи (1855-1917гг.) [Текст] / Д.Сапаралиев // «Манас» ун-нин коомдук илим. журн. - 2004. – №12.- 46-47 с.
132. Сапелкин, А.А. Аграрные отношения в Киргизии в начале XX века (1900-1917гг.) [Текст] / А.А. Сапелкин. – Фрунзе: Илим, 1977. - 281 с.
133. Сафаров, Г.И.Колониальная революция (Опыт Туркестана) [Текст] / Г.И. Сафаров. – М.: Госиздат, 1921. - 168 с.

134. Серебренников, А.Г. Туркестанский край. Сборник материалов для истории его завоевания [Текст]. – Т., 1912-1915. –Т. I-XVIII
135. Смоленский И.И. Теория и методология истории: курс лекции [Текст] / И.И. Смоленский. – М.: 2007
136. Солтоноев, Б. Кызыл кыргыз тарыхы [Текст] / Б. Солтоноев. – Бишкек: Учкун, 1993.- 2-кит.- 224 б.
137. Сооданбеков, С. Общественный и государственный строй Кокандского ханства [Текст] / С.Сооданбеков. – Бишкек, 2000. – С
138. Талып Молдо. Орус келүү менен болгон өзгөрүүлөр [Текст] / Т.Молдо // Кыргыздар. – Бишкек, 1993. – Т.2 –
139. Теория и методология истории [Текст] / [В.В. Алексеев, Н.Н. Крадин, А.В. Коротаев, Л.Е. Гринин]. – Волгоград: Учитель, 2014. – 504 с.
140. Терентьев, М.А. История завоевания Средней Азии. С картами и планами. [Текст]: в 3-х т. / М.А. Терентьев. – СПб.: Комаров, 1906. – Т.1. - 510 с.; Т.2. - 547с.; Т.3. - 496 с.
141. Тойнби, А.Дж. Постижение истории [Текст]: пер. с англ. / А.Дж. Тойнби. – М.: Прогресс, 1991. - 736 с.
142. Усенбаев, К.У. Общественно-экономические отношения киргизов (вторая половина XIX – начало XX вв.) [Текст] / К.У. Усенбаев. – Фрунзе: Илим, 1980. – 321 с.
143. Усенбаев, К.У. Присоединение южной Киргизии [Текст] / К.У. Усенбаев. – Фрунзе: Киргосиздат, 1960 – 190 с.
144. Үсөнбаев, К. Революциянын таңында. Кыргыз эли революциянын жалындуу күндөрүндө [Текст] / К.Ү. Үсөнбаев. – Фрунзе, 1974. – 132 б.
145. Февр Л. Бои за истории [Текст]: пер. с фр. / Л. Февр. – Москва, 1991
146. Фиолетов, Н. Судопроизводство в мусульманских судах Средней Азии. Суды казиев [Текст] / Н.Фиолетов. – Ташкент, 1916. - 415 с.
147. Хасанов, А. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70-х годах XIX в. [Текст] / А. Хасанов. – Фрунзе: «Киргизучпедгиз» 1961. - 183 с.

148. Центральная Азия в составе Российской империи [Текст] / [С.Н.Абашин, Д.Ю. Арапов, Н.Е. Бекмаханова и др.]. – М.: Новое литературное обозрение, 2008. – 464 с.

Диссертациялар жана авторефараттар

149. Абдурахимова, Н.А. Колониальная система власти в Туркестане (вторая половина XIX – начало XX вв.) [Текст]: автореф. дисс. д-ра ист. наук / Н.А.Абдурахимова. – Ташкент, 1994.
150. Абдурахимова, Н.А., Колониальная система власти в Туркестане во второй половине XIX – начале XX в. [Текст]: диссер.док.ист.наук / Н.А. Абдурахимова. – Ташкент, 1994.
151. Бөрүбашев, Б.И. Государственно-правовое регулирование общественных отношений кыргызов в составе Российского государства (1855-1917 гг.) (Историко-правовое исследование) [Текст]: автореферат диссертации на соискание ученой степени доктора юридических наук / Б.И.Бөрүбашев. – Бишкек, 2009
152. Васильев, Л.В. Становление и развитие системы управления туркестанского края 1856-1886 гг.: Дисс.кан.ист.наук.-М., 1999
153. Зайнабидинов, Н.С. История развития судебной системы в Средней Азии в конце XIX - начале XXвека [Текст]: автореф.дис.канд.ист.наук / Н.С. Зайнабидинов.– Ташкент, 2006
154. Маматова, А Б. Россия империясынын Кыргызстандагы административтик саясаты (XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башы) [Текст]: автореф. дис... канд.ист. наук / А.Б.Маматова. - Бишкек, 2012
155. Маматова, А.Б. Россия империясынын кыргызстандагы административдик саясаты (XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башы) [Текст]: тарых ил. канд.окум. дар. алуу үчүн жазылган диссертациясы / А.Б.Маматова. – Бишкек, 2012.

156. Рахимкулов, Д.А. История института старшин в Казахстане (20-60 гг. XIXв.) [Текст]: автореф. дис.… канд. ист. наук / Д.А. Рахимкулов. – Алматы, 2010. - 22 с.
157. Рустамова, Г.К. Колониальная сущность царской и большевистской власти в Туркестана (1867-1924 гг.) [Текст]: автореф. дис. … канд. ист. наук / Г.К. Рустамова. – Ташкент, 2000. - 22 с.
158. Слесарев, С.М. Государственая политика по отношению к традиционному судопроизводству по нормам обычного права Кыргызстане во второй половине XIX-начале 30-х гг. XX в. [Текст]: автреф.дис.канд.ист.наук / С.М.Слесарев. – Бишкек, 2015
159. Содыков, Х.Д. Колониальная политика царизма в Туркестане и борьба за национальную независимость в начале XX века [Текст]: автореф. дис. ... д-ра ист. наук / Х.Д. Содыков. – Ташкент, 1994. – 36 с.
160. Содыков, Х.Д. Политико-административное устройство Туркестанского генерал-губернаторства (1867-1917 гг.) [Текст]: автореф. дис. канд. ист. наук / Х.Д.Содыков. - Ташкент, 1973. – 21 с
161. Соколов, В.В. Туркестанский край в составе Россиской империи вторая половина XIX в - февраль 1917 года. Проблемы социально-экономического и общественно-политического развития [Текст]: дисс. д-ра ист. наук / В.В. Соколов. – М., 2002
162. Ташболотова, С. Переселенческая политика царизма Туркестане во второй половине XIX - начале XX вв. (на материалах Семиреченской и Ферганской областей) [Текст]: автореф. дис. канд. ист. наук / С.Ташболотова. – Бишкек, 2012. – 2 с.
163. Тиллебаев, С.Б. Система админстративно-территориального управления в Туркестанском крае в конце XIX - начале XX вв. и участие в ней представителей местного населения (на примере Ферганской области) [Текст]: Автореф. дис. канд. ист. наук // С.Б.Тиллебаев. – Ташкент, 2006. – 21 с.

164. Токтакун кызы Г., Кыргыздардагы сот системасынын тарыхы (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы) [Текст]: Дисс. т.и.к. – Бишкек, 2021
165. Ураков, Д.Ж. Официальные отчеты российской администрации в Туркестане как исторический источник (конец XIX- начало XX вв.) [Текст]: автореф. дис. канд. ист. Наук / Д.Ж.Ураков. – Ташкент, 2005.-23 с.
166. Файзуллаева, М.Ш. Позднефеодальный малый город Чуст в конце XIX- начале XX вв. [Текст]: автореф. дис. канд. ист. наук / М.Ш. Файзуллаева. – Худжант, 2010. 23 с.
167. Шушкова, М.Е. Организация управления Туркестаном в начале XX века [Текст]: авторефер.на.соис.канд.ист.наук / М.Е.Шушкова. – М., 2015. – 28 с.